74.261.8(кор)
А 55

АЛЫМОВ Б.
МОМУНАЛИЕВ С.

ЛИРИКАЛЫК ЧЫГАРМАЛАРДЫ ОКУТУУ

164066
БИБЛИОТЕКА
Ошского государственного
университета
ИНВ № 912860

ОШ — 1998

№ 489 1800 К-А

А — 59

Бек Алымов, Сатканбай Момуналиев
А — 59 ЛИРИКАЛЫК ЧЫГАРМАЛАРДЫ ОКУТУУ
V—VIII класстардын материалдарынын негизинде//Кыргыз тили жана адабияты адистигиндеги студенттер менен мектеп мугалимдери үчүн окуу куралы.—Ош: ОшМУ, 1998. —112 б.

ISBN 9967 — 505 — 03 — 6

Жалпы редакциялаган — профессор *Бек Алымов*

Адис редактору — ф. и. к. доцент *А. Жалилов*

Сын-пикир ээлери:

А. Садыков — УИАнын мүчө-корреспонденти, ф.и.д., профессор
К. Асаналиев — ф.и.д., профессор
Ж. Шериев — профессор, ф.и.к.
Б. Алышев — профессор,п.и.к.

Кыргыз Республикасынын билим, илим жана маданият министрлигинин алдындагы окуу китептерин жарыялоо боюнча түзүлгөн эксперттик комиссия басууга сунуш кылган.

Окуу куралында мектептеги Кыргыз адабияты предметинин ири жанрларынын бири болгон лирикалык чыгармаларды V—VIII класстарда үйрөнүүнүн илимий-методикалык негиздери: төкмөлөр Ысак Шайбеков, Калык Акиев, кесипкер адабияттын алгачкы өкүлдөрү: Жоомарт Бөкөнбаев, Мукай Элебаев, Мидин Алыбаев, Алыкул Осмонов жана Расул Гамзатов, Сооронбай Жусуев, Байдылда Сарногоев сыяктуу азыркы мыкты акындардын чыгармаларынын мисалында иштелди.

Китеп адабият мугалимдерине жана филология факультетинин студенттерине арналат.

А 4306010400 — 98

ББК 74.261.8

ISBN 9967 — 505 — 03 — 6
© Б.Алымов, С.Момуналиев, 1998.
© КР БИММ, ОшМУ,1998

КИРИШҮҮ

Өзүнүн келечегин ойлогон ар бир коом, биринчи иретте, өсүп келе жаткан жаш муундарга кам көрөт, алардын жан дүйнөсүнүн аруулугуна, көз караштары менен ой өрүштөрүнүн кеңдигине жетишүүгө умтулат. Коомдун өнүгүп-өскөндүгү анда жашагандардын маданиятынын деңгээлинен, ушул балдарга жасаган мамилесинен, аларга түзүп берген шартынан ачык-айкын көрүнөт.

Канткенде адамды тарбиялап өстүрөбүз? Адамды адамдыкка эмненин жардамы менен тарбиялайбыз? Адамды тарбиялаш үчүн эмнени аткарышыбыз зарыл? Тээ атам заманданбери бул суроолор ар бир муундун алдына коюлуп, адамзатты түйшөлтүп келет. Адам коому жашап турганда көйгөйлүү бул суроонун коюлганы коюлган. Бута ар бир доордун даанышман уулдарынын жооп издегени издеген.

Атам заманданбаштап биздин ата-бабаларыбыз адамды тарбиялоонун өзүнчө мектебин ачкан. Ал мектеп-сөз мектеби, өлбөс-өчпөс, түбөлүктүү, улуу сөздүн мектеби, ал мектеп - сөз өнөрү. Өздөрүнүн уул-кыздарына сөз менен, сөздүн кудурети менен жаралган көркөм дүйнө аркылуу таалим-тарбия берип келген. "Бою бир карыш, ою — миң карыш" макал-лакаптардан, учкул сөздөрдөн, жан эргиткен ырлардан, узун түндү кыскарткан жомоктордон тартып, көлөмү менен гана дүйнө элин таң калтырбай, көркөмдүгү менен да тамшанткан "Манас" жомогу элдин көңүлүн көтөрүүчү көркөм чыгарма, элдин басып өткөн оош-кыйыш жолун көрсөтүүчү көркөм тарых гана эмес, чыныгы адам кандай болуш керек деген суроого берген жообу, таалим-тарбия берүүнүн эң мыкты мектеби да болуп келген. Кыргыздын ар бир уулу Манастай, ар бир кызы Каныкейдей болууга умтулушкан. Дене, келбети жагынан окшобосо да, руху, ой-максаты, элге-жерге кызмат кылуу жагынан окшошууга аракет кылышкан. Натыйжада, тарыхтын түрдүү сыноосунан майышса да, сынбай өтүп, Ата журтун, тилин, маданиятын көздүн карегиндей аспиеттеп, аны бүгүнкү күнгө жеткирди.

Сөздү баккан, сөздү кадырлаган, сөздү өнөр туткан уул-кыздарын элибиз абдан урматтаган. Камчысынан кан тамган бийлик ээлери да таамай, курч сөзгө тен беришкен, жыгылыштуу болушкан, артылтып камчы чапканга батынышпаган. Анткени бул таланттар калайык калктын сүймөнчүктөрү болушкан. Алар өндү көрсө, жүз тайбай, дилинде эмне болсо, тили менен ошону айтышкан. Мына ушунусу менен күчтүү, мына ушунусу менен атак-даңктуу инсандарга айланышкан. Өлбөс-өчпөс болуп эл оозунда түбөлүк жашап калышкан. Ар бир айылдын өзүнүн ырчысы, шайыры, чечени, сын-

чысы, даанышманы болгон. Ырамандын ырчы уулу даарып кеткен пенде бир сайдын, бир дубандын гана эркеси эмес, атпай кыргыз журтунун эркесине айланган. Толубай сынчы, Токтогул ырчы, Жээренче чечен, Акыл Карачач, Асан кайгылардын тагдыры-бүга ачык күбө. Албетте, элибиз-ыр жандуу эл, оюн-шоокту, той-тамашаны жаныңдай сүйгөн эл. Алмадай башына миллион салты кат-сабатсыз, жазуу-сызуусуз эле кылымдан кылымга сактап калуунун өзү эле эмне деген эрдик, эмне деген таланттуулук! Бирок бул - бир эле алп таланттын ээлеринин эрдиги эмес, жалпы кыргыз журтунун эрдиги, даанышмандыгы, айкөлдүгү. Эгер эл өнөр ээсин кадырлабаса, анын колу-жолун көр тириликтен бошотуп, сөздү гана "багышына", сөздү гана аспиеттешине, сөздү гана өнөр тутушуна шарт түзүп бербесе, ал көркөм дөөлөттөр жаралат беле, жаралса да, бизге жетет беле, ким билет?

Ошентип, адабият-адамды тарбиялоодогу эң күчтүү, эң таасирдүү, эң зарыл каражаттардын бири экендиги баарыбызга маалым. Тилекке каршы, түздөн-түз адамды таануунун, адамды тарбиялоонун бул илимин коомубуз жемиштүү пайдалана алган жок. Мунун себеби да түшүнүктүү. Анткени буга чейинки биздин коом идеяга негизделген, идеяга таянган, идеяны жетекчиликке алып жашап келген коом экендигин азыр эч ким танбайт. Биздин коом атуулдардын баарынан бир гана нерсени дайым талап кылып келген. Ал — социалисттик жашоо ыңгайын көкөлөтө мактоо, ал —адамзаттын бактылуу келечегин, коммунизмди, курууга үндөө. Мына ушул өңүттөн бир аз четтеген адамдардын башына эмне деген балээлер үйүлгөндүгүн кечеги эле тарыхыбыздан бүгүн көрүп отурабыз.

Мезгил сынагынан өтүп, кылымдарды карытып, бизге жеткен элдик оозеки чыгармалардан өткөндү даңазалаган, пантүркизмди, панисламизмди көкөлөтүп мактаган деген мотивдерди таап, жарыкка чыгарылбашы, кыргыз элинин өткөнүн, учурун, келечегин ырга салган даанышман ойчулдарын "Замана" агымынын өкүлдөрү деп, алардын көркөм мурастарынын танылышы, тарыхый окуя, тарыхый инсандардын тагдырларына арналган чыгармаларды жаратканлардын күнөөлөнүшү, турмушубуздун көлөкө жактарын чагылдырган чыгармалардын басылбай, авторлорунун куугунтукка алынышы сыяктуу биздеги буйрукчул-акимчил системанын зомбулугу бүгүн гана ашкереленди.

Биз сөз кылмакчы болгон лирика-адабий жанрдын эң татаал, ошону менен бирге эле эң кеңири тараган түрү. Ал башка адабий жанрлардан адам турмушун ар дайым коштоп жүргөндүгү, чакандыгы, оперативдүүлүгү, "атка жеңил, тайга чактыгы" менен айырмаланат. Ар кандай пенде кубанганда да, кайгырганда да ырга кайрылат. Өрөпкүткөн сүйүнүчүн да, жүрөктү эзген күйүтүн да ырга

батырат. Ар кандай жанрдагы көркөм дөөлөт сөздүн жардамы менен жаралат, сөз—бардык көркөм чыгарманын жаралышынын негизги шарты. Ал эми лирикадагы сөз прозадагы, драмадагы сөзгө караганда салмактуу да, сыймдуу да, жыйынтыктуу да, көркөм да келет. Ырдагы сөздүн дагы бир өзгөчөлүгү — туруктуу маанисинен тышкары, тагыраак айтканда, көп маанилүүлүк касиетке ээ экендиги. Биз күндө эле угуп, колдонуп жүргөн сөз акындын ырында өз ордун таап, окурмандын сезимине күчтүү таасир этүүчү күчкө айланат. Акындын сөзү контекстте сөздүктөгү маанисинен таптакыр башка мааниге ээ болуп чыга келет. Демек, ырды түшүнүү дегендик — бул сөз менен иштей билүү, сөздүн ар түрдүү маанилерин чечмелөө, сөз байлыгына ээ болуу. Поэзияга кумары артып, ышкы түшүү, поэзияны жан-дили менен сүйүү — адамгерчиликти, адам баласы иштеп чыккан рухий дүйнөнү, айлана-чөйрөсүндө, жер шарында болуп жаткандарга кайдыгер болбой күйүп-жанган сезимталдыкты сүйүү. Анткени чыныгы поэзияда даанышмандык, боорукердик, ак көңүлдүк, чынчылдык, кооздук, сулуулук орун алат. Поэзия адамдын жан дүйнөсүндөгү жакшы ниетти, аруу тилекти ойготот. Мекен, ишеним, сүйүү үчүн жан аябай күрөшүүгө чакырат да, көңүл күшун көкөлөткөн сулуулукту, кооздукту көрө жана баалай билүүгө, аны сактап калуу үчүн колдон келгендин баарын жасоого үндөйт. Мына ушундай адамдын адамдыгын ойготууга өтө зарыл байлыктан четте калган пенде жан дүйнөсү жарды, ой чабыты мокок пенде эмеспи. Турмушубуздагы орун алган сулуулукту көрө билип , андан рахат алуу сыяктуу адамга гана таандык асыл сапаттан куру калуу кандай гана бактысыздык. Бирок өздөрүнүн мына ушундай бактысыздыгын көрбөй, билбей басып жүргөндөр канча. Мындан арылуунун бирден бир жолу — сөздүн маанисин түшүнө билүү, сөз салмагын сезе билүү, сөз кудуретине баш ие билүү. Наристе эне тилинин керемет дүйнөсүнө канчалык эрте сүңгүсө, жан дүйнөсү ошончолук аруу, таза, бийик болорун турмуш ишенимдүү далилдеп келүүдө. Мында поэзиянын орду өзгөчө, анткени поэзия— сөздүн устаканасы, ал эми акын—сөздүн зергери.

Инсандын калыптанышында эң чоң мааниге ээ лириканы үйрөнүүнү V—VIII класстарда баштоо максатка ылайыктуу экендигин тажрыйба ачык көрсөттү.Анткени мына ушул куракта бала ой чабытын өстүрүүгө мүмкүндүк берген, сөз корун байытууга өбөлгө түзгөн, ары образдуу, ары уккулуктуу, ары эсте каларлык, ары кыска сөзгө, сөз айкашына, сүйлөмгө абдан муктаж. 10—11 жаштагы баланын жан дүйнөсүнө, аң-сезимине, көз карашына күчтүү таасир этип, искусствонун тигил же бул түрүнө болгон оң мамилесин калыптабаса, ышкы — кумары канбаса, кийин өтө эле

кеч, атүгүл таптакыр эле мүмкүн эмес болуп каларын мектеп турмушу кайра-кайра далилдеп келет.

Өзүбүздүн жүргүзгөн байкоолор менен эксперименттердин, берилген суроо-тапшырмалардын, өткөрүлгөн сабактын түрлөрүнүн жыйынтыгына караганда окуучулардын ырга болгон кызыгуусу, аны өз алдынча окуусу, ага жасаган жекече мамилеси көркөм чыгарманын башка жанрларына салыштырмалуу баланын лирикага болгон мамилеси бир топ төмөн экени аныкталды. Алар ырдын жакшы, жаманын ажырата алышпайт, акындын ырды жазуусунун себебин, ырдагы акындын маанайын аныктоодо мажестик кылышат, ырдын ички мазмунуна көзү жетпей, үстүрт кабыл алып, божомолдоп айта бериши көп байкалат. Мындай жагымсыз көрүнүштүн тамыры кайда, себеби не? Бул суроого бир эле сөз менен жооп бере коюу мүмкүн эмес. Анткени мунун тамыры терең де, себеби көп.

Албетте, бул проблема окумуштуу-методисттердин, мугалимдердин көңүлүнөн сырт калган эмес, атайын иликтеп-изилдөөнүн предметине айланган. Бул маселеде өзгөчө дит коюп иштеген М.А. Рыбникова, В.В. Голубков, А.В. Никольский, Н.О. Корст, Н.Д. Молдавская, З.Я. Рез, А.А. Липаев, К.В. Мальцева сыяктуу орус окумуштуу-методисттер жана ушул китептин авторунун бири проф. Б. Алымов бар. Ал эми улуттук мектептерде бул проблемага атайын көңүл бөлгөн окумуштуу-методисттер да арбын. Алар — А.А. Шейман, Б.А. Ходжибаева, С. Акматов.

Жогоруда лириканы окутуунун бөлөк жанрларга караганда таптакыр окшобогон өзгөчөлүгү жөнүндө айттык. Республикабызда дал мына ушул өзгөчөлүккө терең үңүлүп кирүүгө аракеттенгендердин бири да колуңуздардагы эмгектин авторлорунун бири[1]. Ага карабастан баланын кабыл алышы үчүн татаал лириканын эстетикалык табиятына ылайык бул жанрдагы чыгармаларды талдоону бир системага келтирип, улуттук методика илиминде анын илимий-методикалык негиздерин атайын өз алдынча иштеп чыгуу зарылчылыгы туулуп олтурат.

Дегеле кыргыз окуучуларынын дүйнө кабылдоосун эске алуу менен лириканы мектепте окутуу ишинин колго алынбагандыгы, лириканы окутуудагы адабият мугалимдери кетирип жаткан жаңылыштыктар, ырды үйрөнүүнүн эффективдүү ыкмаларын ар ким

---

[1] *Алымов Б.* Кыргыз совет адабиятын окутуунун методикасы.//ЖОЖ филология факультетинин студенттери үчүн окуу китеби.—Фрунзе: Мектеп,1981.—"Лирикадан эпикага карай" деген III бөлүм, 51—118-б.; Ошол эле автордун 2-китеби.—Фрунзе: Мектеп,1984.—"Жогорку класстарда лирикалык чыгармаларды окутуу өзгөчөлүгү" деген 11 бөлүм, 49—113-бет.

өзүнчө табууга аракеттениши — мына ушунун баары колуңуздагы эмгектин жаралышына түрткү берди. Ошентип, бул эмгекте:

1. V—VIII класстарда адабият программасы сунуштаган айрым лирикалык чыгармалар биринчи жолу адабий-методикалык, дидактикалык,психологиялык-педагогикалык жактан изилденип, тиешелүү тыянактар чыгарылган.

2.V—VIII класстардын адабият сабагында лирикалык чыгармаларды үйрөнүүнүн жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрү, этаптары, ар бир этаптагы сабактын формалары иштелген.

3. Лирикалык ырлар тематикалык жактан топтоштурулуп, тигил же бул ырларды окутуунун жана аны талдоонун өзгөчөлүктөрү белгиленип, конкрет жолдору көрсөтүлгөн. Колуңуздардагы чакан иликтөө:

- орто мектептин, лицей, гимназиялардын кыргыз тили жана адабияты мугалимдерине;
- областтык жана республикалык мугалимдердин билимин өркүндөтүү институтунун кызматкерлерине;
- жогорку жана атайын орто окуу жайларында кыргыз адабиятын окутуунун методикасынан лекция окуган окутуучуларга жана филолог студенттерге;
- жалпы билим берүүчү орто мектептер үчүн кыргыз адабиятынын окуу программасын түзүүчүлөргө, окуу китептери менен окуу куралдарын жана методикалык колдонмолорду жаратуучуларга арналат.

Биринчи бап

КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫНДАГЫ ЛИРИКАНЫ ҮЙРӨНҮҮ ПРОБЛЕМАСЫНЫН ПЕДАГОГИКАЛЫК—ПСИХОЛОГИЯЛЫК ЖАНА МЕТОДИКАЛЫК ЖАКТАН НЕГИЗДЕЛИШИ

§ 1. Лирикалык чыгармаларды үйрөнүүнүн кыскача тарыхы жана анын программалардан, окуу китептеринен алган орду

Лириканы үйрөнүүнүн тарыхын адабият сабагын мектепте өзүнчө предмет катары окутуудан ажыратып карооого мүмкүн эмес. Аны окутуу Россиядагы эстетикалык жана сынчыл ойдун жалпы кыймылы менен кандайдыр бир деңгээлде байланышы да бар. Я.А.Ротковичтин орус адабиятынын методикасынын тарыхы[1] боюнча жазган фундаменталдуу эмгеги менен түзгөн хрестоматиясын мектепте адабиятты окутуунун этаптарын, оош-кыйыштары менен маанилүү бурулуштарын мүмкүн болушунча толук камтыган өзүнчө эле бир энциклопедия дешке болор эле. Анын ою боюнча, XIX кылымда поэзияны окутуудагы өзгөчөлүк атайын бөлүнүп каралган эмес. Бирок турмушту эпика жана лирика ар башка көркөм ык менен сүрөттөрүн В.И.Водовозов менен В.Я.Стоюнин өзгөчө белгилешип, ырды талдоонун конкрет тажрыйбасында турмуш чындыгын баяндоодо лириканын табиятынын бөлөкчө экенин баса көрсөтүшкөнүнө Я.А.Роткович өзгөчө маани берет[2].

В.И.Водовозов поэзияга арналган сабак аркылуу окуучулардын сезимин ойготууга жана алардын кыялдана билүүсүн калыптандырууга аракет кылган. Ал эми В.Я.Стоюнин чыгармадагы автордук ойдун кыймылын байкоого мүмкүндүк берген композицияны талдоого басым жасаган. Бирок В.И.Водовозов да, В.Я.Стоюнин да окуучулардын поэзияны кабыл алуу өзгөчөлүгүн атайын көңүл бөлүп изилдешкен эмес. Водовозов менен Стоюнин көңүл бур-

---

[1] *Роткович Я.А.* Очерки по истории преподавания литературы в русской школе.—М.:Просвещение,1953.—265 с.

[2] *Роткович Я.А.* Очерки по истории преподавания литературы в русской школе.—М.:Просвещение,1953.—293 с.

баган адабиятты окутуудагы маанилүү каражатты В.П.Острогорский баса белгилеген. Бул — чыгарманы үйрөнүүдөгү көркүү окуу менен автордун личностуна көңүл бөлүү. Булар лириканы үйрөнүүнүн маанилүү аспектиси болуп саналат.

Октябрь төңкөрүшүнөн кийин деле адабиятты окутуунун методологиялык негиздери дароо өзгөрүп кеткен жок. Биринчи жолу 1918-жылы А.В.Луначарскийдин жалпы редакциясы менен "Эмгек мектебиндеги орус тили сабагынын окуу планы" түзүлдү. Бул окуу планында эң негизги орун эмгекке берилген да, мектепте үйрөнүлүүчү көркөм чыгармалар көрсөтүлбөгөн, материалды тандоо, кайсы чыгарманы үйрөнүү жагы мугалимдин эркине коюлган. Бирок билим берүү менен тарбиялоонун негизги багыты ачык белгиленген. Мына ушул окуу планынын негизинде 1921-жылы П.Н. Сакулиндин жетекчилиги астында окуу программасы түзүлгөн. Мында адабиятты үйрөнүүнүн төрт планы сунушталып, мугалим өзүнө жаккандын тандап алууга, же аларды бириктирип, бир план түзүүгө, же өзүнүн жеке планын түзүп алууга укуктуу болгон. Адабиятты окуу курсу эки бөлүккө—пропедевтикалык жана адабий-тарыхый курс болуп бөлүнгөн. Сабактагы эң башкы багыт адабий талдоо жүргүзүү деп эсептелип, окутуунун активдүү, чыгармачыл методдору сунушталып, мектептен тышкаркы иштерге көңүл коюу жагы милдеттендирилген. Бирок бул программа көп нерсени камтый албады.

1927-жылы В.П. Переверзевдин жетекчилиги менен жаңы программа түзүлгөн. Мында адабият өзүнчө предмет катары каралган. Ортоңку класстарда (V—VII) классикалык адабияттын эң мыкты үлгүлөрү кийирилип, адабият теориясы боюнча так формулировкалар берилип, окуучулардын оозеки жана жазма кебин өстүрүү ыктарынын системасы сунушталган. Бирок жогорку класстардын (VIII—X) программасынын мазмуну менен методологиясы учурдун өктөм талабына жооп бербеди. Анткени мында революционер-демократтардын чыгармалары менен сындары четке кагылып, жаңы коомдун талапкер жазуучуларынын ичинен бир гана М. Горькийдин ысымы гана аталган да, "жаңы адабияттын тигил же бул чыгармаларын үйрөнүү анча деле зарыл эмес"[1], —деп белгиленген.

Совет доорунда адабиятты окутуунун методикасына ири салым кошкондордун бири Н.М.Соколов болгон. Ал адабий чыгарманы талдоонун түпкү максатын көркөм чыгарманы бөлүктөргө ажыратуудан эмес, образды жаратуудан көргөн.

---

[1] *Роткович Я.И.* История преподавания литературы в советской школе.—М.:Просвещение, 1976.—С.78.

Көрүнүктүү методист-окумуштуу М.А. Рыбникованын адабиятты окутуунун методикасында зор орду бар. Ал адабиятты үйрөнүүнүн конкрет методдорун чыгарманын өзгөчөлүгүн эске алуу менен тандап алуу керектигин белгилеген. "Өздөштүрүүнүн методикасы жанрдан,окуучулардын чыгармага болгон мамилесинен, көлөмүнөн, жеңил же татаалдыгынан келип чыгышы керек"[1],— деп көрсөтөт окумуштуу—методист лирикалык чыгарманын көркүтүү окулушу, драмалык чыгарманын ролдоштурулуп окулуп, сахнадан көрүлүшү, ал эми эпикалык чыгарманын иллюстрация менен коштолушу натыйжалуу экендигин баса белгилейт. Окуучулардын кыялдана билүү жөндөмдүүлүгүн өркүндөтүү, чыгармачылык ишмердүүлүккө багыт берүү, ар бир окуучунун жекече өзгөчөлүгүнө көңүл бөлүү мына ушулар жаңы типтеги мектептердеги адабиятты окутуунун негизги концепциясы болгон.

Лириканы үйрөнүү масөлесине 30-жылдардын ортосунан тартып, Н.И.Кудрящев менен Л.Т.Тимофеевдер өздөрүнүн макалаларын арнашты. Алар ырдын текстин үңүлүп окуу, бир акындын же бир нече акындын мотивдери жакын ырларын салыштырууну, ырды талдоодо көп жактуу адабий ассоциацияларды колдонууну сунуш кылышып, лириканы орус мектептеринде үйрөнүү жолун кылдат мүнөздөп чыгышкан.

Бул проблеманын үстүндө академик В.В.Голубков да көп эмгектенген. Ал: "Адабий чыгарманы үйрөнүүдө алардын жанрдык өзгөчөлүктөрүн ойдон чыгарууга болбойт, иштин кээ бир түрү жомокту, кээси аңгемени, кээ бири комедияны үйрөнүүгө ылайыктуу, ал эми лирикалык ырга өзгөчө мамиле жасоо керек"[2], — деп келип... "ырдагы сөздүү бардык маанилери менен толук кабыл алуу зарыл"[3], —деп ,ырдын муун өлчөмүнө, уйкаштыгына, ассонансына, ыр сапгары менен ырдагы сөзгө, композициясына токтолууга багыт берген.

Адабий билим берүүнүн эки баскычында тең лириканы талдоо өзгөчөлүгүнө көңүл бөлүп, өнүмдүү иштеген окумуштуу-методист З.Я.Рез болду. Ал ырды талдоо тууралуу: "Кандай гана болбосун мектептеги талдоо төмөндөгү мотивдерди өз ичине камтыйт: окулган ыр боюнча окуучулардын өз алдынча таасирлерин аныктоо; акын жараткан образды ой, кыялдын жардамы менен кайрадан жа-

---

[1] *Рыбникова М.А.* Очерки по методике литературного чтения.—; изд. М.; Просвещение,1985.—С.18

[2] *Голубков В.В.* Методика преподавания литературы.—Учпедгиз,1963.—С.151,161.

[3] Ошол эле жерде.

ратуу: ырдагы акындын негизги маанайын тактоо; автордук ой—сезимди туюу"[1].

Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы жогоруда айтылган оош-кыйыштардан, ийгилик-жетишкендиктерден сыртта калган жок.Анткени кыргыз адабиятын үйрөнүү болсун, аны окутуунун жол-жобосун өздөштүрүү болсун, совет адабиятын үйрөнүү, окутуу менен тыгыз байланышта болуп, андан азык алып, өзүнчө илим катары калыптанды.Албетте, сөз сокур туурроо жөнөндө эмес, чыгармачылык таасир, улуттук өзгөчөлүктү эске алуу менен өнүккөндүгү жөнүндө баратат.

Кыргыз адабиятын окутуунун методикасынын толук кандуу өзүнчө илим катары калыптанышына өзгөчө салым кошкон ири окумуштуу-методисттер чыкты. Алар — профессор К.Иманалиев менен ушул эмгектин авторлорунун бири. Мисалы, К.Иманалиев өз эмгектеринин биринде кыргыз адабиятын окутуунун жалпы проблемаларына токтолуу менен бирге эле, лирикаңы үйрөнүү жөнүндө:" Лирикалык чыгармаларды түшүндүргөн учурда көлөм жагынан кичине, ыр түрүндөгү, автордун ички ой-сезимин бере турган үч негизги белгисин алгач кабарлоо керек"[2], —деп белгилейт.

Кыргыз адабиятын окутуунун методикасында биз лириканын жанрдык табиятын эске алуу менен үйрөнүүнүн ыктарына өзгөчө көңүл бөлүп, "Кыргыз совет адабиятын окутуунун методикасы" деген жогорку окуу жайларынын филология факультетинин студенттери үчүн жазылган эки томдон турган окуу китебибизде, ж.б. көптөгөн эмгектерибизде кээ бир таланттуу, таанымал акындардын тигил же бул тематикадагы ырларынын мисалында иштеп чыккан-быз"[3]. Ошентип, ар кандай жанрдагы чыгармаларды окутуунун өз өзгөчөлүктөрү бар. Лирикалык чыгарманы окуткан ык менен эпикалык чыгарманы окутууга болбойт. Поэманы окуткан метод менен романды окутууга мүмкүн эмес. Драмалык чыгармаларды окутуу алардан башка"[2]. Лириканы мектепте үйрөнүүдөгү адабият мугалимдеринин иш-аракетинде орун алган кемчиликтер арбын. Алардын себептерин көрсөтүп, мыйдан арылуунун конкреттүү жолдорун

---

[1] Методика преподавания литературы. Под ред. *З.Я. Рез.*—М.:Просвещение, 1985.—С.206.

[2] *К.Иманалиев.* Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы.—Фрунзе; Мектеп, 1976.—114-б.

[3] *Алымов Б.* Кыргыз совет адабиятын окутуунун методикасы.//ЖОЖ филология факультетинин студенттери үчүн окуу китеби.—Фрунзе; Мектеп,1981.—218-б.

[4] *Алымов Б.* Кыргыз совет адабиятын окутуунун методикасы.—Фрунзе; Мектеп, 1981.—65-б.

сунуштаганбыз. "Ырдын мазмунун айтып бер деп окуучуларды кыйнаган мугалимдер менен студент-практиканттарды да тажрыйбада көп көрдүк. Аларды канчалык кыйнаба, ырдын мазмунун баланын айтып бере албасы —табигый иш"[1]. Бул лириканын жанрдык табиятын билбегендиктен, анын өзгөчөлүгүн эске албагандыктан улам болуп олтурат. Дал ушундай сабактардан кийин окуучулардын ырдан көңүлү кайт болуп, поэзиянын керемет дүйнөсүнөн кур жалак калышына алып келүүдө. Айрыкча, лирикалык чыгармалардын ичинен пейзаждык ырларды талдоонун өзгөчөлүгү бар:

"1.Пейзаждык ыр класста окулбай калууга мүмкүн эмес. Анын идеялык мазмуну, эстетикалык күчү текстти көркүү окуу менен гана ачылат.

2.Ырдын мазмунуна окшош сүрөттөрдү тандап алып көрсөтүү, ошол эле темада жазылган музыканы уктуруу—эң жакшы нерселердин бири.

3.Пейзаждык лирика жөнүндөгү сөз анализге алынган ырдын табиятына ылайык төгөрөгү төп келип, чыгарманын кооздук сапатын, эстетикалык таасирин, аны жаратуудагы акындын көркөм ыгын көрсөтүшү керек.

4.Ыр жөнүндөгү аңгеме эң биринчи сүрөттөлүп жаткан ошол табият кооздугунун фонундагы адам турмушунун маанисин, жашоонун түпкү максатын ачууга багытталышы зарыл.

5.Окулган лирикалык чыгарманын идеялык-эстетикалык мазмунун окуучулар кандай өздөштүргөнүн текшерүүчү бирден бир туура жол—ал эркин темадагы чыгармачылык сочинение жаздыруу".[1]

Айрым класста лириканы окутуу боюнча алгылыктуу сунуштар менен багыттамаларды берген методикалык иштелме К.Артыкбаев менен Б.Исаковдор түзгөн "V класста Биздин адабиятты окутуунун методикалык колдонмосу" (1988) болду. Мында тигил же бул акындын ырларын окутуунун жол-жобосу гана эмес, мына ушул класста лириканы окутуунун өзгөчөлүктөрү жөнүндө да сөз болот". Лириканы окутууда өзгөчөлүктөр төмөндөгүлөр:

1) мугалимдин көркүү окуусу;
2) окуучулардын көркүү окуусу;
3) ырды комментариялоо;
4) байланыштуу баяндоо"[2], —деп көрсөтүшкөн.

---

[2] *Артыкбаев К. Исаков Б.* 5-класста "Биздин адабиятты" окутуунун методикалык колдонмосу.—Фрунзе: Мектеп, 1988.58-б.

Бирок лирикалык чыгармаларды кыргыз мектептеринин V—VIII класстарында окутуу боюнча али такталбаган, тактоону талап кылган түйүндүү маселелер арбын: булар — лирикалык чыгармаанын табияты, акындык дүйнө таануунун өзгөчөлүгү, ыр, аны талдоонун ыктары, лириканы үйрөнүүдө окуучулардын курактык кабыл алуусун тактоо,көркөм окууга, өз алдынча окууга көнүктүрүү, алардын чыгармачылык ойлоосун жана сөз байлыгын өстүрүү, ырды үйрөнүү сабагынын этаптарын аныктоо жана ар бир этаптын мүнөзүнө жооп берген форманы табуу, лирикага байланыштуу адабият теориясы боюнча түшүнүктөрүн калыптандыруу.

Биздин мектептерде адабият өзүнчө предмет катары 30-жылдардан кийин гана окутула баштады. Кыргыз адабиятынын алгачкы программасы болуп "Айыл-кыштак башталгыч мектебинин пыргырамы" (1—4-топтор үчүн) саналат. Бул Кыргызстан Мамлекеттик басмасы тарабынан 1932-жылы чыккан. Жоопту редактору А.Токомбай уулу, редактору А.Умөталы уулу болгон. 40 беттен турат, латын тамгасында."... Акын-жазуучулардын ырынан: зоот, фабрик, айыл чарбасындагы мал жана жер чарбачылыгын көргөзгөн; сатсиалдык курулушту, эмгек баатырларын; сатсиалдык жарыш эпкиндүүлүктү; колхоз, совхоз көрүнүшү жана андагы эмгекти, тыракгыр жана айыл чарба машиналарын; интернационалдык камунисттик тарбия берүүсү; "оңчул, "солчул" жана улут шавинистери, жергиликтүү улутчулдар менен партия жол башчылыгы астында күрөштүн күчөгөндүгүн; камсомолдун иши жана баатырдыгын; пионер жана анын иш милдетин көргөзгөн; партия бүтүн дүйнө жол башчысы экендигин; бай, манап,кулактардын душман экендигин жана аларды тай катары жоюудагы чарабызды; эмгекчи аялдардын сатсыялдык курулуштагы баатырлыгын; кызыл аскерлердин баатырдыгын жана милдетин; агартуу жана маданий майданыбызды; кеңеш апаратыбызды өзгөчө көрсөтө турган, динге каршы тарбия бере турган ж.б.у.с. жөнүндөгү ыр-аңгемелердин бардыгын пайдаланууөтө зарыл болуп табылат"[1]. Бул — кыргыз адабиятын үйрөнүү боюнча түзүлгөн алгачкы программанын багыттамасы. Бирок мындан көрүнгөндөй, адабият дүйнөнү көркөм тааануу, кооздук, сулуулук, адамгерчилик, ыймандуулук сыяктуу негизги касиеттеринен ажырап, саясатты сабатсыз калкка жеткирүү каражаттарынын бирине айландырылган. Ошондуктан тамыры тереңге кетип, кылым карытып келген эл чыгармаларынын мыкты үлгүлөрү ,өтмүш, учур, келечекке кыял чабыттатып, ой тегереткен олуя инсандарыбыздын

[1] Айыл-кыштак башталгыч мектебинин пыргырамы.—Фрунзе: Кырмамбас, 1932. 27—29-б.

чыгармалары эмес, учурдун зарыл маселелерине, таптык жиктелүүгө арналган чыгармаларга артыкчылык берилип калган.

Үчүнчү топтун окуучуларына Токомбай уулу, Сасыкбай уулу, Тыныстан уулу менен Малик уулунун ар кандай тематикадагы "Пионер ыры", "Пабрик", "Пахта бышты", "Жумушчу", "Кызыл аскер", "Совхоз малы" ж.б. ырлары сунуш кылынган.

Төртүнчү топтун окуучуларына жогорудагы авторлордун ырлары жана Турусбек уулу, Жакиш уулу, Бөкөмбай уулу, Абдыкерим уулу өңдүү поэзияга жаңыдан кадам таштаган акындардын чыгармалары киргизилген.

Бирок программага кирген бул чыгармалар адабиятты окутуунун негизги максаттарына жооп бере албайт. Программада адабиятты окутуунун негизги максаттары төмөндөгүдөй аныкталган:" а) балдардын өзгөчөлүгүн жана акыл жашына карай сулуулук тарбия берүү; б) балдардын тил байкагычтарын байыта турган, тил байлыгына адистендире турган материалдарды берүү; чыгарманын тилге усталыгы, чеберчилиги, кыйындуулугу, үлгүлүүлүгү, сүйүктүүлүгү; в) адабият чыгармасынын көп түрдүүлүгү менен балдарды тааныштырууга бет алдыруу (аңгеме, лирика, ыр, жомок, тамсил, табышмак); а) тап күрөшүнүн көркөм адабият ишинде кылган таасирин балдарга түшүндүрүп байкатуу; б) көркөм адабиятты сайасый сабагына байланыштуу мурунку заманга карап; в) ар кайсы таптын акындарынын идиологиясы ар башкача болорун байкатуу (майда байчыл, пурлатарчыл); адабияттын ар кайсы чыгарма түрү менен балдарды тааныштыруу ишин жөнөтүү; 3. а) көркөм адабият сатсыалчыл курулуштун бир бөлүгү экендигин балдарга туйгузуу; б) ар кайсы таптын жазуучулары менен окуучуларды тааныштыруу иштерин жөнөтүү; в) окуучуларды жана адабияттын пормосу менен тааныштыруу иштерин күчөтүү (ураан ж.б.)"[1].

Бул багыттамалар көркөм адабияттын маани-маңызын түшүнүүгө өбөлгө гана түзгөнү болбосо, негизинен саясатка ашыкча сугарылган. Окууга сунуш кылынган чыгармалар да алдыга коюлган максаттарды жүзөгө ашырууда жармачтык кылат. Анткени тандалган ырлар көркөмдүк касиетине карай ыргалбастан, жаңыга үндөө, жанынын артыкчылыктарын даңазалоо, жаңынын артынан ээрчите алгандыгына, учурдун өктөм талабына жооп бергендигине карай тандалганы ачык эле көрүнөт. Ошентсе да, бул программанын кийинки программаларга караганда бир артыкчылыгы бар болчу. Ал артыкчылык—чыгарманы тандоого мугалимдерге укук

[1] Айыл-кыштак башталгыч мектебинин ыргырамы.—Фрунзе: Кырмамбас, 1932.—29 б.

бери иштеп жүргендиги".Биз ыргырамда адабият жөнүнөн окутула турган ыр жана аңгемелердин темелерин көрсөтөбүз. Бирок көрсөтүлгөн ыр, аңгемелер кандай болсо да окутулсун деген сөз эмес, мүмкүн балдардын жашы, акылы жагынан ар түрдүү болууда. Ошондуктан мүмкүн болгон жерде мугалим өзү кай бир ылайыктуу ыр, аңгемелердин пайдалануурга да мүмкүн"[1], —деп жазылган.

1937-жылы РСФСРда " Өспүрүмдөр мектеби үчүн" деген жаңы программа түзүлдү. Анын негизинде ушундай эле ат менен 1939-жылы бизде да жаңы программа жаралды. Тилекке каршы, бул программада адабиятка эч кандай саат берилбеген.

Согуштан кийин гана адабият өз алдынча толук кандуу окуу предмети катары каралып, кадыресе программа түзүлдү (1947). Бул программада бир топ өзгөрүүлөр, жаңылыктар бар болучу. Мында учурдун талабына үндөшкөн чыгармалардан тышкары эл ырчыларына да орун берилген. Анда Сагынбайдын "Жер сүрөтү", Токтогулдун "Үгүт ырлары", Жеңижоктун"Аккан суу", Молдо Кылычтын "Буудайык"[2] сыяктуу ырлары окууга сунушталган.

1956-жылкы кыргыз тили жана адабиятынын программасында эл ырчыларынын чыгармалары менен бирдикте элдик ырлар, эмгек, салт, коомдук темадагы ырлар да берилген. Мына ушул программа негизинен сакталып, 1984-жылкы түзүлүшүндө гана айрым өзгөртүүлөргө учурады. Алгачкы программалардан тартып, азыркы программаларга чейин чыгармалары үзгүлтүксүз кийирилип, үйрөнүлүп келе жаткан акын-жазуучуларыбыз бар. Алар — эл акындары Токтогул, Тоголок Молдо, Барпы, Калык, Осмонкул, Алымкул, кыргыз совет жазма адабиятынын баштоочулары А. Токомбаев, М. Элебаев, К. Турусбеков, Ж. Бөкөнбаев, К. Маликов, А. Осмонов, А. Токтомушев, Т. Үмөталиевдер. Кыргыз адабиятына кийинчерээк келген акындарыбыздын бирин-экин ырлары 1989-жылы түзүлгөн өркүндөтүлгөн программага гана киргизилген. Бул программада "Кыргыз адабиятынын өркүндөтүлгөн программасы мектеп реформасынын талаптарына ылайык практикада колдонулуп келген программанын негизинде кайрадан жаңыртылып иштелди"[3], —делгени менен, көркөм чыгарманы тандап алуу принциптери анчалык дале өзгөрбөгөнү"...көркөм чыгармаларды тандап алууда төмөнкүдөй

---

[1] Айыл-кыштак башталгыч мектебинин ыргырамы.—Фрунзе: Кырмамбас, 1932. -31 б.

[2] Адабияттык окуунун программасы.(V-VIII кл. үчүн.)-Фрунзе:Кырмамбас, 1947.—27 б.

[3] Кыргыз тилинин жана адабиятынын программасы. (V—XI кл. үчүн).—Фрунзе: Мектеп,1989.—5-бет.

критерийлер жетекчиликке алынды: "идеялык критерий..."—деп, биринчи орунга койгондугунан эле ачык көрүнөт.

1992-жылы түзүлгөн программада гана"...бул программа идеологиялык, саясий догмалардан, соцреализмдин официалдуу категорияларынан алыс туруп"—деп адилет белгилегендей, чыгарманы тандап алуунун негизги чен-өлчөмү" адеп-ахлактык чен-өлчөм" болгон. Мында V—VIII класстын окуучуларына Калыгул Бай уулунун "Калыгулдун сөзү", Санат, насыят, терме, ырлары", "Акыр заман", Жеңижоктун "Айтамын санат тобуна", "Балалык", "Жалгыз тал менен сүйлөшүү", "Аккан суу", "Замана", "Үй-бүлө", "Ак куржун толо ыр калды", Арстанбектин "Тар заман", О.Султановдун "Кош,Ысык-Көл", "Бокс", Алтай...Алтай", "Жоокер", Р.Рыскуловдун " Космостук манифест" сыяктуу кыргыз эл ырчыларынын чыгармачылыгында болсун, профессионал жазма адабиятта болсун өзгөчө орду бар акындардын ою терең, көркөмдүгү жогору ырларынын кийирилиши программанын түзүлүшүндө сапаттык өзгөрүүлөр болгонун айкын тастыктайт.

Кыргыз адабияты боюнча биринчи түзүлгөн окуулук белгилүү окумуштуу-жазуучу Касым Тыныстановго таандык. Тилекке каршы, биз ал хрестоматияны калк китепканасынан таба албадык. Бирок замандаштарынын жазган эскерүүлөрүнө караганда, ал хрестоматияга өзү чыгарма жазып кийирип, кыскача дидактикалык материалдарды да иштеп чыккан экен.

1933-жылы " Адабият хырыстаматийасын" У. Абдыкайымов да түзөт. Бул хрестоматияга бардыгы 23 чыгарма кийирилсе, анын он үчү — ыр. Анда М. Элебаевдин "Пионер сайакатта", "Пахта бышты", "Тыныч түн", "Таң атарда", К. Турусбековдун "Садагалар", "Шайыр жаштар", Ж. Бөкөнбаевдин "Күзгү көпөлөк", "Марыйам", "Кышкы тоо", "1-Майда", Т. Сыдыкбековдун "Өзү жок, өрнөгү бар", К. Жумаш уулунун "Жаз нурунда" аттуу ырлары бар. Бул ырларды тематикалык жагынан үчкө бөлүүгө болот. Эмгек, илим-билимге үндөгөн граждандык ырлар. Ал ырлардын ар биринин аягына суроолор берилген.Соболдор мүнөзү боюнча ырдын мазмунун ачууга багытталган дешке болот. Бул окуу куралы кыргыз адабиятын үйрөнүү боюнча алгачкы саамалык болгондугу менен гана баалуу болбостон, чыгармаларды үйрөнүүнүн ык-жолдорун көрсөтүүгө аракеттенгендиги менен да баалуу.

Мындан кийинки окуу куралы 4-окуу жылынын окуучуларына арналган М.Абдыкеримов түзгөн "Адабият хырыстаматыйасы"(1933). Бул хрестоматияга деле жогоруда аталган акындардын ырлары кийирилген. Түзүлүш принциби, суроолордун мүнөзү да окшош.

Мектеп окуучулары үчүн атайын түзүлгөн эң биринчи окуу китеби — бул М. Абдыкеримов менен Ө. Жакишевдердин "Адабияты". 1937-жылы жарык көрүп, V класстын окуучуларына арналган. Окуулукка М. Элебаевдин "Ысык-Көл, Ж. Турусбковдун "Энем", Ж.Бөкөнбаевдин "Сыргажан", Т. Үмөталиевдин "Жаңы жайлоо" ырлары кирген. Бул ырлардын ар бирине окуу китебинин түзүүчүлөрү түшүндүрмө берүүгө да далалаттанышкан. Мукай "Ысык-Көл" деген ырында эски маданиятсыз,караңгы заман менен жаңы заманды салыштырып, ырына кошуп,мындай дейт: "Бир заманда Ысык-Көлгө арымы жок, кыбыраган араба менен конуп, түнөп эки-үч күндө араң келчү элем. Ал заманда Ысык-Көл боюнда чексиз адам баласын эзүү доору өкүм сүрчү эле. Ал заманда байлар, манаптар кулдарды сатчу эле. Мына революция чыгып, ал заман жоголду. Элди эзген бай-манаптар айдалды. Ысык-Көл бою кайрадан курула баштады, автомобилдер жүрдү. Ысык-Көлдүн мурунку бети менен азыркы бетин салыштырып ырдайт"[1], —деп жазылган китепте. Бул комментарийдин өтө эле жупунулугун айтпасак да түшүнүктүү. Авторлор акындын чеберчилигинин сырын ырдын көркөмдүүлүгүнөн издебестен, эл турумушундагы өзгөрүүнү ынанымдуу бере алгандыгынан табат, жаңы бийликтин артынан ээрчүүгө үндөгөнүнөн көрөт. Поэзиялык чыгармага мындай көз караштан баа берүү окуулуктун авторлорунун адабий-эстетикалык түшүнүгүнүн чектелүү экендигин даана көрсөтөт. Окуу китебинде ар бир акындын кыскача өмүр жолу берилгени менен суроо-тапшырмалар да, дидактикалык материалдар да жок. Китепте биздин кызыгуубузду пайда кылган нерсе бул таланттуу акын Ж. Турусбековдун таржымалын өзү жазып бергендиги. "1910-жылда Балыкчы районунда Күн Батыш сельсоветинде, батырак үй-бүлөсүндө туулдум. Атам 1916-жылдын козголоңуна чейин ар кимдин жылкысын кайтарып,энем ар кимдин саанын саап, жүнүн сабап, кийизин басып, чийин чырмап, жан багып келди. Атамдын атасы калыңга келген кул экен. Атам көрбөгөндү көрүп оскон эле. Ойчул, ар убакыт кабагын ачуучу эмес. Мен жалгыз баласы элем. Өлөр өлгөнчө атам-энем экөө тең менин камымды жеп жүрүп отурушту. Кичине кезимден тартып, комуз үйрөтөм деп убара тартып, ар кимге комуз чаптырып берип, үйрөн деп кыстап калуучу эле. 1916-жылы Турпанга качтык. 17-жылы кайра жерибизге келдик. 19-жылдын жазында ачарчылыкка чыдабай, Каракол шаарына бардык. Бул жерде ата-энем ошол жаз өлүштү. Мен багуусуз тентип калдым. 1923-жылдын башында Караколдогу 9 жылдык мек-

[1] *Абдыкеримов М.,Жакишев Ө.* Адабият (V класстар үчүн). —Фрунзе: Кырмамбас,1937.—68 б

БИБЛИОТЕКА
Ошского государственного
университета
ИНВ № 912860

тебине кирдим. Бул чарба мектеп кийинчерээк айыл чарба техникумуна айланды. Биринчи негиздүү курсун бүттүм. 1928-жылдан баштап жаза баштадым. Биринчи басылган ырым— "Кышкы жел"[1]— дептир Жусуп өзүнүн өмүрү тууралу.

Акындын өмүр жолу, чыгармачылыгы жөнүндө жазылган изилдөөлөрдө, кыргыз адабиятынын тарыхында, окуу китептеринде туңгуч чыгармасы 1929-жылы чыккан "Ленин жолу" ыры делип жүрүлөт. Эгер эскерүүнү Жусуп өзү жазган болсо анын чыгармачылык тушоосу 1928-жылы кесилип, биринчи жарык көргөн ыры "Кышкы жел" экендиги ачык көрүнөт. Демек, 29-жылга чейин мындан башка ырларды да жазган болуш керек деген ойго түртөт, ушуну менен бирге эле "Кышкы желден" "Ленин жолуна" чейинки чыгармачылык эволюциясын байкоо кызыкчылыгын туудурат.

1950-жылы Д. Исаев, Т. Абдымомунов V класс үчүн хрестоматия түзүшкөн. Авторлор жеңишке жетишкен элдин салтанатын, маанайын эске алгандыгы көрүнөт. Мында негизинен Мекен, аны коргоо, жеңиш темасына арналган ырларга орун берилген. Хрестоматияның баалуу жагы адабият теориясынан маалымат берүү багытындагы тапшырмаларды сунуштаганы, ырдагы сөздүн түз, өтмө маанилерин түшүнүүгө умтулгандыгы. Бул окуу куралы анчамынча өзгөрүүлөр менен Ж. Чотуровдун авторлоштугунда 12 жолу басылды.

З. Бектенов менен Ж. Темированын авторлугунда "Биздин адабият" 1963-жылы түзүлдү. Бул окуу китебинде пейзаж темасындагы ырларга көбүрөөк орун берилген. Тагыраак айтканда, сунушталган он ырдын жетөөсү — жаратылыш көрүнүшүнө арналган ырлар. Түзүүчүлөр ырдагы образдуу сөздөргө,сөз айкаштарына көңүл бөлүп, алардын маанисин түшүнүүгө багытталган суроолорду беришип, эки акындын бир темадагы ырын салыштырууга мүмкүндүк берген тапшырмаларды иштеп чыгышкан.

V класстын окуучулары үчүн түзүлгөн окуу китептеринин ичинен эң көп басылганы — Б. Маленов менен А. Саадабаевдин "Биздин адабияты", 1969-жылга чейин 14 жолу басылды. Бул окуулукта лирикалык чыгармалар боюнча түзүлгөн суроо-тапшырмалардын айрымдарынын мазмуну тайкы,ырдын табиятын, акындын чеберчилигинин түшүнүүгө өбөлгө түзө албастыгы байкалат. Мына бул суроолорго эле токтолуп көрөлү: "Темин ырлары кайсы учурда ырдалат? Койчунун абалы, жакыр турмушу жөнүндө айтып бергиле? Эмне үчүн акын ырын "Жайкы таңда" деп атаган? Жазгы табигат

[1] *Маленов Б.,Саадабаев А.* Биздин адабият(V класс үчүн).—Фрунзе: Мектеп, 1969.—111-114-б.

көрүнүшү кандай сүрөттөлгөн?[1] ж.б.у.с. Мектеп окуучуларынын поэзияга кызыкпоосунун бир себебин окуу китептериндеги мына ушундай үстүрт суроолордун берилишинен да издөөгө болот.

V класстын окуучулары үчүн буга чейин түзүлгөн окуу китептеринен түп-тамырынан айырмаланган мыкты окуулук К. Артыкбаев менен Б. Исаковдордун "Биздин адабияты" (1990) болду. Окумуштуу менен чыгармачыл мугалимдин биргелешкен эмгегинин акыбети кайткандыгын белгилебей коюуга болбойт. Проблемалуу суроо-тапшырмалардын берилиши, негизги нерселер жардамчы нерселерден бөлүп көрсөтүлүшү, ырдын көркөмдүгүнө көбүрөөк көңүл бөлүү, окуучуларды укккулуктуу, жагымдуу сүйлөй билүүгө адаттандырууга умтулуу, предметтер аралык байланыш, ой жүгүртүүгө, кыялдана билүүгө түрткү берген аракет — окуулуктагы оңунан чыккандар мына ушулар.

VI класстар үчүн биринчи окуу китебин кыргыздын классик акыны А. Осмонов М. Кырбашев менен бирге түзүптүр. "XIX кылымдын адабият хрестоматиясы" (1939) деп аталып, орус акындарынын өмүрү, чыгармалары берилиптир. Ага кыргыз акындарынан бир гана Токтогулдун өмүрү менен "Улгу ырлары" кирген. Хрестоматияда эч кандай суроо-тапшырмалар да, чыгармаларга түшүнүк да берилбестен, тек гана тексттер киргизилген.

Б. Маленов түзгөн "Биздин адабият (1950) өзүнүн түзүлүш принциби, суроолордун мүнөзү боюнча жогорудагы окуулуктан көп деле айырмаланбайт. Бул окуу китеби 1969-жылга чейин 13 жолу басылды. Программага ылайык кээ бир ырлар алынып, анын ордуна жаңы ырлар киргизилген, бирок суроо-тапшырмалар ошол боюнча өзгөрүүсүз калып, жаңы кийирилген ырларга берилген суроолордун мүнөзү мурдагыдай эле калган. Н. Кангелдиев менен В.И. Шнейдман кураштырган "Биздин адабият" (1970) VI класстын окуучуларына тартууланды. Бул окуулукка эл ырчыларынын ырлары гана кийирилген. Биздин оюбузча, окуу программасын, окуу китебин мына ушундай принципте түзүү туура эмес. Анткени бул окуучулардын көркөм нарктарга болгон ышкы отун өчүрөт, зериктирип, кызыгуусун жок кылат. Ал эми түзүлгөн суроо-тапшырмаларда лириканын табияты анчалык эске алынбаган. Бул окуулук анча-мынча өзгөртүүлөр менен 1989-жылга чейин колдонулду.

Мурдагы эле V класстын материалдарынын негизинде Б. Маленов менен А. Саадабаев алты жаштан окугандар үчүн VI класстын

---

[1] *Маленов Б., Саадабаев А.* Биздин адабият (V класс үчүн).—Фрунзе: Мектеп, 1969.—111-114-б.

"Биздин адабиятын" (1990) түзүштү. Мында жазма адабияттын өкүлдөрүнүн чыгармалары кирген. Ырды үйрөнүү боюнча берилген суроо-тапшырмалардын мүнөзү жогоруда айтылгандардан айырмасы жок.

VII класстын окуучулары үчүн алгачкы түзүлгөн окуу куралы бул У. Абдыкайымов менен К. Орозалиев түзгөн "Адабият хрестоматиясы"(1939). Мында орус адабиятынын өкүлдөрүнүн чыгармаларына орун берилип, кыргыз адабиятынан бир гана Токтогулдун варианты боюнча "Кедейкан" поэмасы кирген.

К. Рахматулин менен К. Нанаев 1943-жылы VII класс үчүн "Биздин адабият" хрестоматиясын түзүшкөн.Буга эл акындарынан Токтогул менен Алымкулдун жана кыргыз адабиятынын баштоочуларынын ырлары кийирилип, суроо-тапшырмалар менен коштолгон. 1947-жылы К. Нанаев "Биздин адабият" окуу китебин түзгөн. Мында жогорку окуу китебине кирген чыгармалардан башка Аалы Токомбаевдин, А. Токтомушев менен Ы. Шайбековдордун ырларына да орун берилген.

1951-жылы У.Абдыкайымов менен К.Арунов биргелешип хрестоматия түзүшкөн, ал кээ бир оңдоолор менен 60-жылдарга чейин колдонулуп келди.

Мурдагы VI класстын материалынын негизинде 1960-жылы Н.Кангелдиев менен В.Н.Шнейдман VII класс үчүн "Биздин адабиятты" түзүштү. Бул окуулук 70-жылга чейин колдонулду. Мында акындын чеберчилигин,ырдын көркөмдүгүн ачууга багытталган жылт эткен суроолор, тапшырмалар бар экендигин айтпай коюуга болбойт.

1972-жылы Б. Алымов менен Т. Саманчиндин автордугунда VII класс үчүн "Биздин адабият" окуулугу жарык көрдү. Мугалимдик тажрыйбага бай методист-окумуштуу менен белгилүү адабиятчынын кызматташтыгы өзүнүн үзүрлүү жемишин берген.Сунушталган суроо-тапшырмалардын проблемалуулугу, ырдын табиятын түшүнүүгө, көркөмдүгүн көрө билүүгө багытталгандыгы, окуучулардын кыялдана билүүсүн, ой жүгүртүүсүн өстүрүүгө өбөлгө түзгөндүгү менен баштагы окуу китептеринен айырмаланат. Бул окуу китеби 90-жылдарга чейин колдонулду.

Өркүндөтүлгөн программанын талабына байланыштуу профессор Б. Алымов 1990-жылы VIII класс үчүн "Кыргыз совет адабиятын"жазды. Бул окуу китеби мугалимдерге да, окуучуларга да поэзия жөнүндө ар тараптуу түшүнүк бере алат. Ал окуу китеби бо-

юнча жазылган сын-пикирлерге таянсак[1], анда кыргыздын мыкты адабиятчыларынын тигил же бул ыры жөнүндөгү ойлорунун, сындарынын, изилдөөлөрүнүн окуу китебинен ыктуу да, орундуу да орун алышы ырды кабыл алуунун, талдоонун жолун мугалим менен окуучуларга көрсөткөн үлгү боло алат.Коюлган суроолор, тапшырмалар ырдын жаралыш кырдаалын, жазылыш себебин, ырдагы акындык ойдун өнүгүшүн байкоого,ырдын көркөмдүүлүгүн көрө, сезе билүүгө көмөк көрсөтөт.

Лирикалык чыгармалардын окуулуктардан орун алышын жыйынтыктай отуруп, негизинен окуулуктарды түзүүчүлөр ириде төмөнкүдөй бир маанилүү маселеге көңүл бөлбөсө, ал окуулуктардын күн-наркы өтө төмөн болорун тажрыйбадан көрүп жүрөбүз. "Окуулук-хрестоматияларды түзүп-кураштыруда авторлор ириде үч негизги нерсеге көңүл бурушу парз-деп жазганбыз, биз өз эмгектеребиздин биринде. Биринчиден, программанын талабына ылайык суроткердин таржымалынан кыскача кабар берүү...Экинчиден, суроо-тапшырмалардын, бүт дидактикалык материалдардын орундуу да, жүйөлүү да берилиши.Үчүнчүдөн, чыгарма жөнүндө программанын талабына төп келген комментарийдин жазылышы"[2].

Окуу программаларын, окуу китептерин талдап чыгып, төмөнкүдөй тыянакка келүүгө болот.

1. Окуу программасын өзгөртүп,кайрадан түзүү зарыл. Үйрөнүлүүчү чыгармаларды тандоонун принциптерин өзгөртүп, адабий-тарыхый кызыкчылыкка ээ ырлардан арылып, көркөмдүгү жогору, жалпы адамзаттык баалуулукка ээ, окуучулардын сезимин, оюн, кыялданууусун өстүрүүчү поэзиянын мыкты үлгүлөрүн гана программага киийрүү керек.

Окуу программасына кийирилүүчү чыгармаларды тандоодо, биздин оюбузча, болжол менен төмөндөгү принцип-критерийлердин:

- жанры, стили, турмуш чындыгын көркөм чагылдыруу ыгы боюнча бири-бирине окшошпогон, ар түрдүү тематикадагы ырлардын болушу;
- көркомдүгү мыкты, таанып-билүүчүлүк жана тарбиялык мааниси терең ырлардын кириши;
- акындын жеке чыгармачылыгында жана жалпы эле адабий процесстеги өз орду бар, нарк-насили жогору граждандык, философиялык, нейзаждык көркөм дөөлөттөрдүн таңдалышы;

---

[1] *Ишкеев Н. Кыргыз* адабиятын мектептерде окутуунун тарыхы.—Бишкек, 1994.—233—236-бб.

[2] *Алымов Б.* Кыргыз адабиятын (1920—1990) мектепте окутуунун илимий-методикалык негиздери. //Илимий доклад п.и.д. үчүн.—Бишкек.1994.—28-б.

- тигил же бул класстагы окуучунун аң-сезими, кабыл алуусу, дүйнө-таануусу менен түшүнүгүнө ылайык болуп, ар бир курактын кызыкчылыгын көңүлгө алган ырлардын кириши;
- программа эстетикалык күнү жогору чыгармалар менен толукталып, жаңыланып турушу, өз үнү, өз "мени" бар сүрөткерлердин ырларынын орун алышы максатка ылайыктуу.

2. Окуу программасында мугалимдин чыгармачыл иш-аракетине шарт түзүп, т.а., ага тигил же бул тема боюнча кайсы акындын ырын окутуу укугунун берилиши кажет.

3. Окуу китебин түзүү атаандаштыктын негизинде жүзөгө ашырылып, бир нече окуулуктун билим жана тарбия берүү ишинде колдонулушуна шарт түзүлүүгө тийиш.

4. Окуу китебине кирген акындар, алардын чыгармалары боюнча адабиятчылардын, сынчылардын, методисттердин көз караштарын, пикирлерин чагылдырган өзүнчө окуу куралын түзүүнү колго алуу да абзел.

§ 2. V—VIII класстын окуучуларынын ырды кабыл алуу өзгөчөлүктөрү жана мектепте лириканы үйрөнүүнүн учурдагы абалы

Поэзия — сөз менен өтө кылдат, өтө бекем абдан ажырагыс болуп байланышкан искусствонун бир түрү. Поэзия өзүнүн мазмуну, маанисинин тереңдиги менен гана бааланбайт, ал ошондой эле ар бир сөздүн угулушу, жагымдуулугу,ыргагы, ыр саптарынын жайгашышы, уйкаштыгы менен да тамшантат, ырахат тартуулайт. Мына ушунусу аркылуу поэзия искусствонун башка салааларына салыштырмалуу улуттук тилдин өзгөчөлүктөрү менен тыгыз байланышат да, көркөм чыгармачылыктын улуттук түрүнүн бирине кирет. "Ырдын курулушу канчалык спецификалуу жана өзгөчө болбосун, —деп жазат Б. Томашевский, —бул курулуш тилге таандык... поэзия ар дайым искусствонун эң бир улуттук формасы экендигинин себебби да мына ушунда"[1].

Лирикалык чыгарманын борбордук көркөм образы-лирикалык каарман, башка жанрдагы чыгармаларга караганда, лирикалык каарман акындын рухий-нравалык толгонуусун, эстетикалык идеалы менен автордук ой-сезимин өзүндө көбүрөөк алып жүрөт. "Бул жерде акындын личносту биринчи катарга чыгат"[2]. Ар бир эл —

---

[1] *Томашевский В.* Стих и язык.—М.—Л.:1959.—С.68

[2] *Гинзбург Л.* О лирике.—Л.: Советский писатель,1974.—С.207.

өзүнчө искусствого, адабиятка, музыкага ээ. Тигил же бул улуттук маданият ар бир элдин рухий дүйнөсүнүн өзгөчөлүктөрүн туюнтат. Улуттук өзгөчөлүктү шарттуу түрдө төмөндөгүдөй бөлүштүрсө болот: тили, дили, ой жүгүртүү өзгөчөлүгү; улуттук мүнөзү; улуттук сыймыгы; үй-бүлөлүк, турмуштук жашоо ыңгайы; каада-салты. Мына ушул улуттук-маданий тарыхый традициялар менен шартталган автордук дүйнө кабылдоо менен дүйнө таануусунун улуттук өзгөчөлүктөрү анын жазуу манерасына, чыгармада жүзөгө ашырылган сүрөттөөнүн көркөм каражаттарына, ошондой эле улуттук колоритти алган көркөм образга өзүнүн изин калтырат. Бул поэзияга өзгөчө мүнөздүү: лирикалык интонациянын өзүндө, ырдын ритмдик-мелодикалык(уккулуктуулугу, жагымдуулугу) өзгөчөлүктөрүндө, лексика, фразеология, синтаксисинде — поэтикалык речтин бардык системасында улуттук колорит ачык көрүнөт. Демек,акындын ырын үйрөнүү—бул өз улутунун дүйнө таанымын, ой өрүшүн, эне тилинин керемет байлыгын үйрөнүү, өздөштүрүү дегендикке жатат. Албетте, бул үчүн окуу китебинде улуттук поэзиянын мыкты үлгүлөрү берилүүгө тийиш.

Токтогул, Тоголок Молдо, Барпыга окшогон залкар төкмө акындар, А.Токомбаев, Ж.Бөкөнбаев, Ж.Турусбеков, М.Элебаев, А.Осмонов сыяктуу кыргыз профессионал жазма адабиятынын таланттуу баштоочулары, булардан кийинки М.Алыбаев, Р. Шүкүрбеков, С.Эралиев жана Б.Сарногоев, С.Жусуев, Ж. Садыковдор — кыргыздын чыныгы улуттук акындары. Булардын ырларынан биздин элдин дүйнө таанымы, көз карашы, ой жүгүртүү өзгөчөлүгү, руху ачык айкын сезилет.

Жөнөкөйлүк. Мунун далдасында жашырылып жаткан терең маани, тыбыштын тыбышка, сөздүн сөзгө кыналышып шөкөттөлүшү, мукамдуулугу, кайталангыс көркөмдүк менен ыргак — кыргыз поэзиясынын көркөм дөөлөттөрүнүн негизги белгиси ушунда. Ошондой эле кыргыз ырлары муунга карап курулат. Учкул сөздөрдөн тартып "Манаска" чейинки ыр курулушу — мунун далили. Бул—традициялык форма. Профессионал жазма адабияттын пайда болушу менен биздин ыр түзүлүшүбүздөн эркин жана ак ырлар орун алды. Демек, ыр курулушубуз формалык жактан байыды. Бирок адабияттын окуу программасына ак ыр кийирилбеген. Мында V—VIII класстын окуучуларынын жаш өзгөчөлүктөрү, кабыл алуу мүмкүнчүлүктөрү эске алынган.

V—VIII класстын окуучулары өспүрүм куракка (10 жаштан 15 жашка чейин) кирет. Бул курактын көбүнчө өтмө курак деп да аташат, анткени бул мезгилде балалыктан чоң кишиге өтүү абалы

жүрөт. Өспүрүм куракта окуучунун личносттук иш-аракетинде, психикалык процессинде өзгөрүүлөр пайда болот. Бул мугалимден иш-аракетти уюштурууда да, карым-катыш мамилесинде да мурдагыдан башкача (акырындык менен өзгөртүп отурууну) мамилени талап кылат. Бул куракгагыларды кенже жана жетилген куракгагыларга караганда окутуу жана тарбиялоо бир топ татаал. Мунун себеби — баланын чоң кишиге айлануу процессинин өзүнүн татаалдыгы, бул алардын иш-аракеттеринин жана жашоо шарттарынын өзгөрүшү, адамдар менен болгон мурдагы калыптанган байланыш формаларынын бузулушу жана татаал психикалык өзгөрүүлөр менен түшүндүрүлөт. Бул куракгагылар үчүн окутууда жаңы материалды жеткирүүнүн башта колдонуп жүргөн методдору менен формалары жараксыз болуп калат. Буга чейин окуучу мугалимдин ыраатгуу баяндоосун кызыгып укса, эми материалды мындай формада түшүндүрүү окуучуда зеригүүнү, кайдыгерликти пайда кылат да, предметке болгон ышкы отун өчүрөт. Башта окуу материалын сөзмө-сөз айтып берүүгө умтулса, эми аны өз сөзү менен баяндоого аракет кылып, аныктама, эреженин тактыгын талап кылган мугалим менен талаш-тартышка түшөт. Кечээги эле тил алчаак, уяң бала капысынан эле кежирлигин, бетке чабарлыгын, оройлугун көрсөтө баштайт. Башта өзүнөн чоңдордун көрсөтмө-талаптарын үн-сөзсүз аткаруучу бала эми булардын баарына сын көз менен карап, өздөрүнүн ишеним — көз караштарына туура келишине карай иш жасашат.Өздөрүнүн жеке пикирлери пайда болот, жөндөмдүүлүктөрүн өтө эле ашыра баалашат, мүнөздөрүндө оңой менен түшүнүүгө болбой турган кескин өзгөрүүлөр жүрөт. Бул куракгагы мындай кескин психикалык озгөрүштүн негизги кыймылдаткыч күчтөрүн психологдор төмөнкүчө аныкташат:

- "өспүрүмдө жаңы пайда болгон керектөөлөрдөн улам жаралган ой-максатты жүзөгө ашыруу мүмкүнчүлүгүнүн ортосундагы карама-каршылык;
- өспүрүмгө чоңдор, жамаат, коом койгон талаптар менен булардагы мурда калыптанган жүрүш-туруш адаттарынын ортосундагы карама-каршылык;
- өспүрүмдүн дене, интеллектуалдык жана нравалык бай мүмкүнчүлүктөрү менен анын иш-аракетинин жалпы деңгээлинин, өзүнүн жан-жакасындагылар менен башта калыптанган мамилелеринин ортосундагы карама-каршылык"[1].

[1] *Крутецкий В.А.* Психология обучения и воспитания школьников.—Москва: Просвещение,1976.—С.45.

Окутуу, тарбиялоо процессинде ар бир мугалим бул курактагыларда жүргөн психикалык өзгөрүүлөрдү, мунун себептерин билиши жана өз иш-аракетин ушуга жараша жүргүзө алышы зарыл. Таанып билүү керектөөлөрүн канааттандырууга багытталган өз билимин өркүндөтүүдөгү окуу ишмердүүлүгүнүн маани-маңызы өспүрүмгө акырындык менен түшүнүктүү боло баштайт. Турмушка аралашып, ага мамиленин өзгөрүшү менен балада окууга аңсезимдүү мамиле кылуу бир топ күчөйт. Өспүрүмдөрдүн билим алууга умтулуусу (мотиви) татаал структураны түзөт. Умтулуунун кеңири тарап, көп учураганы: социалдык мотив (билимдин коомдук зарылдыгын, турмушка, жашоого, эмгекке даяр болуу үчүн окуунун керектигин түшүнүү), таанып-билүүчүлүк мотив (тигил же бул предметке кызыгуу, ушу боюнча кандайдыр бир ийгиликке жетишүүгө аракеттенүү), жеке мотив (өз досторунун арасында кадырбаркка жетүүгө, кимдир бирөөлөргө өзүн көрсөтүүгө, үй-бүлөдө сыйурматка ээ болууга умтулуу).

Мугалимдин аракетинин эң негизги максаты, биринчиден, окуучулардын жеке жөндөмдүүлүктөрүн аныктоо, экинчиден, бул жөндөмдүүлүктөрүнүн өнүгүшү үчүн мүмкүн болгон шарттарды түзүү. Бул курактагылардын (V—VIII класстар) дене жана психикалык өзгөчөлүктөрүн мыкты билүү—окутуу, тарбиялоонун ийгиликтүү жүргүзүлүшүнүн башкы шарты.

V—VIII класстын окуучуларынын адабиятка, анын ичинде лирикага болгон мамилеси төмөнкүдөй экендигин өзүбүздүн байкообуз менен тажрыйбабыз көрсөттү.

V—VI класстагылар (12—13 жашар) ырга кызыгышат, булар ырдагы акындын сезимине, ой чабытына өтө тез берилишет, аны жүрөктөрүнө жакын кабыл алышып, ырдагы өздөрүнө жаккан ойду тез эле ишке ашырууга аракет кылышат. Кыялдануугa жөндөмдүү болушат. Эгер мугалим туура багыт берип, максаттуу, системалуу иш жүргүзүп, алардагы кызыгуу сезимин ойготууга жетише алса, анда бул балдар оңой эле "сүрөткер", "жазгыч", "акын" балдарга айланышып, көркөм чыгармачылык жолго түшүшөт. Анткени мындай көрөңгөлүү көркөм ишмердүүлүк бул курактагы балдардын ички мүмкүнчүлүктөрүнө, жан дүйнөсүнө ылайык келет да, эч кандай зордоо, мажбурлоосуз эле чыгармачылыктын кумардуу дүйнөсүнө сүңгүп кирүүгө даяр болушат. Поэзияны кабыл алууда мүмкүн болушунча обьективдүү болууга, ырдагы ойду чыныгы турмушка салыштырып түшүнүүгө, акындын ой-сезимин туура баамдап туюуга аракеттенишет. Бирок бул курактагылар ырда сүрөттөлгөндү өзү, өзүнүн жеке турмушу менен байланыштырууну анчалык билишпейт. V—VI класстын окуучуларынын адабий билими, көркөм таби-

ти, жалпы эле окурмандык маданияты өтө эле жогору эмес экендиги эч кимге жашыруун эмес. Бирок алар бул бөксөлүктү кабыл алуусунун жандуулугу,көрүүсүнүн курчтугу, сезимдеринин сергектиги менен толукташат. Ырды кабыл алуусу, түшүнүүсү, көркөм табитинин деңгээли боюнча булар бири-биринен кескин айырмаланган топту түзүшпөйт, өзгөчөлөнгөн бирин-серин гана балдар болот. Алардын көпчүлүгү негизинен образдуу ой жүгүртүшөт.

VII—VIII класстарда (14—15) балдардын поэтикалык текстке болгон мамилелери бир топ өзгөрөт. Мурдагы ар кандай айтылган сөздөргө ишене берген мүнөздөрүнөн арылып, баарына күмөнсүрөө. сын көз менен карай билүүгө адаттанышат да, өз алдынча ой жүгүртүшүп, чечим чыгарууга умтулушат. Чыгармага адилет баа берүүгө караганда жеке көз карашын, жеке пикирин таңуулоо сезими үстөмдүк кылат. Ырды өзүнүн кабыл алуусу, түшүнүгү менен баалашат же тикеден тике турмуштун өзү менен салыштырышат. Ырды окууда алар нравалык-этикалык маселелерге, адамдардын өз ара ички мамилелерине өзгөчө кызыгышат жана ага көп көңүл бөлүшөт. Мына ушул көз караштан ырдын же жагарын, же жакпасын айтышып, кескин тыянак чыгарышат. Чыгарманы баалоонун эң башкы чен-өлчөмү — нрава-этикалык чен-өлчөм болот. Негизинен образдуу ой жүгүртүү үстөмдүк кылса да,абстрактуу ой жүгүртүүгө, өз алдыларынча жалпылап тыянактоого аракет кылышат. Бул курактагылар үчүн ырдагы мотив маанилүү. Акынды ар тараптан билүүгө умтулуу пайда болот. Анын өмүрү, чыгармачылыгы, акындын адамдык, пендечилик тагдыры менен таанышууга кызыгып, анын турмуш тагдыры ал жараткан ырды терең түшүнүүгө жардам берерине көздөрү жете башташат. Ырды кабыл алуудагы бир өңчөйлүктөн, окшоштуктан арылышат. Көркөм табити, окурмандык маданияты боюнча бири-биринен кескин айырмаланган топтор пайда болот. Мында эмоционалдык тажрыйба, китепти көп окугандык жана сөз байлыгы эң чоң мааниге эгедер болуп чыга келет. Кээ бир окуучулар ырдын эмоционалдык — образдык жагына кызыгышса, окуучулардын кээ бирлери ырдын интеллектуалдык-нравалык жагына өзгөчө көңүл бөлүшөт. Негизи, өспүрүм куракка жеткенден кийин гана окуу ишмердүүлүгүнө болгон мамилелери өзгөрөт. Ушул куракта гана окуп билим алуунун маңызы өздөрүнүн таанып-билүү керектөөлөрүн канааттандыруу, өз алдынча билим ала билүүгө көнүгүү экендигин түшүнө башташат. Окууга, билим алууга аңсезимдүү мамиле жасоо керектигин сезүү менен жоопкерчиликтери күчөйт. Буга аларда пайда болгон окуу мотивдери да түрткү берет. Бул курактагылардын кызыгууларынын тармагы да кеңири жана ар тараптуу, ошону менен бирге эле терең жана мазмундуу,

тандалмалуу жана туруктуу болот. Көңүл буруусу менен эске тутуусунда да маанилүү өзгөрүүлөр жүрөт. Буларды өздөрү эрктүү түрдө уюштурып, өздөрү контролдой да алышат. Механикалык эске тутуу логикалык, аң-сезимдүү эске тутууга орун берет. Кыскасы, бул курак-активдүү,өз алдынча, чыгармачыл ой жүгүртүүнү, чыгармачыл иштей билүүнү калыптандырууга жагымдуу шарт түзгөн курак. Окуучулардын мына ушундай ийкемдүү кези көркөм чыгарманы, мунун ичинен, лириканы үйрөнүүдө эффективдүү пайдаланылышы максатка ылайыктуу. Бирок анкета аркылуу окуучулардан алынган жооптор бул жагымдуу кырдаалдын анчалык өнүмдүү пайдаланылбагандыгын айгинелейт. Мисалы, "Сага кандай ыр жагат?"—деген суроого окуучулардын көпчүлүгү: "...Осмоновдун Ысык-Көлгө арнаган, М.Алыбаевдин "Ак чүч", Т.Үмөталиевдин " Айсулуу", "Кубат" деген ырлары мага жагат. Себеби бул ырлар жөнөкөй, бирок сырдуу, табышмактуу ырлар" "Лириканы жакшы көрөм, себеби ыр түрүндө жазылган, аны окуп түшүнүп алуу оңой. "Мен Ж. Бөкөнбаевдин "Эжеме кат" деген ырын жакшы көрөм, себеби акындын жалгыз гана эжеси болгон, ошого арнап жазган." "Жакшы ыр дегенди мен мындай түшүнөм: жакшы ыр мааниси жагынан, обону жагынан жакшы болуш керек деп ойлойм; "Мектепте үйрөнгөн ырлардан А.Осмоновдун "Тоолор" деген ыры жагат. Акын оюн толук, ырааттуу жаза алган."

Булар — VIII класстын окуучулары менен болочокто адабиятчы мугалим болом деген айрым окуучулардын жооптору. Ал жооптордон эмнени байкоого болот? Биринчиден, окуучулар лирика деген түшүнүктүн маанисин билишпейт, экинчиден, ыр жана ыр түрүндөгү чыгарманын айырмачылыгын ажырата алышпайт, үчүнчүдөн, ырга баа берүүнүн чен-өлчөмү менен жакшы тааныш эмес, албетте, күнөө мына ушундай жооп жазган окуучуларда эмес, бизде, адабият мугалимдеринде. Анткени ырды окутууда биз эң биринчи ырдын идеясына, акын эмнени айтмакчы болгонуна гана көңүл бөлөбүз, ырды үйрөнүүнү ушуга карай уюштурабыз. Айталы, программа "Эжеме кат" аркылуу акындын чыгармачылык жолунан кыскача кабар берүүнү, акындын өткөндөгү турмуш издеринин" "Эжеме кат" деген ырында көрүнүшү туурасында түшүндүрүүнү" талап кылат. Биздин экспериментатдык класста балдарга дал ушул талап боюнча түшүнүк берилген. Бирок окуучунун "Эжеме кат" боюнча берген жообу эч кимди канааттандыра албайт. Дал ушул туурасында биздин эмгекте мындай бир ой айтылган: "V—VI класстын окуучулары чыгарманын сюжетин,негизги окуяларын толук айтып, кейипкерлердин мүнөзүнө, кыял — жоругуна, карманып тутунган жолуна — бүт инсандык касиетине

баа бере алышат: ...Бирок V—VI класстардын гана эмес, VII—VIII кала берсе IX—X класстардын окуучулары да А.Токомбаев менен А.Осмоновдун медитативдик, философиялык лирикаларын, Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы адам концепциясын, философиялык, психологиялык терең толгонууларды, сюжеттик чыңалууларды, бычак мизинде турган тагдырларды, эмоционалдык экспрессивдүү баяндоолор менен сүрөттөөлөрдү жеткиликтүү түшүнүүгө дарамети, даярдыгы жетпегендиги байкалат"[1].

Балдар көбүнчө "Акыл Карачач", "Үчүнчү шар" же "Жетим менен сыйкырчынын" мазмунун саймедиреп айтып бергендей эле, ырдын эмне жөнүндө жазылганына гана көңүл бөлөт да, мазмунун толук сүйлөп берүүгө аракет кылат. Негизи өзүмдүн жеке окутуучулук тажрыйбам да, атайын жүргүзгөн, астейдил байкоом менен изилдөөм да жана чыгармачыл мугалимдердин тажрыйбасы да мектепте лириканы окутууда төмөндөгүдөй мүчүлүштүктөргө жол бергендигин ырастады:

- ыр боюнча өтүлгөн сабактардын коендой окшоштугу,кайталамалуулугу, тажатмалуулугу кашкайып көрүнүп турат;
- бир акындын тигил же бул темадагы чыгармасы гана эмес, ар түрдүү акындардын ар кандай темадагы ырларына, бирдей мамиле жасап, баарын бир желеге тизип, алардын чыгармачылык жекече жүзүнө, чеберчилигине көңүл бөлбөй, акындын кайталангыс таланты көмүскөдө калтырылып өтүлгөн сабактардын арбындыгы. Айталы, А.Токомбаев менен А.Осмоновдун "Ай нурунда кышкы түн" менен "Кыргыз тоолору" өтүлгөндө алардын акындык арымы, акындык үнү, акындык ой өрүшү, акындык дүйнө түшүнүгү мына ушул темага кайрылыш себеби, ойду мына ушундай формада, ыргакта бериши, тигил же бул сөздү, сөз айкашын тандап алып, ыр саптарына кийириши көңүлгө алынбайт да, бирин кыргыз кышынын айлуу түндө көрүнүшүн даңазалаган, экинчисин кыргыз тоосун көкөлөтө мактаган деп тыянак-резюма чыгарылат;
- сабактардын жогоркудай тартипте, маани-мазмунда өтүлүшүнө программада сунушталган ырлардын өздөрү да түрткү берип багыттап жаткандай сыяктанат. Анткени поэзиянын чыныгы таламына жооп берген мыкты ырлар программага өтө аз кирген. Андан көбүнчө саясатташтырылган жеке адамдын, коомдук түзүлүшүбүздүн артыкчылыгын жар салган чыгармалар орун ал-

[1] *Алымов Б.* Кыргыз адабиятын (1920—1990) Мектепте окутуунун илимий-методикалык негиздери.//Илимий доклад п.и.д. үчүн.—Бишкек:1994.—19-б.

ган. Боорукерлик, ыймандуулук, адамгерчилик, кооздук, сулуулук, даанышмандык, сүйүү сыяктуу ары улуу, ары ыйык көркөм дөөлөттөр көмүскөдө калган;

- кээ бир окуу китептери менен окуу куралдарынын абалы да ырга болгон окуучулардын кызыгуусун ойготууга анчалык көмөк көрсөтө албайт. Окуулуктардагы тексттен кийин түзүлгөн суроо-тапшырмалар ырдын мазмунун айтып берүүгө гана багытталгандыгы лириканын жанрдык табиятын, өзгөчөлүгүн ачууга жардам бербей, кайра бөгөт болгондугу баамга урунат;
- лирикага байланыштуу адабият теориясынан маалымат берүүнүн эффективдүү жолдору менен ык-амалдарын мугалимдердин билбегендиги да поэзиянын кооздугун, маани-маңызын, анын адам турмушундагы ордун түшүнүүгө кедерги болуп жатат. Ыр деген эмне, ырдын ыр кылып турган белгилери кайсы, адабияттын башка түрлөрүнөн эмнеси менен айырмаланат, ырга көрк берип турган касиети кайсы, ырдын курулушу кандай болот? Ырды кантип талдоо керек? Ырда автордун орду кандай — булар адабият теориясынын негизги проблемалары. Лириканы терең үйрөнүүгө, терең түшүнүүгө, аны сүйүүгө өбөлгө түзгөн жогорудагы теориялык аныктамаларды өздөштүрүү иши көпчүлүк мугалимдердин көңүлүнөн чыгып калгандыгы;
- искусствонун башка салааларын (музыканын, живопистин, скульптуранын, архитектуранын) лирикалык чыгарма менен ыктуу айкалыштыра билбөө да окуучулардын ырга болгон кызыгуу сезиминин мокошуна, ышкы-кумарынын жанбай калышына алып келүүдө;
- адабият мугалимдеринин өздөрүнүн лириканы анча сүйбөгөндүгү, кызыкпагандыгы да окуучулардын поэзия күйөрмандарынан болушуна өзүнүн терс таасирин тийгизүүдө. Анткени өзүң сүйбөгөндү башка бирөөлөргө сүйдүрүшүң абдан кыйын. Мугалимде акындык дүйнө, акындык көз караш болушу абзел;
- мектеп китепканаларында поэзиянын мыкты үлгүлөрүн камтыган акындардын чыгармаларынын аздыгы, дээрлик жоктугу, мында иштегендердин ырдын табиятын түшүнбөгөндүгү, ырга кызыкпагандыгы, адабият мугалимдеринин демилгесиздиги да лириканы үйрөнүүгө тоскоол болууда. Акындын адамдык,пендечилик тагдырына кызыктырган аңгеме-субкаттардын көп өткөрүлбөгөндүгү, чыгармачыл адамдар менен баарлашуунун уюштурулбагандыгы, акын-жазуучулардын өздөрүнүн да

мындай жолугушууларга анчейин маани беришпегендиги да поэзия күйөрмандарынын азайып баратышын шарттоодо;

- азыркы учурда мугалимдердин иштөөсү үчүн жетиштүү шарттардын түзүлбөгөндүгү да, алардын жашоосуна, эмгегине жүрнары мамиленин жасалышы да жалпы эле окутуу, билим берүү, тарбиялоо жаатында иштиктүү аракеттердин мындан да солгундашына өбөлгө түзүүдө.

Кандай гана коом болбосун, сөзгө муктаж, адамды адам кылган, жаратылыш, дүйнөнү тааныткан, илим-билимдин эң бийик сепээсине чыгарган, ачылыштарды түбөлүккө айланткан да — Сөз. Күн жаратылыштын жандуу, жансызына өмүр бергендей эле, Сөз адам коомуна, адамдын өзүнө өмүр берет.Күн-жаратылыш дүйнөсүнүн жаны болсо, Сөз — адам дүйнөсүнүн жаны. Сөздүн чыныгы ээлери-акындар,жазуучулар,даанышман ойчулдар, илимпоздор, ал эми булардын сөзүн жаш адамдардын сезимине кыттай куюп жеткирүүчү адамдар—мугалимдер, өзгөчө адабият мугалимдери. Ал эми поэзиянын сыйкырдуу сырын мугалим өз шакиртине ачып бериши шарт.

Экинчи бап

V—VIII КЛАССТАРДА ЛИРИКАНЫ ҮЙРӨНҮҮНҮН ИЙКЕМДҮҮ ЫКМАЛАРЫ

§ 1. Лириканын жанрдык өзгөчөлүгү жана аны үйрөнүүдө көңүл бөлүүчү маселелер

Поэзиянын адам жүрөгүнө, акыл-эсине, жан дүйнөсүнө таасир эткен улуу күчү, касиети, сыйкыры, сыры эмнеде? Мына ушул ар кандай адамды ойлондурган суроого мектеп окуучусу жооп алуусу зарыл. Бул үчүн алар поэтикалык чыгармачылыктын мыйзамын, поэзиянын тилинин өзгөчөлүгүн өздөштүрүүсү, билиши шарт. Биз мектеп окуучуларына: Поэзия дегенди кандай түшүнөсүңөр? Акын деген ким? Кандай адамды акын дейбиз? Жакшы ыр деп кандай ырды айтабыз? — деген суроолор менен кайрылганыбызда, төмөндөгүдөй жоопторду алдык."...Ыр түрүндөгү чыгармалар поэзияга кирет, "поэзия ыр менен жазылат," "обонго салып ырдоого ылайыкташтырылган чыгарма поэзияга кирет," "акын деп ыр жазган адамды айтабыз," "акын деп өзүнүн көргөндөрүн уйкаштырып, ыр токуган адамды айтабыз," "акын деген таланттуу адам болот, талантынын негизинде ыр жазат", "акын болуш үчүн талант керек, таланттуу адам гана акын болот", "жакшы ыр деп сезимине таасир эткен ырды айтабыз", "жакшы ыр деп эсиңде көпкө сактала турган ырды айтабыз, "мага Алыкулдун ырлары укмуштуудай таасир калтырды" ж.б.

Бул жооптордон мектеп окуучулары поэтикалык чыгарманын табияты жөнүндө терең түшүнүккө ээ эмес, көбүнчө сюжетине каран үстүртөн баа бере коеру ачык эле көрүнүп турат. Ырды ыр кылып турган касиети кайсы, анын башка жанрлардан кандай айырмачылыгы бар, булар тууралуу ой жорутууда окуучулардын чабал экендиги байкалат. Ошондуктан поэзиянын табияты тууралу бир аз сөз кылуу зарылдыгы келип чыгууда. Эң биринчи мындай карасаң, өтө жөнөкөй, чындыгында, бир топ татаал Акын деген ким?— деген суроону чечмелеп алышыбыз, андан кийин гана поэзия, анын табияты жөнүндө сөз кылганыбыз максатка ылайыктуу. Уйкаштырып ыр жазгандын баары эле акынбы, албетте, мындай эмес. Акын болуу үчүн акын болуп туулуу керек. Бул эмне дегендик? Бул деген акын болуучу адамдын жан дүйнөсүндө, инсандык касиеттеринде, дүйнө таанымында, ой жүгүртүүсүндө кандайдыр бир өзгөчөлүктөр бар. Мына ушул өзгөчөлүктөрдөн улам, ал адам ыр токуйт, ыр жаратат, сөз түйшүгүн тартат. Акын болчу адам башка бирөөнүн кайгы куба-

нычын жүрөгүнө өз кайгы кубанычынан жакыныраак, курчураак, кабыл алуучу боорукер, сергек сезимдүү, көрөгөч көздүү болуусу лаазым. Чыныгы акын, сүрөткер инсан өзүнүн айланасындагы болуп жатканды бүткүл турпаты менен, кан-жаны менен кабыл алат, анда кайдыгерлик, кош көңүлдүүлүк деген сезим болбойт. Ошондуктан чоң акындын ырларында жөнөкөй эле сүйүү, жөнөкөй эле жек көрүү эмес, тоодой сүйүү, тоодой жек көрүү жашайт. Ал жамандыкка да, жакшылыкка да үн кошот. Чыныгы акынга ар дайым бир нерсе жетишпейт, ал өмүр бою изденет, өмүр бою өзүнө ыраазы болбойт, жазганынан жаза элек ырын мыкты сезип жашайт. Эс алуу, магдыроо, тынчуу, манчыркоо чыныгы акынга жат. Жан дүйнөсүндөгү уйгу-туйгуну, өйдө-төмөндү, жек көрүү, сүйүүнү адамдарга жеткирем деп, ар бир жаңы жазган ырында миң өлүп, миң тирилет.

Акын өзүнүн жанын үрөп жазган ырлары аркылуу тамчы ташты көзөгөндөй, адамдардын кайдыгерлигин көзөп өтүүгө аракет кылат. Акын ырында тигил же бул турмуштук таасирлерден улам пайда болгон сезимди, ойду, маанайды, толгонууну, ой жүгүртүүнү чагылдырат. Турмуш бир кылка болбойт, анын ою, кыры, өйдө-төмөнү да болот. Ошондуктан анын ырында акыйкатсыздыкка, теңсиздикке каршылык менен жек көрүү, ата журтунун көркүнө тойбой, ага кызмат кылууга үндөө, өмүр, жашоо, достук, сүйүү — баары тартылат. Турмуш чындыгын, анын кооздугун, акын менен карапайым адам бирдей кабыл албайт. Кооздукту көрө билүү, аны кабыл алуу дүйнө таанымына, ой өрүшүнө, маданий деңгээлине, эстетикалык татымына жараша болот. Карапайым пенде жашоонун кооздугун жөнөкөй эле кабыл алат. Ага таң калат, рахат алат. Акын болсо кооздукту көрүп, андан дене боюн балкыткан рахат, канааттануу гана албастан, ошол кооздукту өзүнүн жан дүйнөсүнөн өткөрүп, аны кайра жаратат, мына ушинтип акын өзү көргөн, өзү сезген кооздукту түбөлүктүү нерсеге айлантат. Өзүбүздү курчап турган турмуштан кооздукту көрүп, аны баалай билүүгө жол көрсөтөт.

Искусствону, анын ичинде лириканы түшүнүү үчүн көркөм табитке ээ болуу зарыл. Ал эми көркөм табит — инсанды калыптандыруунун башкы шарттарынын бири. Ал элдин турмушу, эмгеги жана чыгармачылыгы менен бекем байланышта өнүгөт. Элдин көркөм чыгармачылыгы — бул табиттин эң жогорку жалпыланган продуктусу. Ошондуктан эпостор, элдик ырлар, макал-табышмактар, учкул сөздөр жана башкалар ар дайым жаңы, ар дайым таасири күчтүү, анткени булар эл турмушу, эл күрөшү менен байланышып, алардын каалоолорун, үмүтүн, умтулууларын туюнтат. Көркөм чыгармаларда сүрөттөлгөн кооздук, сулуулук, адамдардын көркөм табитине, психологиясына, жашоо ыңгайына жагымдуу оң таасирин тийгизет,

акын коомдук табитке, коомдук табит акындын табитине таасирин тийгизип, көркөм адабиятты байытат да, коомдун рухий материалдык жана илимий-техникалык прогрессине кызмат кылат. Көркөм табит — адамдын адабий чыгармага жалпы адамзаттык көз караштан туура баа берүү жөндөмдүүлүгү. Көркөм табит менен эстетикалык табит бири-бирин толуктап турат, бирок булардын өз ара айырмачылыктары да бар. Эстетикалык табит көркөм табитке караганда бир топ кеңирээк түшүнүк, буга адамдын сулуулугу, жашоо тиричиликтин, жаратылыштын жана башкалардын кооздугу да кирсе, көркөм табиттин тармагына адабий чыгарманын спецификалык өзгөчөлүгү менен байланышкан сөз искусствосунун кооздугу гана кирет.

Көркөм табиттин жардамы менен гана окуучулар чыныгы мыкты чыгарманы маанисиз, алешем, жармач чыгармалардан айырмалай алышат, ошондой эле ушул аркылуу жашоодогу кооздукту, адам мамилелери менен жаратылыштын гармониясын байкашат жана кабыл алышат. Айрыкча, лириканы өздөштүрүүдө көркөм табиттин мааниси күчтүү. Анткени адабияттын башка жанрларына салыштырмалуу лириканын табияты башкачараак, мында айырмачылык — сүрөттөөнүн предметинен, мүнөзүнөн, баяндоодон жана чыгарманын курулушунан келип чыгаары маалым. Эпостун, драманын жана лириканын ички өзгөчөлүгүн аныктоо үчүн бир эле аспектиден: автордун тигил же бул жанрдагы көркөм чыгарманын структурасында кантип жана канчалык деңгээлде катышуу аспектисинен карап көрөлү.

Эпикалык чыгарманын өзөгүн аракет түзөт. Аракет бул каармандардын мүнөзүн ачуунун эң негизги каражаты, мында ар дайым эмнегедир бир нерсе болот, бул болуп жатканды бир бүтүндүккө бириктирген өзөк — окуя. Окуя өзүнө ички жана сырткы конфликтини камтыйт да, ал сөздүн, көркөм кептин жардамы менен сүрөттөлүп, баяндоо аркылуу жүзөгө ашат. Эпикалык чыгармада автор ар убак катышат. Анын көркөм чыгармадагы орду эки түрдүү болот. Биринчи учурда автордун чыгармага катышканы окурманга ачык, даана байкалат да, ал көмүскөдө калат, бирок анын көз карашы, идеалы, кимге жан тартканы, эмне айтмакчы болгону өзү жараткан образдар аркылуу билдирилет. Экинчи учурда автор чыгарманын структурасына ачыктан ачык кирет да, өзүнүн ой-сезимин, дүйнө таанымын, идеалын, кимге жан тартып, кимди жек көрөрүн түздөн-түз эле билдирет. Бул лирикалык прозадан же ой жүгүртүү мүнөздүү прозадан, же ыр түрүндөгү эпикалык чыгармадагы лирикалык чегинүүлөрдөн ачык көрүнөт. Ал эми драмалык чыгармада автор таптакыр катышпай, драманын өзөгүн курч конфликт түзөт.

Бирок негизинен эпикалык чыгарма менен драмалык чыгармалар көп жагынан бири-бирине окшоштугу бар. Ал эми негизги айырмачылыгы эпосто "кабарлоо аркылуу, "драмада" окуя—болмушту көз алдыга көрсөтүү аркылуу"[1] жүзөгө ашкандыгы.

Ошентип, лирика эпикалык чыгармадан да, драмалык чыгармадан да түп тамырынан айырмаланат. Ошол себептүү лирикалык чыгарманы оңдоо, түзөө,кошумчалоо жана башка ар кандай жолдор менен эпикалык же драмалык чыгармага айландыруу мүмкүн эмес. Мында автордун чыгарманын структурасына, "ич койнуна" катышуусу да башкача мүнөздө "лирикалык чыгармада акын автор жана сүрөттөөнүн обьектиси катары гана катышпастан, ырдын эстетикалык структурасына кирген анын маанилүү элементи жана субьекти катары да катышат"[2]. Демек, лирикада акын ырды жаратуучу катары да, ырдын сүрөттөө предмети катары да кызмат өтөйт. Бирок акын ар дайым эле өзү, өзүнүн сезими жөнүндө өз атынан сөз кыла бербейт, кээде тигил же бул көрүнүшкө, окуяга, кубулушка, пейзажга лирикалык субьект, лирикалык "мен" жашырылышы да ыктымал, бирок жогорудагы турмуштук көрүнүштү байкоо анча кыйын эмес. Лирикалык "мен" активдүү, бирок ал сөзсүз эле индивидуалдуу боло бербейт. Анткени лириканын табиятына жалпылык мүнөздүү, ал тигил же бул турмуштук таасирден улам пайда болгон жеке адамдын жан дүйнөсүндөгү өзгөрүүнү, козголоңду, чыңалууну, ошол адамдын ага болгон мамилесин жалпыга таандык кылып сүрөттөөгө умтулат жана дал ошондой кылып сүрөттөйт, лириканын ички мазмунун тереңдигин жана байлыгын: " если лирика создает характер то не столько ,"частный", единичный, сколько эпохеальный, исторический",[3] — деп белгилейт Гинзбург. Бул жанрдын мына ушундай өзгөчөлүгүн, ички сырын, табиятын так билбөө окутууда оң натыйжага жетишүүгө тоскоолдук кыларын тажрыйба ачык көрсөттү.

Лириканы үйрөнүүдө төмөндөгүлөргө көңүл буруу максатка ылайыктуу. Эң эле биринчи чыгармачылык иш-аракетти пайда кылуу зарыл. Эгер биз адамдын жүрүш — турушун, ишмердүүлүгүн көңүл коюп карасак, анын иш аракетинин эки түрүн көрөбүз. Биререпродуктивдик (кайра жаратуучу), экинчиси — чыгармачылык (жаңыдан жаратуучу).

---

[1] *Поспелов Г.И.* Лирика М.:Изд. Московского университета,1976 —С.53.

[2] *Гинзбург Л.Я.*О лирике 3-е Изд.—Доп.—Л.: Советский писатель Ленинградского отделения. 1974,С.8.

[3] *Гинзбург Л.Я.* О лирике 3-е изд. Доп. Л.: Советский писатель Ленинградского отделения.1974,С.13.

Биринчиси биздин эске тутуубуз менен тыгыз байланышкан. Мунун маңызы адам өзүнүн мурда калыптанган жана иштелип чыккан жүрүш-турушунун ыкмаларын кайталайт, же баштагы таасирлерди аң-сезиминде кайрадан жандандырат, жаңы эч нерсени жасабайт. Мурдагы тажрыйбаны сактоо—адам баласынын турмушунда зор маанияе ээ.

Экинчиси биздин кыялдануубуз, фантазиябыз менен байланышкан. Мында адам мурдагы тажрыйбаны гана кайталап, жандырып жол болбойт, жаңы иш-аракетти, жаңы образды жаратат. Эгер биздин мээбиз баштагы тажрыйбаны гана сактоочу касиетке ээ болуп, чыгармачылык мүмкүнчүлүктөн четте калса, анда адам курчап турган көрүнүш — чөйрөнүн туруктуу шарттарына гана ыңгайлашкан жандыкка айланмак, күтүүсүз, жаңы, кескин, өзгөрүүлөрго ыңгайлаша алмак эмес. Демек, чыгармачылык иш-аракетсиз турмушубуз жылбай, бир орунда токтоп калмак. Мунсуз эч кандай көркөм, илимий жана техникалык ачылыштар болмок эмес. Демек, репродуктивдик ишмердүүлүктүн негизин — эске тутуу, ал эми чыгармачылык ишмердүүлүктүн негизин — кыялдануу, фантазия түзөт. Бирок эске тутуу менен кыялдануунуу, фантазияны бири-бирине карама-каршы коюуга болбойт. Булар өз ара тыгыз карым-катнашта байланышта болот. Чындыкка таптакыр жакындабайт, жөн эле куру кыял фантастика деген элдик жомок, миф, легенда, уламыштарды үңүлүп көңүл, коюп карасак, чындыктан алынып, биздин чыгармачылык иш-аракетибиздин натыйжасында гана өзгөрүүлөрго учурап, адам ишене бербей турган түскө ээ болгонун көрөбүз. Мисалы, "жашартуучу алма", "Алтын куш", "Сыйкырдуу карышкыр", "Булуттуу көктүн асты менен, муундуу чөптүн үстү менен", " канаттуу куштай сызчу, алтын көкүл, кулун жал күлүк ат, бели кындай, бети айдай, күмүш үндүү, күн жүздүү, ааламдан ашкан уз, айдай сулуу кыз" — булар жомоктук белгини жаратса, жашаруу, алма,алтын, куш, сыйкыр, карышкыр, булут, көк асман, муун, чөп, канаттуу куш, көкүл, күлүк ат, бел, кын, ай, күн, сулуу, уз — чындыктан гана алынган нерселер. Мында создөрдүн өз ара айкашышы гана фантастикалуу көрүнүштү жаратып жатканы болбосо, ал түшүнүктөрдүн өзү чындыктан алынганы анык.

. Жогорудагылардан көрүнгөндөй, кыялдануу аркылуу жаралган укмуштуу көрүнүштөр чындыкка таянылып, чындыктан алынат. Эгер биз улуу ачылыштарга көз жүгүртсөк, алардын баары эң көп топтолгон тажрыйбанын натыйжасы экендигин байкайбыз. Анткени тажрыйба канчалык мол болсо, кыялдануунуу зарыл материал ошончолук көп болот. Демек, чыгармачылык ишмердүүлүк, кыялдануу адамдын тажрыйбасына түздөн-түз көз каранды. Экинчи жагынан

кыялдана билүү, фантазия адам баласынын тажрыйбасынын зоотышына чоң өбөлгө түзөт. Кыялдын жардамы менен башкалардын тажрыйбасын үйрөнүүгө, жаңы түшүнүк, элестерди жаратууга мүмкүндүк алабыз. Албетте, өзүбүзгө чейинки адам баласынын тажрыйбасын кыял аркылуу кабыл алууда бизде ошолор тууралуу белгилүү өлчөмдө түшүнүктүн болушу зарыл. Биринчисинде кыялдануу тажрыйбага таянса, мында тажрыйба кыялдануугa таянат. Айырмасы биринде чындык көрүнүштөрдү айкаштыруу менен фантастикалык түшүнүк-тү, элести жаратсак, экинчисинде фантазиялык элементтерден, кыялдын аракетинен чындык түшүнүктү, элести жаратабыз.

Кыялый ишмердүүлүк менен реалдуулуктун байланышынын дагы бир түрү эмоционалдык байланыш болуп эсептелет. Баарыбызга дайын бир эле окуяга, көрүнүшкө кубанып турганда бир башка, көңүл чөгүп турганда бир башка мамиле жасайбыз. Тигил же бу маанайда турганда өң-түсүбүздө, дем алуубуз менен жүрөгүбүздүн кагуусунда гана өзгөрүү болбостон ой сезимибизде да өзгөрүү болот. Өзүбүздүн жүрүш-турпатыбыз менен эле маанайыбызды башкаларга туйдура алгандай эле, кыялыбыздын, фантазиябыздын аракети менен жаралган образдар аркылуу да, ошондой эле ар кыл түстөр аркылуу да жан дүйнөбүздөгү сй-сезимибизди билдирип келгенбиз. Мисалы, кайгыны кара, кубанычты ак, санааны сары ж.б. түстөр менен.

Көркөм чыгармачылыкта кээде сезим кыялдануубузга таасир этсе, кээде кыялдануубуз сезимге түрткү берет. Ошентип, кыялдын жардамы менен жараткан образыбыз турмуш чындыгынан алынбай эле туюмдун натыйжасы болсо да, ал жараткан сезим—чын. Бул дегендик ошол образ бизди турмуштун өзүндөй кайгыртып кубанта алат дегендик. Көркөм адабият мына ушул мыйзам боюнча курулат. Жогорудагылардан байкалгандай, лириканы кабыл алуу, түшүнүү үчүн кыялый жана кайра жаратуучу иш аракет менен бирдикте эмоционалдуулук да зарыл. Демек, илимий техникалык ачылыштарда болсун, көркөм дөөлөтөрдү жаратууда , аны кабыл алуу, түшүнүүдө болсун — баарында чыгармачыл эмгек зарыл. Ал эми чыгармачылыктын негизин тажрыйба, кыялдануу, фантазия түзөрүн адам баласынын тарыхы айкын көрсөттү. Бул сапатты бала кезинен калыптандыруу максатка ылайыктуу. Чыгармачылыктын калыптанышында жеке умтулуулардан, жөндөмдүүлүктөн тышкары чөйрөнүн болушу да зарыл. Чөйрөсүз чыгармачылыктын болушу мүмкүн

эмес. Демек, ириде көркөм чыгармачылыкта окуучулар арасында сөз өнөрүнүн тамыр жайышына ыңгайлуу чөйрөнү түзүшүбүз керек. Бул мектепте гана эмес, үйүндө, өзү жашаган айылда, же шаарда гана эмес, жалпы жумуриятыбызда сөзгө, сөз күчүнө таазим эткендей жагдайды жаратышыбыз лаазым дегендик. Андыктан мектепте лириканы үйрөнүүдө лириканын табиятын мыкты билүү, окуучуларда окурмандык маданиятты, көркөм табитти калыптандыруу,турмуштук тажрыйбасын арттырып, кыялдануусун, фантазиясын өркүндөтүү жана чыгармачылык мүмкүнчүлүгүн кеңитүү үчүн жагымдуу чөйрөнү жаратуу зарыл. Мындан тышкары лириканы окутууда төмөнкүлөрдү да эске алуу керек:

Акынды эргиткен сезимдин толкунуна, акындын ырдагы маанайына, ырдын жаралуу кырдаалына, окуучуну "тушма-туш, оропара" кылуу зарыл. Акындын ыры канчалык жекече касиетке ээ болуп, анын жеке өзүнүн көңүл жайын, маанайын, сезимин, дүйнө таанымын чагылдырбасын, ошол ой-сезимди, маанайды, эргүүнү пайда кылган турмуштук кырдаал, шарт ар бирибизге тааныш, ар бирибиз кайсы бир учурда, кандайдыр бир кырдаалда жогорудагы ой-сезимди өзүбүздүн башыбыздан өткөргөнбүз. Бирок бул таасир бизге окшогон карапайым пенденин жан-дүйнөсүндө көзүн кум баскан булактай бекип жатса, чоң акындын талантынын күчү менен сыртка атырылып чыгып, сезимибизди сергитип, түркүн түс ой туудурат. Лириканы талдоодо жана окутууда бул жагдай мугалимдин эсинен чыкпоого тийиш.

Лириканын дагы бир татаал табышмагы көркөм сөздүн сыры менен байланышкан. Мыкты ырларды окуганда, бизге бул ырлар оңой эле ушул турушу менен, бир эле демде акындын калеминен жаралгандай туюлат. Чынында андай эмес. Эгер мүмкүндүк болуп, ошол ырдын биринчи жазылышы менен таанышсак, чыгарманын жаралыш азабын аз да болсо сезмекпиз. Акындар ырларын кайра сызат, кайра оңдойт, кайра жазат, кайра сызат. Бул аркылуу алар эмнени издейт. Эмнени табууну эңсейт. Буга жооп бирөө гана — сөздү ,көркөм, элестүү, өз ордун тапкан бирден-бир зарыл, керек сөздү. Көркөм чыгармадагы, айрыкча, лирикадагы сөз күндөлүк пикир алышуудагы сөз менен бирдей болбойт. Анткени ал контекстке түшөт, мында болсо сөздөрдүн өзгөчө системасы түзүлөт. Ар бир сөз башка сөз менен грамматикалык, синтаксистик, маанилик байланышта болот. Поэтикалык контекстте сөз өзгөчө көркөм, сыйымдуу, жыйынтыктуу, көп маанилүү касиетке эгедер. Поэтикалык контексттеги көркөм сөздүн эң негизги өзгөчөлүгүнүн бири — анын туруктуу мааниге ээ эмес, өзгөрүлмө, "жылма мааниге" ээ болгондугу. Троп мына ушинтип жаралат. Муну кабыл алуу, түшүнүү

даярдалбаган окуучуга бир топ кыйын. Демек, лириканы талдоодо жана окутууда сөзгө көңүл бөлүү өтө маанилүү.

Лириканы үйрөнүүдө ырдагы ар бир сөзгө гана эмес, андагы ар бир тыбышка, доошко да терең маани берүү керек. Анткени сөздөгү тыбыштардын үндөштүгү ырдын көркөмдүгүн, угумдуулугун, элестүүлүгүн күчөтөт. Ошондуктан окуучуларды ырдын музыкасын уга, сезе жана кабыл ала билүүгө, тыбыштардын шыңгыр үнүнө, жаңырыгына маани бере жана кооздугун көрө билүүгө көнүктүрүү зарыл. Чыныгы мыкты таланттын ырларында тыбыш, сезим жана ойдун керемет ажырагыс бекем байланышы түзүлөт.

Лириканы үйрөнүүнүн натыйжалуулугу ырды талдоого да тикеден-тике көз каранды экендигин ойдо чыгарбоо керек. Албетте, мында адабияттын өзгөчө назик бул түрүнүн спецификасы, окуучунун окурмандык кабыл алуусунун деңгээлин эске алуу менен кылдат жүргүзүлүшү кажет. "Лирикалык чыгарманы талдоо өнөрүнүн өзү—өнөр. Мында баары: педагогикалык эргүү жана эсеп, ой менен сезим, интонация менен темп, үндү угуму менен кыймылы, маанай менен сезим абдан маанилүү"[1].

Ырдагы берилген чындыктан кымындай четтөө, жалган эмоция, туура коюлбаган беймаза суроо ырга болгон окуучунун кызыгуусун өчүрүп, көркөм табитин мокотуп, кабыл алуусун тумчуктуруп жок кылып коюушу толук ыктымал. Демек, ырды талдоо дегендик — ырдагы көркөмдүктү, кооздукту, сулуулукту ачуу,андагы ойдун, сезимдин күчүн, тереңдигин көрүү, аныктай билүү дегендик. Ырды талдоо дегендик—ырдын бөлүктөрүнүн өзгөчө жайгашышына, строфикасынын, өлчөмүнүн өзгөчөлүгүнө, тыбыштардын угумуна, ырдагы эн-тамгалуу сөздүк образдарга, кээ бирде тыныш белгилерине да көңүл бөлүп, алардын маани-маңызына түшүнүү дегендик.

§ 2. Лириканы окутуудагы сабактын этаптары жана аны уюштыруунун жолдору

Лириканы үйрөнүүдөгү мугалимдин эң башкы милдети—окуучунун акын менен тагдырлаш болуп, ой-сезимин тең бөлүшүп, ой жүгүртө билүүсүнө жетишүү. Ой менен сезимдин тереңдигин жана таасир этүү күчүн ачып көрсөтүү, ырды толук кабыл алууга зарыл окурмандык сапатты: эмоционалдык сезимталдыкты, образдуу ассоциативдүү ой жүгүртө билүүнү жана көркөм сөзгө эстети-

---

[1] *Алымов Б.* Кыргыз совет адабиятын окутуунун методикасы. // ЖОЖ филология факультетинин студент тери үчүн окуу китеби.—Ф.:Мектеп,1981.—57-б.

калык мамиле жасай билүүсүн калыптандыруу. Ырды үйрөнүү сабагы кандай болуш керек? Албетте, мындай болот деп баарына бирдей жарай бере турган даяр рецепти берүү мүмкүн эмес. Анткени ар бир чыгарма кайталангыс, ал жеке туюм, таасирлердин натыйжасында жаралган, анда уникалдуу инсандын жан дүйнөсүнүн абалы чагылдырылган. Демек, миң түркүн сезимди, көңүл жайды, ой толгоону, образды алып жүргөн ар бир ыр өзүнчө мамилени, интонацияны, талдоонун логикасын талап кылары мыйзам ченемдүү. Тилекке каршы, адабият сабагы көп учурда шаблондуу, кайталамалуу, тажатма кейипте өтүлөт. Ал эми көркөм адабияттын эң бир интимдүү, назик, өзгөчө түрү болгон лириканы үйрөнүүдөгү көчүрмөлүүлүк, калыпка куйгандай окшоштук — өзүнүн терс таасирин күчтүү тийгизери маалым. Ошондуктан ырды үйрөнүүнүн ар кандай кырдаалына жарай бере турган даяр рецептерди, эрежелерди ойлоп таппай, кызыктуу, жандуу сабакты жарата турган принциптерди аныктап алуу максатка ылайыктуудай.

Ар кандай темадагы, ар кандай мазмундагы ырды үйрөнүүдө өзүнүн оң натыйжаларын берип, акындын чыгармачылыгына болгон кызыгуусун ойготуунун жемиштүү ык-жолдорунун бири-ырды жаратып жаткандагы акындын жан дүйнөсүндөгү абалга окуучуну колдон келишинче, мүмкүн болушунча жакындатуу.

Лирикалык чыгарманы биринчи жолу кабыл алуунун жүрүшүнө өтө көп нерсе көз каранды. Ыр боюнча өтүлгөн алгачкы сабак баланын жүрөк беренелеринин кылдарын дирилдетип, түркүн-түс ой-сезимге салдыбы же көңүл отун жандырбай кайдыгер калтырдыбы, окуучунун ышкы-кумары алоолонуп жандыбы, же окурмандык маанай акындын сезиминин толкунуна багытталбай, бейтарап абалды ээледиби? Мына ошондуктан сабактын кириш бөлүгүн өзгөчө тыкандык менен ар тараптан ойлонуп, иштеп чыгуу шарт. Мында төмонкүлөргө көңүл бөлүү зарыл: ырды өтүүдө акын жөнүндө маалымат берүү керекпи, керек болсо, акын жөнүндө эмнелерди айтуу жөндүү, аны кантип айтуу ылайык, эмнеге басым жасоо керек; ырдын жаралыш тарыхына токтолуу зарылбы же мунун кереги жокбу, керек болсо, канчалык деңгээлде; бул ырды мурда окуучуларга тааныш кайсы ырга салыштырса болот; кайсы жерин, кандай максатта; искусствонун башка салаалары менен байланыштыруу керекпи, кантип байланыштырса болот; башка предметтерден окуучулардын алган билимин пайдаланса болобу, болсо кайсыл жеринде жана канчалык даражада, — деген сыяктуу суроолорду чечип алуу шарт. Бирок киришүү сабагында аңгеменин мазмуну, фактынын кызыктуулугу же салыштырылуучу чыгарманын туура тандалышына гана басым жасоо менен бардык маселе чечилип кал-

байт. Мугалимдин сөзү, тону, темпи. эмоциясы ырдын тонуна, темпине, угумуна, эмоциясына шайкеш, төп келгендей, окуучуларда акын ырды жаратып жаткандагыга жакын, окшош, үндөш абалды, көңүл жайды, сезим, маанайды пайда кылгандай болушу абзел. Киришүү сабагынын мазмуну ырдын өзгөчөлүгүнө, окуучулардын ырды жараткан акын менен канчалык деңгээлде тааныш экендигине жараша болот. Ы.Шайбековдун "Кайран эли" V класста өтүлөт. Бул боюнча өтүлгөн киришүү сабагы төмөндөгүдөй мүнөздө уюштурулса, окуучуларга жеткиликтүү, кызыктуу болорун тажрыйба көрсөттү.

Үн жазгыдан "Көкөй кести" күүсүн угузуу. Мунун максаты— бул арман, күйүт толгон күү аркылуу окуучуларда акындын ырдагы маанайына жакын көңүл жайды пайда кылуу. Ырды кабыл алууга психологиялык жактан даярдоо, андан соң, мугалимдин сөзү төмөнкүдөй мазмунда жүрөт.

Балдар, биздин элибиз — аз болгону менен, түптүү эл, тамыры тээ дооорлордун тереңине кеткен бай тарыхка ээ эл, кандай гана замандар өтпөдү, эмнелерди гана элибиз өз башынан кечирбеди. Жеңиштин байрагын желпилдете көтөргөн да, жеңилиштин оор күйүтүнө баткан кездери да болду. Бирок ата конушу болгон Ала-Тоосу менен Ысык-Көлүн, Теңир-Тоосу менен Таласын, Аксысы менен Алайын чочун бутка тепсетип, чочун козго караткан жок. Ата-бабабыз баарынан эркиндикти жогору коюп жашап, күн кечирип келген. Эл эркиндигине башын байлап, күн тыным, түн чырым албай, эл четинде, жоо бетинде жүргөн уул-кыздары жөнүндө өлбөс-өчпөс улуу сөздөрдү жаратышып, муундан муунга мураска калтырышкан. Элибиздин баскан жолунун өйдө-төмөнү, ачуу-таттуусу, жеңилиш-жеңиши — баары ырчылардын тилинде, комуздун кылында жашап келди. Мына азыр укkан Кара Молдонун "Көкөй кести" күүсү элибиздин өткөн заманындагы басып өткөн турмушунун күйүттүү энциклопедиясы десек, жаңылышпайбыз. Уюткулуу, түптүү элибиздин тамырына балта чаап, киндик кесип, кан тамган ата конушунан ажыратып ,тентитип жиберген окуялардын бири кечээ эле 1916-жылы болду. Падышачылык өзүнүн курамындагы чет-теги түпкү элге карата басып алуучулук саясатын жүргүзүп, өзүн өзү билип, өтүгүн төргө илип турган кези, Ата бабабыздын нечендеген кылымдардан бери жердеп отурукташкан, дыйканчылыкка жарамдуу сугат жерлерин, ата конуштарын тартып алып, орус жана казак орустарына тартуулап жаткан. Алык-салыктан башын чыгарбай алсыратып, жанын көзүнө көрсөтүп турган болчу. Биринчи дүйнөлүк согуштун жалыны жер үстүндө жалбырттап күйүп жаткан. Падышачылык бул согуштун отун тутанткандардын бири эле.

Акыбалы начарлап, алапайын таппай жатканда, курамындагы четтеги түпкүлүктүү элден аскерликке албайм деген бир кездеги убадасынан танып, мендикерликке (кара жумушка) алуу жөнүндөгү жарлыгын чыгарат. Ансыз деле оор турмуш белинен бек басып турган эл үчүн бул жарлык күйө албай жаткан отко май чачкандай эле болду. Бөтөн эл, бөтөн жерге барып, көз жумгандан көрө өз жеримизде, өлөң төшөгүбүздө өлгөнүбүз артык дешип, падышанын өкүмүнө баш ийишпей, каршы чыгышты. Уюмдашпаган, эч кандай курал-жарагы жок башаламан чыккан элдин бул козголоңун казак-орустардан түзүлгөн жазалоочу отряд мыкаачылык менен басты. Карысына, жашына, келинине, кызына, атасына, баласына карабай атышты, өлтүрүштү. Эл киндик каны тамган жерин таштай качууга аргасыз болду. Сууга акты, аскадан кулады, көбүнүн сөөктөрү көмүлбөй, карга, кузгундун жемине айланды. Кашкар, Турпан, Кытайда көрүнгөндүн эшигин башпаана кылып, өлбөстүн күнүн көрүштү. Элибиздин башына түшкөн мына ушул азап-тозокту өзү башынан кечирип, өз көзү менен көргөн кыргыздын таланттуу уулдары арман менен күйүткө толгон ырга айлантышты, күүгө салышты, роман-эпопеяларды жаратышты. Ошолордун бири кыргыздын таланттуу акыны Ысак Шайбеков "Азган эл", "Кайран эл", "Кайткан эл" деген ырларын жараткан. Аттары айтып тургандай эле, бул ырлар элибиздин кандуу тарыхынан алынган. Алды-арты көрүнбөгөн туңгуюкка камап, ажал менен кайырчылыктын үрөнүн чачкандарга болгон жек көрүүң бүт акыл эсиңди ээлеп, жүрөгүңдө кайнаган кардан эриниңди кесе тиштейсиң. Эптеп күн кечирүү үчүн жан аргасын издегендердин абалына сай-сөөгүң сыздап, эрксизден көзүңө ачуу жаш келет.

Баласына жеткирбей,
Тегин сатты, кайран эл.
Уул-кызга калуучу,
Себин сатты, кайран эл.
Соодагерге алдатып,
Жеңил сатты, кайран эл.
Жесир калган, эри өлүп,
Келин сатты, кайран эл.

Мына, көз алдыңарга келтиргилечи, балдар, кайсы учурда, качан адам өзүнө өмүр берген атасы менен энесин, өзүнүн канынан жаралган уул менен кызын, ыйба кылып ийилип, кызматын кылып жүгүргөн келинин сатчу эле!? Качан, кайсы учурда? Эмне, элибиз ушунчалык ташбоор, кара мүртөз калкпы? Аео деген, боорукерлик деген элибиздин мүнөзүнө жат касиетпи? Жок жана да жок! Бул — биздин ата-бабабыздын ырайымсыздыгы эмес, орус падышачылы-

гынын мыкаачылыгы, жан алгычтыгы. Бул — кыргыз деген атты сактап калуу үчүн элибиздин жасаган аракети, күрөшү, тунгуюктан убактылуу чыгуунун амалы болчу.

Мугалимдин аңгемеси мына ушундай мүнөздө эмоциялуу болгону максатка ылайыктуу. Ырдын жаралганына жетимиш беш жылдан ашты, андан бери турмушубузда не бир өзгөрүүлөр болду. Турмуш менен бирге тилибиз да өнүктү, өстү. Кээ бир сөздөр таптакыр колдонуудан чыкты, кээ бир сөздөр маанилерин өзгөрттү, кээ бир сөздөр жаңыдан кирди. Ошондуктан ырды окуудан мурун, азыркы окуучулар үчүн маанилери түшүнүксүз болгон сөздөрдү чечмелеп алыш зарыл. Бул — киришүү сабагынын бир көрүнүшү.

Окуучулар акын менен биринчи жолу жүздөшүп, таанышып жатса , анда сабактын кириш бөлүгүндө ал акындын сүрөтүн, ыр топтомдорун көрсөтүп, анын адамдык, пендечилик, акындык тагдырына кызыктырган эмоционалдуу аңгемеден баштоо натыйжалуу болорун тажрыйба ырастады.

Сүйүнбай Эралиевдин "Ошол оттон"[1] ырын талдоого арналган кириш сабагында анын сүрөтүн, " Сан тоолор", "Каркыралар", "Кыргыз жаны", "Кыштак кечтери", "Кызгылт багымдат" ыр топтомдорун көрсөтүүнүн өзү эле акындын чыгармачылык диапозонунан, акындык иштемчилдигинен ал жөнүндөгү мугалимдин көп сөзүнөн көрө кеңири маалымат бере алат жана алардын акындын чыгармачылыгына болгон кызыгуусунун ойгонушуна жагымдуу кырдаал түзө алат. Мындан соң акындын өзүнүн: Мен кандайча ыр жазып калдым? Бул суроо кээде өзүнөн өзү эле келе калат, кээде окуучулар да муну көп сурашат. Дароо жообун табуу кыйын.

"Бир ирет тоодо кетип баратсам, үстү жагымда аска бир немедеп кобурагансып калды, менимче ал азыр эле мандайын сылап өткөн ойноок желаргыга жооп бергендей болду. Бери жакта тоо суусу да өз оюн айтып тамашалап жаткансыды. Алардын ошол кобурун тыңшап келаткан менин жаратылыштын бул сырын башкалар менен дароо бөлүшкүм келди. Бирок бул үчүн баарыдан мурун көркөм сөз табуу керек эле, биринчи жолу мен ошондо көркөм сөз издедим,"[2] —деген эскерүүсүн окуп берип, чыгармачылыктын башаты кайда, кандай адамдар, кантип акын болушат? — деген окуучулардын кызыгууларына жооп бере кетүү ылайык. Кириш сабагында үйрөнүлүп жаткан акын жөнүндө белгилүү адабиятчылардын, сынчылардын, калемдеш замандаштарынын айткандарын мисалга тартуу да окуучулардын жандуу кызыгуусун туудурат. Чынында,

---

[1] *Эралиев С.* Сага айткан сыр—Ала-Тоо, 1991. № 10.—109—110 б.б.

[2] *ЭралиевС.* Сага айткан сыр— Ала-Тоо,1991. № 9-!О,109—110-бб.

поэзия бир адамдын тагдырынын гана көркөм фактысы эмес, ал белгилүү бир муундун, доордун жана кылым тагдырынын көркөм фактысы да болуп саналат. Бекеринен акындын мөлү Алыкул: "Бир сүйлөмү, бир гана ырдын бир күүсү, бир доорду түгөл эске келтирет," — дебесе керек. Алыкул өзүнүн акындык кесиби менен абдан сыймыктанышптыр, акындыкты баарынан жогору коюптур. Тагдырдын ар кандай соккусуна чөгөлөтпөй тик каратып, күч берген айныбас ишенимдүү курдашы, сырдашы — бул ыр жазуу жана ыр жазуу, акындык деп билиптир. Мына ушул ыр жазуу милдетин, жөн эле ыр жазуу эмес, мыкты, жакшы ыр жазуу милдетин абийирдүүлүк менен өтөөгө бүт мүмкүнчүлүгүн, болгон талантын, бүт өмүрүн жумшоого ал дайым даяр болуптур жана жумшаптыр. Ошондуктан: Койчу курбум, мени акын дебечи,

Мени акындын улпагына теңечи.
Кыргызымда кандай сонун акын бар,

Десе келет Алыкулдун элеси, — деп чоң акын Насирдин Байтемиров жазса, дагы бир белгилүү акын Б.Сарногоев:

Ойлонуп көрсөк турмушта,
Өмүр бир учкан бир куш да.
Осмондун уулу Алыкул,
Опол тоо акын кыргызда.
Ортодо жүрбөй ойт берди,
Ободон учкан жылдызча. — деп толгонот. Ал эми таанымал адабиятчы К.Асаналиев: " А.Осмонов мейли эмгекти жазабы, же өмүр-өлүм жөнүндө жазабы, мейли сүйүү, пейзаж лирикасын жазабы, же байыркы мезгилди жазабы акындын издемчил ой-санаасы адамга, адамдын миң түрлүү машакат таалайы-тагдыры, дүйнө өмүрүнө арналды. Акын адамга өзүнүн зор сүйүүсүн, акындык бүт демин берди. Ал адамдын өлбөстүгүн, адам өмүрүнүн чексиздигин даңазалады"[1], —деп белгилесе, дагы бир мыкты адабиятчы К.Бобулов: "А.Осмоновдун чыгармаларында бир тамчы суу ааламдын алтын чырагы Күндү чагылдырган сыяктуу — кээ бир турмуштук майда деталдын символу аркылуу коомдук чоң идеяны бөтөнчөлүү бир жаңы поэтикалык ыкмалар менен чагылдырып көрсөтөт," —десе, чыгаан адабитячы К.Укаев: "А.Осмонов кыргыз поэзиясында биринчилерден болуп адамдын миң бир кыялын ачты. Анын новатордугу ушунда", — деп белгилеп кетиптир. Мындай мисалды келтире берсек абдан көп, анткени мен акынмын деген чыгармачыл жандын Алыкулга ыр арнабаганы, мен адабиятчы, сынчы, окумуштуумун дегендин Алыкулдун поэзиясына кайрылып ой айт-

[1] *Асаналиев К.* Өрдөн өрго.—Фрунзе: Кыргызстан,1977.—88-б.

паганы жокко эсе. Жогоруда келтирилген азын-оолак пикирлерден эле акындын акындыгын билсек болот, балдар, — деген мүнөздөгү мазмун камтылат мугалимдин кириш аңгемесинде.

А.Осмонов жөнүндөгү кириш сабагын:

"Таза жүрдүм, кастык ишке камынбай,

Адал жүрдүм, арамдыкка малынбай,"—деген акындын өзүнүн ырын эпиграф—тема кылып өтүү максатка ылайыктуудай. Мында мугалим окуучуларды Алыкулдун адамдык, акындык тагдырына кызыктырууга, акындын ырларын өз алдынча окууга умтулуусуна жетишүүгө аракеттениши зарыл.

Тарых менен түздөн-түз байланышы бар чыгарманы өтүүдө кириш сабагынын мүнөзү жогорудагыдан бир аз башкача. VI класста Жоомарт Бөкөнбаевдин "Кош, Ала-Тоо, уулуң кетти майданга" жана Мукай Элебаевдин "Улуу марш" ырлары үйрөнүүгө сунушталган. Бул ырларды өтүүдөн мурда окуучуларга төмөндөгү суроолорду берип коюу зарыл: 1.Согуш качан башталган? Ал жөнүндө сен эмне билесиң? 2.Согуш туурасында кандай кинофильмдерди көргөнсүң? Эмне деген чыгармаларды окугансың? 3. Кайсы кино же чыгармага жаккан. Эмнеси менен? Согушка байланыштуу кайсы ырларды билесиң? 5. Акындардын азыр да согуш темасына кайрылышын кандай түшүнөсүң?

Бул суроолор аркылуу окуучулардын көргөн-билгендерин, окугандарын эске түшүрүшүнө, аларды иргеп, тандап, сын көз менен карап, баа берүүсүнө, сабакта өтүлүүчү ырды кабыл алууга психологиялык жактан даяр болушуна жетишебиз. Суроолорго жооп алгандан кийин, мугалим өз созүндө эл тагдырына кандуу изин калтырган алаамат согушту,тарых чындыгын акын канчалык даражада дал өзүндөй бере алгандыгын, окурмандын жүрөгүнө канчалык даражада таасир эткенин, биздин элибиздин атуулдарынын душманга болгон жек көрүүсүн канчалык деңгээлде ойготконун, кайсы касиети күчү менен буга жетишкенин чечмелеп түшүндүрүү лаазым. Албетте, мында окуучулардын тарых боюнча алган билимдерине да байкоо жүргүзүлөт, бирок бул билим алардын ырды терең кабыл алуусуна өбөлгө түзүүгө багытталууга тийиш.

Пейзаждык темадагы ырларды өтүүдө кириш сабагынын мүнөзү мындан башкачараак болот. Пейзаждык ырларды үйрөнүүдө искусствонун башка салааларын, айрыкча, музыка менен живописти, колдонуу максатка ылайыктуу. Аталган искусствонун түрлөрүн сабакта колдонууда эске тутуучу бир нерсе бар. Ал—талданып жаткан ыр, уктурулган музыка жана көрсөтүлгөн сүрөттүн маанимазмундарынын төп келиши, биринин кемтигин экинчиси толукташи. Антпесе, жөн эле бир музыканы уктуруп, ар түрдүү сүрөттөрдү

иле берүүнүн кажети жок. Мындай болгондо эле тескери натыйжа берери шексиз. Кээде ыр унутулуп калып, музыка, сүрөт сабактын өзөгүн ээлеп алат. Канчалык мукам музыка уктурулуп, көз жоосун алган сүрөт көргөзүлбөсүн, ал адабият сабагынын милдетин алмаштыра албайт.

А.Осмоновдун "Кыргыз тоолору" ырын окутууда А. Кыдырназаровдун "Кыргыз көчү" күүсүн угузуу, же Г.Айтиевдин "Тоого карай жол" сүрөтүн, же Кыргызстан сүрөттүү энциклопедиясындагы "Булут үстүндөгү жер" түстүү фото сүрөттү көргөзүү окуучуларга ырды жаратып жаткандагы акындын эргүүсүнүн себебин түшүнүүгө мүмкүндүк берет.

Окуучуда ырды кабыл алууга зарыл сезимди, маанайды жаратуу үчүн, адамдын жүрөк кылдарын күүгө келтирүү үчүн акын ошол ырды качан жазды, кантип жазды, кайда жазды — мына ушуларды камтыган мугалимдин кириш аңгемеси эң жакшы өбөлгө түзөт. Тилекке каршы, кыргыз акындарынын алгачкы өкүлдөрүнүн чыгармачылык тарыхында тигил же бул ырды жазуусуна кандай түрткү, эмне себеп болгондугун баяндаган эскертмелер жокко эсе. А.Осмонов да "Кыргыз тоолорун" 1946-жылы 10-ноябрда, Чолпон-Ата шаарында жазгандыгын гана көрсөтүп кеткен. Ырды жазышка эмне түрткү берди, кандай ойдо болгон, бул бизге белгисиз, анын үстүнө "Биздин адабиятта" мурдагысында да (Бектенов З., Темирова Ж. Биздин адабият, 4-класс үчүн.—Фрунзе: Мектеп,1971.—126—127-б.), азыркысында да (Артыкбаев К., Исаков Б. Биздин адабият. 4-класс үчүн.—Фрунзе: Мектеп,1988.—138—139-б., ушул эле авторлордун 5-класс үчүн окуу китебинде, (1990.—258—259-б.) ырдын акыркы эки түрмөгү алынып ташталып берилген. "Кыргыз тоолорунан" эки түрмөктү алып таштоо аркылуу ырдын жазылышынын чыныгы себеби да, акындын ыр аркылуу айтайын деген негизги ою да бузулган. Далилдүү болсун үчүн ырдын өзүнө кайрылалы.

"Кыргыз тоолору" ырын көңүл коюп карасак, тематикалык-идеялык көркөмдүк жагынан ажырагыс бир бүтүндүктү түзгөн ички үч майда бөлүктөрдөн турат. Башталышында акын негизги көңүлдү кыргыз тоолорунун жайгашышына, көрүнүшүнө, бийиктигине, сүрдүүлүгүнө бурат да, элестүү метафоралык салыштырууларды чеберчилик менен колдонуу аркылуу бири-бири менен моюндашып, көк асманга төпүп, мелжиген кыргыз тоолорунун көркөм элесин окурмандын көз алдына ачык-даана тартат. Андан ары мына ушул бири-бири менен моюндашып, "жытташкан", ары бийик, ар сүрдүү кыргыз тоолорун жандандырууга, б.а., аларды баарын көрүп, баарын сезип, бааарын билип турган сезимтал жан катары сүрөттөөгө өтөт. Көрсө, бул жандандыруу көптөн бери акындын жан дүйнөсүндө жа-

шап,тынчын алып, бышып жетилген поэтикалык эң негизги орошон ойду айтууга көргөн акындын даярдыгы экен. Көрсө, акын кыргыз тоолорун жөн эле:

Алмаз сындуу көккө тийген миздери,
Арыстандын азуусундай арсайып...
Ар жагынан бир жагына куш эмес,
Араң гана бороон өтөт калтырап...

деп сүрөттөбөйт. Адам буту тийбеген бийик чокуга чыккан киши басып өткөн жолун кылчайып бир карап,андан соң айланасына көз жүгүрткөндөй эле, акын өзү сүрөттөгөн турмуштук көрүнүштү бир сыйра сезим элегинен өткөрүп, ошо турмуштук көрүнүш менен түздөн-түз байланышкан поэтикалык эң башкы ойду жалпылоого умтулат. Акындын кыргыз тоолору жөнүндөгү ой-чабыты турмуштук факты болсо, турмуштук фактынын жалпыланышы, жыйынтыкталып тыянакталышы ырдын соңку эки түрмөгүндө жүзөгө ашырылган. Мындай бүтүмгө ырдагы башкы ойдун өнүктүрүлүшү алып келет. Анткени жогоруда мисалга тартылган эки сап менен ырдан алынып салынган эки түрмөктөгү:

Бүркүп салат бороонуна аралаш,
Улуу өлкөгө уурданган жоолорду...

жана

Асман тиреп жеңе билет ар качан,
Өлкөбүзгө кас санаган жоолорду...

деген ыр саптары кокусунан эле үндөшүп, идеялык-тематикалык жактан бир бүтүндүктү түзүп жаткан жок. Көрсө, акын бул ырында башына булут түнөп,бүркүт уялаган кыргыз тоолорун гана сүрөттөөнү максат этпептир. Тоолор акындын жүрөгүн уялап, көңүлүн толкундантkан башкы ойду — кыргыз элинин ынтымагын, биримдүүлүгүн, эр жүрөктүүлүгүн, эч кандай жоо тизе бүктүрө албастыгын даңазалаган, жар салган эң башкы поэтикалык ойду берүүгө негиз болуп беринтир. Муну баса белгилеп жатканыбыздын себеби "Кыргыз тоолорун" тереңден үйрөнүүнүн жүрүшүндө ырдагы башкы поэтикалык ой окуучуларга бурмаланбай жеткирилсе деген гана тилек.

Ушул ыр боюнча өтүлгөн кириш ацгемеде мугалим акын С.Эралиевдин:

"Бул жакты карайм, тоо турат,
Ал жакты карайм, тоо турат.
Асманга чейин тоо тоого,
Учкашып жүрүп олтурат.

Бул ырды мен бир кезде жазгам. Анда дал ушинтип тоолордун арасында олтургам. Тоо арасында жалгыс калган кээ кездерде алардан кадимкидей үн чыгып, сени менен кудайдын атынан сүйлөшкөнсүп кетет. Көбүнчө эң бийигин, эң аксакалын ортого алып,башкалары аны тегеректешип, кулак түрүп, анын аңгемесин угуп олтурушкансыйт. Тоодо туулуп, тоодо өскөн адамга тоо анын эң эле жакын дүйнөсү болуп калат"[1], — деген эскерүүсүн окуп берүү менен баштаса,акын ырды кандай кырдаалда, кандай шартта, кантип жазарына окуучулардын көңүлү бурулат да, чыгармачылыктын сырын бир аз да болсо түшүнүүсүнө түрткү берет. Акын жаратылыш, анын бөлүктөрү тоо, суу, асман, токой ж.б. менен кандай мамиледе болорун окуучулар ачык элестетет.

"Поэзия дегениң эптеп жан багыш үчүн үйдө жатып алып жасай турган жалданма жумуш эмес, кол өнөрү эмес. Поэзия — бул Өмүр менен Өлүмдүн, Жүрөк менен Мээнин, Сезим менен Акылдын, Рух менен Жандын эзели бүтпөс кызыл чеке трагедияларына, трагикомедияларына жыкжыйма, мелт-калт толо. Ай — ааламды мүнөт санап сыздаган жүлүн-жүйрүнөн жүгүртүп, сызылтып, өрт чалган өзөгүнөн өрдөтүп өткөрүп, бирде эчтемеге алмашкыс жан рахатка тунууга, бирде сай сөөгүн сыздатууга маш, ансыз жашай албаган Акындын бүт энергиясынын, кудурет-дараметинин, азоодой түйлаган талант ташкынынын, түпөйүл, дүйнөнүн сырларын аралай чаап, ичи-койнуна сүңгүй кирүүгө дилгирленген рух кумарынын, шыпыр эткенди илгиртпей илип турган рух көрүмүнүн бир касиеттүү музасы... Даргөйлүү Музасы..."[1]

Мына ушул " өмүр менен өлүмдүн, жүрөк менен мээнин, сезим менен акылдын, рух менен жандын" бүтпөгөн күрөшүн жан дүйнөсүнөн сызылтып өткөрүп, менин жашоомдун мааниси эмнеде деп өзүнө өзү суроо берүүгө ар бир карапайым пендени лирасынын керемет күчү менен мажбурлаган Акындын ыр дүйнөсүнө башбактыруу, ышкы-кумарын жандыруу бактысы адабият мугалиминин энчисине түш келиптир. Акындын буркан-шаркан түшкөн океандай дүйнөсүнө чөгүп кетпей, анда жашап, азык алып, сөз дараметин сезип жана башкаларга сездирүү энчиси тийиптир адабият мугалимдерине. "Ыр менен ыйласа, ыйлап, күлсө, күлгөн", ырдан, сөздөн жаралган пенделердин табышмактуу тагдыр таржымалына аралаш-

---

[1] *Эралиев С.* Сага айткан сыр. (Ала-Тоо журналы) 9—10. 99-б.

[1] *Матиев К.* Рух кумарынан бүткөн муза.//Кырг. Маданияты.—1992.—8-январь.

тыруу энчиси тийиптир. Ыр дүйнөсүнө алгачкы кадам мектеп партасынан мугалимдин коштоосу менен сабак учурунда жасалат.

Ыр менен биринчи жолу жүздөшүү, таанышуу өзгөчө таасирлүү, өзгөчө эмоционалдуу, ырдын өзгөчөлүгүнө жараша ыш алып баруу, сабакты мына ушуга жооп бергендей уюштуруу максатка ылайыктуу. Акындын ыр дүйнөсүнө сүңгүп кирүүнүн, тереңдеп үйрөнүүнүн мыкты каражаттарынын бири — ырды көркөм окуу "Өлсөм дагы жара тээп мүрзөмдү, буудан болуп таскак салып өтөрмүн", — деп пайгамбарлык менен жазган чоң акын А. Осмоновдун "Неге кечигет", "Бүкөн" ырларын көркүү окууда, же окуучуларды көркүү окууга даярдоодо төмөндөгүлөргө көңүл бөлүү керек. "Неге кечигет" 1944-жылы 28-декабрда Койсарыда жазылыптыр. Ырда 1942-жылдын жазына деген эскертүү берилген. Согуш... мына ушул бир сөз эле акындын ырды жараткандагы маанайынан ачык кабар берет. "Неге кечигет" деген ырдын өзүнүн аталышынан эле адам жүрөгүн түпөйүл кылган, сар-санаага салып, жүрөктү эзген күтүү, күтүү, күтүү убайымы даана сезилип, көзүбүзгө даана көрүнөт. Ырды окууда акындын мына ушул маанайы ойдон чыкпашы зарыл. Ырдагы биринчи түрмөк эки түрдүү сезимде окулат.

Ыр "Эсимде" деп башталары белгилүү. "Эсимде..." (тынымды талап кылат, анткени акын өткөндү эске түшүрүп, көз алдына келтирди.) "Бир жолу эмес, нечен ирет. Бул айда тоо боорунан гүл терчү элек" "(шаттуу, кубанычтуу, көтөрүнкү маанайда окулат. Гүл деген сөз бизге жаштык, сүйүү, тынчтык, бейпилдик деген түшүнүктөрдү көз алдыбызга тартты. ("А быйыл...) ойлуу, муңайым, басмырт, тыным менен айтылат) күн жылыбайт, жер тегиз кар, шумдук ай, неге мынча жаз кечигет? (таң калуу, өкүнүү суроолуу маанайда окулат). Ырдын экинчи, үчүнчү, төртүнчү түрмөктөрү негизинен биринчи түрмөктүн 3—4-ыр саптары окулган маанайда окулушу ылайыктуу. Ал эми бешинчи, алтынчы ыр түрмөктөрүндө акындын таң калуу, өкүнүү, күмөнсүрөө сезимдери көтөрүнкү, чечкиндүү, шаңдуу, ишенимдүү маанайга орун бошотот. Согуш адамдардын гана жашоосуна бүлүк салган жок, ал жаратылыштын бейкуттугун бузду. Бир боорлорунан ажырап жаткан акын үчүн жазы кеч келип, жайы-супсак, күзү-түшүмсүз, кышы-суук өндөнөт. Көпчүлүктүн көзүнөн жаш акса, акындын жүрөгүнөн кан акты. Бирок адилеттик биз тарапта, ошондуктан Жаз—Жеңиш кечиксе да, бизге сөзсүз келет, буга акын терең ишенет. Ушул себептүү ыр оптимисттик маанайда аяктайт.Көркүү окууда мугалим акындык мына ушул маанайды, ой-сезимди, туюмду окуучуларга жеткириши зарыл.

Ал эми М.Алыбаевдин "Соң-Көл" ырын көрктүү окуу башка мамилени, башка маанайды, сезимди талап кылат. Бул ыр тынчтыктын бейпил күндөрүндө, жай мезгилинин толуп-ташып турган учурунда жазылган. Сулуунун бетиндеги калга окшоп, кыргыз жерине ажайып көрк берип турган Соң-Көлгө сугу түшүп, көз артып, аны менен камыр-жумур аралашып кеткиси келип турган акындын ойлуу элеси көз алдыбызга тартылат. Жаратылыштын түбөлүктүүлүгүн, кооздуктун, сулуулуктун өлбөстүгүн, адам өмүрүнүн чектелүүлүгүн кыскалыгын, таттуу-шириндигин акын кыял кушун асман жердин аралыгында канат какгырып учуруп, эргип көкөлөтө мактап, күүгө салат. Чыныгы акын бир көз ирмемге көрүнгөн кооздукту, сүйкайган сулуулукту түбөлүк өлбөс нерсеге айлантат. Ырды көркүү окугандан кийин, окуучуларда мына ушундай маанай, ойсезим, түшүнүк өзүнөн өзү пайда болуп чыга келет.

Эл акындары Токтогул, Ысак жана Калыктын ырларын көркүү окуунун ыгы, жол-жобосу булардан башкачараак. Анткени Төкмө ырчы менен жазма адабияттын өкүлдөрүнүн чындыкты көркөм таануусу, көркөм берүүсү бири-биринен айырмалуу. Төкмө ошол үчүн төкмө деп аталат, буларда сөз издөө түйшүгү жат. А деп оозун ачканда эле:" Үйрөнөм деп ырымды, үймөлөктөп эл келет, жамгырдай төгүп ырдасам, жатка алып кантип үйрөнөт",—деп Токтогул айткандай, ыр бермети нөшөрлөп жамгырдай төгүлөт. Ошол ырдалган жерде калат. Ондоо, түзөөгө убакыт да жок, буга муктаж да эмес, төкмөлүктүн табият-эстетикасы мындайга жол бербейт. Бул — бир жагы, экинчи жагы жогоруда аты аталган төкмөлөр комуздун коштоосу менен ырдашкан, ырдын мазмунуна төп келген обону да болгон. Комуз, обон, бабына келтирген аткаруучулук өнөр ырдын ажарын ачып, көркүнө көрк кошуп, таасирдүүлүгүн күчөткөн. Угармандын да ар бир сөздү таразалап баа берип отурганга шаасы жетпей калган, акындын ырынын жалпы мазмунуна, аткаруучулук өнөрүнө гана карап баа берүүгө үлгүрүшкөн. Буга кеңири токтолуп жатканыбыздын себеби төкмөлөрдүн ырларын профессионал жазгыч акындардын ырларындай эле окуп коюу жетишсиз. Эгер төкмөлөрдүн ырлары аткаруучулук өнөрдөн, обондон, комуздун коштоосунан бөлүнүп калса эле, анда кош канатынан ажыраган кушка окшоп калат. Ошондуктан мүмкүн болсо ырчылар поэзиясын комуз менен обондон ажыратпоо керек. Мына ошондо гана "Кайран элдин", "Жер кепеде өткөн күндүн" ж.б. эл акындарынын ырларынын ажары ачылып, жамалы жайнап чыга келет. Ага болгон окуучулардын кызыгуусун да арттырат. Мына ошондо гана кыргыз эли башынан өткөргөн азап-тозокту өз көзү менен көргөн, ошого жаны

кейип, кең дүйнөсү тарыган, мөгдөгөн элине эч бир жардамы тийбесин көрүп,өзүнүн алсыздыгына ого бетер жаны күйүп, кантер айласын таба албай, көзү жашка, көкүрөгү муңга толуп,заманасы кууруллуп, эл башына түшкөн мына ушундай кыйынчылыкты салган, киндик каны тамган жерден, ата-бабасы өнүп-өскөн конуштан ажыратып, тили, дини башка элдин көзүн каратып койгондорго болгон жек көрүүсү ашып-ташкан, жүрөгү каар менен кайгыга толуп ырдап турган акындын элесин окуучулар айкын көрүшөт. Мына ошондо гана Токтогулдун, Ысактын, Калыктын кимдигине окуучулар кызыгышат, алардын талантына таазим кылып урматташат.

Ырды адатта мугалим өзү көркүү окуйт, же мугалимдин көмөгү менен даярдалган окуучу окууга тийиш. Мунун дурус болорун тажрыйба да ырастады. Негизи көркүү окуунун алдына төмөндөгүдөй талаптар коюлат:

- көркүү окуунун интонациялык жактан бай болушу, үндүн бийиктигинин туура аныкталышы;
- окуунун темпинин, интонациянын ырдын мазмунуна ылайык келиши;
- керек учурунда ыр саптарынын аралыгында тынымдын сакталышы;
- ырдагы ой менен сезимдин туура туюнтулушу;
- сөздөгү тыбыштардын жана сөздөрдүн өздөрүнүн туура айтылышы.

Интонация көркүү окуунун негизги каражаты болуу менен бирге, көркөм чыгарманын идеялык мазмунун да, ошондой эле формасын да чагылтат, Е.В.Язовитский: "Туура интонация курчап турган чындыктын кубулуштарына, фактыларына, окуяларына аны окуп жаткан адам жан дили менен берилип мамиле жасаганда жана терең өздөштүргөндө гана табылат"[1],— деп белгилейт. Адамдын жан дүйнөсүндөгү ар кыл сезим: таң калуу, коркуу, суктануу,мыскылдоо, көңүл коштук, сүйүү, жек көрүү, ачууланууу,кубануу ж.б. интонация аркылуу гана берилет. Ырдагы тон менен интонация сүрөттөлгөн кубулушка болгон акындын мамилесин билдирет. Ошондуктан М.А.Рыбникова:" тон менен интонацияны көркүү окуунун ачкычы,"[2] —деп атаган.Чындыгында тон менен интонацияны туура туюнтканда гана, аны менен бирге башка каражаттар: басым,үндөштүк,тыным да табылат.

---

[1] *Язовитский Е.В.* Выразительное чтение как средство эстетического воспитания.—Л.:1963.—189-б.

[2] *Рыбникова М.Н.*Очерки по методике литературного чтения.—4-е изд. Испр..—М.: Просвещение.1985. —С.6.

Тынымдын: поэтикалык тыным, логика-семантикалык тыным жана психологиялык тыным сыяктуу түрлөрү бар.

Поэтикалык тыным — ырды көрктүү окуунун негизги каражаттарынын бири, бул ыр өлчөмүнүн курулушу менен байланышкан, муну ритмдик тыным деп да коет, бирок кээде буга дал келе бербейт. Негизи силлабикалык ырларды окууда колдонулат, анткени мындай курулуштагы ырлар — стопаларга, ички майда бөлүктөргө ажырашы маалым. Демек, тынымдын бул түрү кыргыз акындарынын ырларын окууда кеңири пайдаланылат.

Логика-семантикалык тынымда бул тыным жасалганга чейинки, бул тыным жасалгандан кийинки жыйынтыктуу ой угуучуга ачык туюнтулат. Тынымдын бул түрү төмөнкү учурларда колдонулат: эгер ээ менен баяндооч катар келип,мындан кийинки жайгашкан айкындооч мүчөлөрдө сөз тартиби бузулганда; ыр сабында тике сөз катышса;түшүндүрмөлүү сөздөн кийин ээ келсе.

Психологиялык тыным лирикалык "мендин" же акындын өзүнүн ички абалын,сезимин билдирүүдө колдонулат. Буларга токтолуп,түшүнүк берип жатканыбыздын себеби көрктүү окуунун зарыл шарттарын мугалимдин билип алышы жана аны өз иш-аракетинде колдонушу керек.

Ошентип, ыр биринчи жолу көрктүү окулду,эми эмне кылыш керек?

Эң биринчи шарт, ырды окугандан кийин, дароо эле суроо берип, окуучулардын көңүлүн алагды кылууга болбойт. А түгүл ырды окуп жатканда окуучулардын алдындагы китептерин жаптырып коюу ылайыктуу. Ыр окулуп бүттү, окулгандын баары эле окуучуларга дароо эле түшүнүктүү, жеткиликтүү, айкын болбосо да, алардын жан дүйнөсүндө белгилүү бир ой-сезимди пайда кылары анык. Ошондуктан ырды дароо эле талдап кирүүгө ашыкпоо керек. Окуу менен талдоонун аралыгында белгилүү бир убакыттагы психологиялык тыным болсун. Мейли, жарым мүнөттүк ой толгоо, жан дүйнөнүн, сезимдердин ички сүйлөшүүсү жүрсүн. Мындай көз ирмемдик психологиялык тыным окуучуларга акындын дүйнөсүнө бир аз болсо да өз алдынча аралашуусуна мүмкүндүк берет да, сезим эргүүсүнөн акыл-эстин баалоосуна дароо, ыкчам өтүүдөн сактайт. Ал эми окулган ырдын окуучуларга жеткен, жетпегендигин, кандай кабыл алып, кандай таасир эткендигин алардын көзүнөн, жүзүнөн байкоого мугалим үчүн шарт да түзөт.

Мына ушул тынымдан кийинки биринчи сөз, биринчи суроо абдан маанилүү. Анткени мугалимдин оозунан чыккан бул сөз, же суроо окуучулардын кызыгуусун арттырышы да, ошондой эле окулгандын таасирин таптакыр жокко чыгарышы да мүмкүн. Мында

чыгарманын поэтикалык идеясын, же композициясын талдоого шашуунун кажети жок. Ыр боюнча берилген биринчи суроо көрктүү окуудан алган таасирди күчөткөнгө көмөктөшкөндөй болгону абзел. Албетте, бул суроонун, сөздүн интонациясы окулган ырдын ыргагына, күүсүнө, интонациясына бап, шайкеш келгендей болсун. Жөнөкөй эле " бул ыр сага жактыбы, жакса эмнеси менен жакты?"—деп окуучуну аптыктырып суроонун да зарылдыгы жок. Анткени ырдагы ой-туюмга, акындык маанайга, сезимге ой жүгүртүүгө окуучуга мүмкүндүк да, убакыт да берүү керек. Ырдын эмнеси жаккандыгын жан дүйнөсүндөгү сезимден улам өз алдынча ойлонуп,тыянак чыгаргандай болсун. Экинчи бир жагы бул жаштагы балдар үчүн "эмнеси жакты?"—деген мазмундагы суроо сыртынан караганда жөнөкөйдөй көрүнгөнү менен мазмуну терең, бир топ оор суроо. Анын үстүнө ырды биринчи окугандан кийин эле ушул суроону берүүнүн анчейин зарылдыгы деле жок.Андан көрө ырды укандан кийин окуучуларда пайда болгон маанайды, сезимди, алгачкы кабыл алуусун тактоо маанилүү.

Мисалы, А. Осмоновдун "Неге кечигет" ырын окугандан кийин төмөндөгүдөй: " Кана, балдар, айткылачы, ырдан кандай маанайды сездиңер? Эмне үчүн ыр мына ушундай маанайда жазылган? Акындын ушул ырды жазып жаткандагы абалын туйдуңарбы? Акындын ой-сезимине кошуласыңарбы же кошулбайсыңарбы?" — деген суроолорду берүү орундуу. Же М. Алыбаевдин "Соң-Көл" деген биринчи ырын окугандан кийин: " Кана, ырды жазган учурдагы акындын көңүл жайын кандай дешке болор эле, акын ырды кандай маанайда баштап, кандай маанайда аяктаптыр. Соң-Көл сенин көз алдыңа кандай элестеди, Соң-Көлдү кандай кылып сүрөткө тартар элең, кайсы түстөгү боекторду көбүрөөк колдонмоксуң?"—деген суроолордун берилиши жөндүү. Бул суроолор акындын маанайын, ой сезимин байкоого, бул ой-сезимди окуучулардын тең бөлүшүүсүнө, акындын тилек-максатына жан тартуусуна өбөлгө түзөт. Ошону менен бирге бул суроолор аркылуу ырды терең түшүнүүгө, ал жөнүндө ой жүгүртүүгө, кененирээк сөз кылууга т.а., ырды туура багытта талдоого окуучуларга көмөк берет. Лириканы үйрөнүүдөгү иштин эң татаалы жана маанилүү этабы — бул ырды талдоо. Анткени ар бир ыр өзүнүн өзгөчөлүгүнө жараша өзүнүн талдоо ыкмасын, принцибин талап кылат.

Ыр кээде турмуштук таасирге таянуу менен талданат. А.Осмоновдун"Неге кечигет" ырын талдоодо:" Кана, балдар, ырдын жазылышына эмне себеп болуптур? Жаздын кечигиши жөнүндө акын кандай ой жүгүртөт? Мындай ой жүгүртүүнүн максаты эмне?

Акын ырдын тыянагындагы ыр түрмөктөрүн эмне үчүн дароо эле жазып койгон эмес?" — деген суроолор берилиши ылайыктуу. Бул суроолор аркылуу ыр жөндөн жөн эле, эч кандай себеби жок жарала бербесин, кандайдыр маанилүү бир окуя ырды жазууга акынга түртку берерин балдар дал ушул жерде баамдашат. Ал себеп— түртку акындын жан дүйнөсүнөн сызылып өтүп шөкөттөлүп, көркөм формада жарык көрөрүн да окуучулар түшүнө башташат. Акындын ою ыр түрмөктөрүндө өсүп-өнүгөрүн, тыянакталып, жыйынтыкталарын көрүшөт.

Эгер ыр сюжеттүү болсо, талдоону мына ушул сюжетке таянуу менен жүргүзүүгө болот. Мындай мүнөздөгү ырларга Калык Акыевдин "Жер кепеде өткөн күн", А. Осмоновдун"Бүкөнтай" сыяктуу ырлары кирет. Бул ырларды талдоодо мындагы сюжеттин өнүгүшүнө басым жасалат.

Кээде талдоону ырдын аталышына ой жүгүртүүдөн баштоо натыйжалуу болорун тажрыйбадан көрдүк. Алыкул Осмоновдун" Пушкинге", "Шота Руставелиге" ырларын талдоодо: " Ыр эмне үчүн Пушкинге деп аталыптыр? Пушкинге акын эмне үчүн ыр арнаптыр? Акын Пушкин менен эмнени бөлүшкүсү келет? Пушкин жөнүндө акын кандай тыянакка келиптир? Ушул ырынан кийин Алыкулду кандай акын экен деп элестетип калдыңар?" — деген сыяктуу суроолорду берүү менен, ыр жөнүндө окуучуларга ой жүгүртүүгө, толгонууга багыт берүүгө болот.

Ал эми V—VIII класстарда ар башка акындардын ар кыл, ар кандай тематикадагы ырларын талдоодо четтеп кетүүгө мүмкүн болбой турган мындай бир маанилүү маселелер бар.Ал — эң биринчи ырдагы маанай,интонация, интонациянын алмашылышы. Ар бир ыр акындын жан дүйнөсүндө бышып, жетилип, ашып-ташып төгүлүп баратканда гана сыртка чыгуучу өзгөчө сезимдин туундусу. Лирикада көркөм идея маанилик мазмун менен гана бекемделбейт, мында сөздөрдүн угулушу,интонациясы жана музыкалуулугу — баары идеялык мазмун менен камыр-жумур биригип, бир бүтүндүктү түзөт. Көркүү окуунун ойдогудай кырааты, музыкалуулугу — бул чыгарманын ар бир бөлүгүндө, ар бир үзүндүсүндө, ар бир сүйлөмүндө туюнтулган ойду угуучуга жеткирип берүүчү өзүнчө бир ык. Бул ык лирикалык чыгармаларды окууда бөтөнчө зарыл, анткени ырдын мазмунун кара сөз менен кайра кайталоо чеке жылытарлык ийгиликке алып келбейт. Ырды көркүү окуунун кырааты, музыкалуулугу — көркөм окуунун каражатттары: тыным, интонация, доошу, тону менен чыгарманын мазмунун өздөштүрүү процесси тыгыз байланышта болгондо гана ырды талдоо өз акыбетин берет. Акын жараткан образдын жандандырылганын баланын баам-

дашы—бул жазуучунун ошол образга болгон мамилесин окуучу боолголоп болсо да билгендиги. Демек, кандай сезим, маанай туюнтулду,поэтикалык интонация кантип, эмне үчүн алмашылдыбуларды окуучунун түшүнүшү, анын ырды эстетикалык кабыл алуусунун, ал жөнүндө ой жүгүртүүсүнүн баштапкы кадамы. Ушундан кийин чыгарманы талдоо үчүн берилген бардык суроолор акындын ырдагы маанайын туюп-сезүүгө багытталышы керек. Акындын же лирикалык "мендин" ырдагы маанайын сезгенде гана, ырдагы тигил же бул сөз, сөз айкашы эмне үчүн ырдын мына ушул сабында колдонулгандыгына окуучунун көзү жете баштайт.

Мына ушул өңүттөн караганда, Мукай Элебаевдин "Зарыгамын" талдоодо: "Бул ырдагы акындын маанайы кандай? Кайсы ыр саптарынан бул маанай ачык сезилет? Ушундай маанайда ыр жаратышына эмне себеп болгон деп ойлойсуңар? Ушул ырында акын силерге кандай адам катары көрүндү" — деген суроолордун берилишин чыгарманын табияты өзүнөн өзү талап кылып тургандай.

Ал эми Райкан Шүкүрбековдун "Тоо эчки" ырын талдоодо: "Балдар, акын ушул ырын эмне үчүн жазганын түшүндүңөрбү? Ушул ырын жазып жатканда акын кандай ой-сезимде болгон деп ойлойсуңар? Тоо эчки менен мергендин толгонууларынан эмнени байкадыңар? Акын ким тарапта, кимге жан тартат, эмне үчүн?" — деген суроолорду берип, акындын уйгу-туйгу болгон акыбалын, көңүл жайын, жан дүйнөсүндө жүргөн сезимдердин күрөшүн окуучуларга жеткирүү зарыл. Өздөрүнүн жоопторунда окуучулар кандай сөздөрдү, кандай боекторду тандайт — мына ушундан эле ырдагы акындын маанайын, ой-сезимин алардын канчалык деңгээлде түйгандыгын, кабыл алгандыгын билсе болот. Эгер ырдагы поэтикалык маанай татаал же өзгөрүлмөлүү болсо, анда ырдагы уйгу-туйгу сезимди үйрөнүүгө багытталган жумуш жыйынтыктоо мүнөзүндө сабактын аягында жүргүзүлгөнү ылайык, бирок поэтикалык маанайды туюуга багытталган талдоо лириканы үйрөнүүдө эң зарыл.

Экинчи ырды талдоодогу эң бир негизги иш-андагы поэтикалык сөздү жана поэтикалык образды түшүнүүгө багытталган жумуштар. Акын сөз аркылуу гана тигил же бул көрүнүшкө, окуяга, кубулушка мамилесин билдирет, анан аны ырга айлантып, өз оюн окурмандар менен бөлүшөт. Ырдагы сөз эмоционалдуу, угумдуу, сыйымдуу, метафоралуу, кооз болот. Кооз десе эле карапайым, жөнөкөй кишинин түшүнө да кирбеген бир укмуштай сөздөрдү издеп таап,ушундай гана сөздөрдү ырында колдонот экен деген ой пайда болбошу керек. Бул жөнүндө адабиятчы Л. Гинзбург: "Мурдатан эле белгилүү чындык ырдын поэтикалуулугу—бул сөзсүз эле" кудайлардын тили" эмес, күндөлүк турмушубузда кол-

донгон атүгүл одоно сөздөр деле эң сонун поэтикалуу боло берет"[1], —деп белгилеген. Сөздү кубултуп-кулпуртуу менен акын ырдын жогорку көркөмдүккө ээ болушуна жетишет, бирок ошол кулпурган сөздү поэтикалык контекст менен байланыштырып айкалыштырат. Акындын чоң талант экендигинин айкын далили тигил же бул сөздү өз учурунда, өз ордунда колдонгондугунда, ой менен сезимин туюнтууга зарыл сөздү, сөз айкашын таба алгандыгында.

Мен тансам, жаштан танам, ырдан танбайм,
Ыры жок өмүрүмө канааттанбайм.
Кудайга миң мертебе калп айтсам да,
Ырыма бир мертебе калп айталбайм.

Эгер ушул ырдагы сөздөргө көз жүгүртүп көрсөк: мен, тануу, танбоо, жаш, ыр, кудай, канааттанбайм, миң, калп айтуу, калп айтпоо", —деген сөздөр — күндө эле ар бирибиз өз ара пикир алышууда колдонуп эле жүргөн сөздөр. Акындын акындыгы ушунда болуп жатат мына ушул сөздөрдү бири-бири менен адамдын жаны менен денин ажыратууга мүмкүн болбогондой кылып,бирин экинчисине ширеп айкаштырды. Албетте, мындан ыр жалаң эле биз колдонуп жүргөн бир маанилүү гана сөздөрдөн жаралат экен деген бир беткей түшүнүк да келип чыкпашы керек. Ырда кээде биздин ой—түшүбүзгө кирбеген сөздөр менен сөз айкаштары да пайдаланылат, кептин баары акындын талантынын арымында, сөз жана көркөм каражаттар менен иштей билүү чеберчилигинде. Окуучулардын кеп маданиятын калыптандырууда поэтикалык сөздүн мааниси теңдешсиз. Кыска, элестүү, сыймдуу поэзиянын тили—көп сөздүүлүккө, чаржаныттыкка, тилдеги одонолукка карама-каршы туруучу эң мыкты каражат. Анткени мыкты ырда ар бир сөз өз ордунда, ал эми айтылуучу ой өзүнө зарыл формада гана берилет. Бирок эки перседен: ар бир сөздү, ар бир сапты эзип, мыжып түшүндүрүүдөн жана ырдын идеялык маанисин аныктоого өтө эле берилип кетүүдөн качыш керек. Мындай ашыкча идеялык окуу да, тажатма, эзме комментарий да ырдын кайталангыс көркөмдүк касиетинен ажыратып таштайт.

Поэтикалык сөз менен иштөөдө ырды ыр кылып турган энтамга:уу, таяныч сөздөргө,саптарга өзгөчө көңүл бөлүү принциби жетекчиликке алынышы зарыл. Ушул өңүттөн Алыкул Осмоновдун жогорудагы ырын төмөндөгүдөй кылып талдоо жемиштүү болорлугун тажрыйба көрсөттү. Ырдагы үч кана сөзгө: Ыр, Жашоо, Кудайга окуучулардын көңүлүн буруу. Мына ушул үч сөз аркылуу эле акындын сөз менен иштей билүү чеберчилигин, ушул ыр аркылуу өзүнүн

[1] *Гинзбург Л.* О лирике.—Л.: Сов. писатель,1974.— 114-б.

жан дүйнөсүндө бышып жетилген кандай ой-сезимди билдирмекчи болгондугун жана анын кайталангыс чыныгы чоң талант экендигин окуучуларга далилдүү да,ишенимдүү да,таасирлүү да жеткирүүгө шарт түзүлөт. Бул үчүн: "Балдар, ырды уктуңар, ушул ырдан кийин акынды кандай адам деп элестетесиңер? Ушундай тыянакка келишиңерге эмне түрткү берди? Акындагы мына ушул ой-сезимди билдирүүдө кайсы сөздөр өзгөчө орунду ээлеп турат? Эмне үчүн? Мына ушул сөздөрдү алмаштырууга, ырдан алып таштоого мүмкүнбү?"— деген суроолорду берип, жооп алуу зарыл.

Ал эми "Кыргыз тоолорун" үйрөнүү бөлөкчөрөөк мүнөздө болот, анткени бул ырдын курулушу да, акындын сөз менен иштөөсү да башкачараак. Бул ырында акын троптун түрлөрүн: салыштыруу, метафора, гипербола, эпитеттерди арбын колдонгон. Көркөм сөз каражаттарын мындай арбын колдонуу акындын айтайын деген ою на,ырды жазуу максатына жооп берет. Бул жерде акын кыргыз тоолорунун сүрөтүн сөз менен тартууну максат кылып отурат, ошондуктан боектуу, элестүү сөздөрдү колдонуу зарылдыгынан четтеп кете албайт. Бул—бир жагы, экинчи жагы акын кыргыз элинин эркиндикти сүйгөн, аны баарынан жогору койгон эл экендигин айткысы келген. Ошондуктан тоо менен элди катар коюу үчүн кыргыз тоосун жандандырууга мажбур, ал эми бул тропсуз мүмкүн эмес. Бул ырда сөз менен иштөө ырдын композициясын талдоо менен бирге жүрөт. Бул үчүн ырды бөлүктөргө ажыратуу, бөлүктөрдүн маанилерин жана эмоционалдык күүсүн аныктоо, мындагы энтамгалуу таяныч сөздөр менен иш алып баруу керек. Ыр үч майда бөлүкчөлөрдөн турат: кыргыз тоосунун көрүнүшүнүн сүрөттөлүшү; анын жандандырылышы; кыргыз элинин эркиндиги менен байланыштырылышы. Ырдан күчтүү сезим, көтөрүңкү көңүл, элибиздин эртеңине болгон бекем ишеничи ачык көрүнөт. Чакчыл түрмөк формасындагы таяныч сөздөрдү табуу, аны менен максаттуу иш алып баруу акындын чеберчилигин сезүүгө гана өбөлгө түзбөстөн, окуучулардын сөз байлыгынын өсүшүнө да көмөк көрсөтөт.

Мына ушундай тартипте, ыраатгуулукта, принципте жүргүзүлгөн иштен кийин гана окуучу акындын көңүл-жайын, ой-сезимин туят, ал жараткан көркөм образдын дүйнөсүнө сүңгүйт, аралашат, рахат алат, баа берет, чыгармачылык өнөргө умтулат. Талдоонун соңунда гана акындын эргүүсүнүн, ой-сезиминин жана жан дүйнөсүндөгү чыңалуунун натыйжасы катары ырдын идеясына токтолуу керек.

Ырды талдоонун жүрүшүндө окуучуларды көркөм окууга көнүктүрүү зарыл, буга сабактын өзүнчө бир этабы арналат. Анткени көркүү окуу — аң-сезимдүү окуунун обьективдүү көрсөткүчү

жана улунун табигый натыйжасы. Көркүү окуу атайын максатты көздөйт. Анын максаты ырдагы автордук ойду туура баамдоо, түшүнгөнүн башкаларга бузбай жеткирип берүү болуп саналат. Көркүү окуунун эң негизги шарттарынын бири — окуп жаткандагы сезимдин жасалма болбой чын жүрөктөн чыгышы. Ошондой эле мында ар бир сөз, ар бир тыбыш туура жана ачык, так айтылышы талап кылынат. Буга көнүктүрүүдө үлгүнүн мааниси өтө зор. Окуучуларды көркүү окууга үйрөтүүдө көркүү окууну кесип тутунган сөз чеберлеринин окуусу, мугалимдердин өздөрүнүн окуусу, атайын даярдалган окуучулардын окуусу эң сонун үлгү боло алат". Көркүү окуунун эң негизги шарты—окуучунун угуусуна эмес,көрүүсүнө багытталгандыгы"[1]. Бул ыр көркүү окулуп жатканда андагы акындын маанайы, ой-сезими, сүрөттөлгөн турмуштук көрүнүш алардын көз алдына кадимкидей тартылып, элестеп турсун дегендик. Көркүү окуу учурунда ырдын мазмуну жана формасы менен байланышкан тонду, интонацияны окуучулар туура кабыл ала албай калышы да ыктымал. Бул кыйынчылыкты жеңүү үчүн мугалим ырды бөлүктөргө ажыратып окутуп, окуучулардын көңүлүн андагы тон менен интонацияга бурат да, аларды ырдагы сезим нюанстарын "карман" калууга үйрөтөт. Бирок "ыйлоого, күлүүгө үйрөтүүгө мүмкүн болбогондой эле, интонацияга үйрөтүү мүмкүн эместигин"[2] ойдон чыгарууга болбойт. Бул үчүн туура интонациянын табылышына өбөлгө түзгөндөй кырдаалды жаратууга аракет кылуу зарыл.

Ырды жаттоого багытталган иштин жүргүзүлүшү да көркүү окууга көнүктүрүүдө өзүнүн оң таасирин тийгизет. Эгер ыр чакан болсо толук, ал эми көлөмдүү болсо маанилүү бөлүгү гана жаттоого берилет. Тилекке каршы, окуучулардын көпчүлүгү үчүн ыр жаттоо — өзүнчө эле бир азап, көңүлдөрүнө көк талкандай тийген иш. Ал эми мыкты ырларды жатка билүү окуучулардын эмоциясын, сезимталдыгын, ой өрүшү менен сөз байлыгын өстүрөт да, алардын рухий дүйнөсүнүн, ички маданиятынын эң сонун көрсөткүчү болуп саналат. Мектеп окуучуларынын ырды жаттоону сүйбөшүнүн бир нече себептери бар, булардын ичинен башкысы—алардын жаттоонун жол-жобосун, ыгын билишпегендиги. Конкрет мисал келтирели. Окуучулар ырдын башкы бир-эки түрмөгүн такалбай эле шыр айтып келет да, анан эле онтоп, жаңылып, акырында жер карап туруп калат, жаттоо жан рахат тартуулабай, жан кыйнаган азапка айланат.

---

[1] *Никифорова О.И.* Психология восприятия художественной литературы.—М.: Книга,1972.—С.50.

[2] *Язовитский Е.В.* Выразительное чтение как средства эстетического воспитания.—Л.—Учпедгиз,1963.—С.89.

Чындыгында, мыкты ырларды жатка билүү, кыраатын келтирип айтуу — түйшүктүү эмгек гана эмес, бул жан жыргатып эргиткен рахат да, жан дүйнөңдүн тазарышы, ой өрүшүндүн өсүшү, ички маданиятыңдын чагылышы да. Буга жетиш үчүн мугалим окуучуларга "жаттап кел" деп эле тапшырма бербестен, кантип жаттоо керектигин да кеңири түшүдүрүшү зарыл. Анткени мугалим жөнөкөй эле кабарлоочу, же текшерүүчү эмес, ал — окуучулардын таанып-билүү иш аракетин активдүү уюштуруучу да.

Алыкул Осмоновдун "Кыргыз тоолорун" жаттоого берүүдө: "Балдар, алгач ырды көңүл коюп окугула, анын маанисин, наркнасилин түшүнүүгө аракет кылгыла. Андан кийин китепти жаап коюп, ырды айтып көргүлө, кайсы саптар эсте калып, кайсынысы эстен чыгып жатканы дароо эле билинет. Мына ошол көңүлдөн чыгып калган сөздү же санты кайра карап, бир нече жолу кайталап, эсте тутуп, биринчи ыр түрмөктү жатка бир нече жолу айтып көргүлө. Ырдын экинчи түрмөгүн да мына ушул ыкма менен жаттап, кийин экөөн бириктирип айткыла, калган ыр түрмөктөрүн деле мына ушул тартипте жаттагыла. Бардык ыр түрмөктөрүн бириктирип бир нече ирет кайталап, акындын көңүл күүсүн бере алгандай көркүү айтууга көнүккүлө. Кечинде уктардын алдында жаттаганды бир сыйра кайталап коюу пайдалуу. Анткени биздин денебиз эс алып, өзүбүз уйкуда болгон менен, жүрөк, мээбиз ойгоо болот. Эртең менен ойгонор замат ырды айтып көрсөң, жаттай албай, эсиңде сакталбай кыйнаган саптар бадырайып оюнда турат", —деген сыяктуу багыт берилсе, бул иш натыйжалуу болорун эксперименттен байкадык. Окуучулардын жатка айтуусун баалаганда көп жаттаганын, же такалбай шыр айтып бергендигин гана эске албай, акындын көңүл күүсүн, маанай-сезимин туура бере алгандыгына көбүрөөк басым жасоо зарыл.

Ырды акыркы жолу окуу сабагы өзгөчө таасирдүү,өзгөчө шаңдуу, өзгөчө кызыктуу, окуучулардын эсинде көпкө сактала тургандай уюштурулушу шарт. Бул үчүн ырды мыкты көркүү окугандардын мелдешин өткөрүү, жеңүүчүлөрдүн окуган ырларын магнитофонго жаздырып коюу,мектептин радио түйүнүнөн уктуруу, класстар аралык көркүү окуу боюнча сынактарды уюштуруу максатка ылайыктуу. Иштин мына ушундай формалары гана окурмандык активдүүлүктү калыптандырат жана поэзия күйөрмандарынын өсүп чыгышына чоң түртүк берет.

Окурмандык активдүүлүк деген бул жалаң эле китепти көп окугандык эмес, мунун негизги көрсөткүчү болуп: көркөм чыгарманы окууга кызыгуу, эмоционалдык толгонуунун күчтүүлүгү жана тереңдиги, окуу аркылуу жетишкен натыйжасы, окуу чеги менен

көлөмүнүн артып барышы саналат. Окуу активдүүлүгүнүн өсүшүндөгү тарбиянын мүнөзүнө, жаш кезинен окууга кызыгышына, курбу-курдаштарынын китепке болгон мамилесине, жакшы китепканачыга туш болушуна да байланыштуу, бирок окурмандык активдүүлүктү күчөтүүнүн эң башкы себепкери — бул адабият мугалими жана анын өткөн сабагы болот. Кээ бир учурларда мугалим өзүнүн көрсөтмөлөрү жана багыттамалары менен окуучулардын активдүүлүгүн арттырбастан, карандай гана программалык талапты жетекчиликке алып, ушуну гана өздөштүрүшүнө жетишүүнү көздөп, тажатма тапшырмаларды кайра-кайра бере берип, көңүлгө тийген ашыкча эсеп-кысабы менен көркөм чыгарманы окуудан окуучуларды жаш бою качырышы да ыктымал. Демек, ырды үйрөнүү боюнча тапшырма берүүнүн мааниси да терең.

- ыр боюнча берилген тапшырма окуучулардын окурмандык кызыгууларын жана керектөөлөрү менен ыктуу байланыштырылышы зарыл;
- тапшырма берүүдө, сөзсүз, алардын окурмандык тажрыйбасы эске алынышы керек;
- тапшырма берүүдө аны үйрөнүүнүн маанилик жаңылыгын белгилеп, окуучулардын көңүлүн ушуга буруу максатка ылайыктуу;
- эсеп-кысап жүргүзүүнү мугалим менен окуучунун ортосундагы эркин ой бөлүшүүгө жана акынды, анын ырынын парк-насилин таанып-билүүнүн ийкемдүү формасына айландыруу шарт.

Мына ушул талаптарды көзгө тутуп, "Кыргыз тоолору" боюнча төмөндөгүдөй тапшырманы берүү натыйжалуу болорун биздин тажрыйба көрсөттү. "Ырдан өзүнөргө жаккан түрмөктөрдү жаттап, көркүү окууга даярдагыла; ырдан алган таасир боюнча аңгеме, сочинение, ыр, жазгыла, сүрөт тарткыла; ырдан салыштырууларды тапкыла, бул көркөм сөз каражатын колдонуу менен акын эмнеге жетишкен, ушуну байкагыла". Албетте, берилген тапшырмалардын баарын кийинки эле сабакка чейин окуучулардын аткаруусу да, мугалимдин деле баарын сурап да, текшерип да үлгүрүшү мүмкүн эмес, мындай кылуунун зарылдыгы да жок. Мунун натыйжасын билүүнүн ар түрдүү ык-амалдары арбын. Ошондой эле ыр боюнча берилүүчү тапшырмалардын мазмуну да ар башка, бул ошол ырдын маани-маңызына, парк-насилине көз каранды. Мисалы, "Мен тансам..." ыры боюнча: "Ырды жат, көркүү окууга даярдагыла. Эмне үчүн көркүү окууда мына ушундай тонду, интонацияны тандап алдың, түшүндүр. Башка акындардын ушуга окшош, маани-маңызы үндөш ырларын тапкыла, экөөн катар коюп салыштырып көргүлө. Айырмачылыгы эмнеде байкагыла." —деген сыяктуу суроо-тапшырмаларды берүү ылайыктуу.

Ырды үйрөнүүдө адабият теориясына тиешелүү түшүнүктөрдү өздөштүрүүнүн мааниси зор. Бул багытта мугалим окуучулар менен ар дайым үзгүлтүксүз, ырааттуу, туруктуу иш алып барышы зарыл. Мунсуз жалпы эле көркөм чыгарма, мунун ичинде лирика боюнча окуучулардын алган билимдери тайкы, үстүрт мүнөздө болот. Адабий-теориялык түшүнүктөрдү билбөө, айрыкча, ырды үйрөнүүдө өзүнүн терс таасирин күчтүү тийгизет. Анткени лирикада эмнени айтканы менен гана баалуу болбостон, аны кантип айтканы менен да маанилүү. Ырдын көркөмдүгүн арттырган эң маанилүү каражаттарга ырдын курулушу, уйкаштык, троптор кирет. V—VIII класстарда булар боюнча өтө терең түшүнүктү калыптандырууну адабият программасы талап кылбаса да, мугалим булар боюнча жалпы маалыматты берип, окуучулардын өздөштүрүүсүнө жетишүүсү керек.

Ырдын мыктылыгы, таасирдүүлүгү андагы ойдун тереңдигине, аның берилиш формасына, курулушуна, уйкаштыгы менен көркөм каражаттарды канчалык ыктуу, өз ордунда колдоно алгандыгына байланыштуу. Биз адабият теориясынан троптор, анын айрым түрлөрү боюнча түшүнүктөрдү калыптандыруунун үстүндө иш алып бардык. Анткени поэзияның ажайып сырынын бир учугу мына ушул тропторго катылган, ошондой эле акындын талантынын бир көрсөткүчү троптордо. Чыныгы сөз чеберинин колунда ар кандай сөз,сөз айкашы, сүйлөмдөрү мыкты зергердин жасаган буюму көз уялтып суктанткандай эле, биз байкабаган, элес албаган, күтпөгөн жагынан жарк деп көрүнүп, окурманды "бах" дедиртип тамшантып, таң калтырып, рахат тартуулап, дил тазартат. Түркүн-түс ойго түртүп, кыял кушун көкөлөтүп учурат. Албетте, эгер окуучу ошол чоң таланттын жараткан көркөм дөөлөтүн кабыл алууга, түшүнүүгө даяр болсо. А бул болсо сөз, ага катылган түрдүү маанини баамдап көрө билүүгө түздөн-түз байланыштуу. Мисалы, "Кыргыз тоолорунда" Алыкул Осмонов жандандыруу, салыштыруу, эпитет, метафора ж.б.у.с. троптун түрлөрүн арбын колдонгон. Ырды үйрөнүүдө булар жөнүндө учкай болсо да түшүнүк берилбесе, ыр тууралу алган окуучулардын билими тайкы болуп, ырдын мыктылыгынын чыныгы себебин, акындын чеберчилигинин сырын анчейин сезе беришпей, кош көңүл каларын тажрыйба көрсөттү.Мына ушул жерде кыстара кетүүчү бир ой—окуу программасындагы тигил же бул чыгарманы өткөндөн кийин, адабият теориясынын кайсы бир түшүнүгүн үйрөнүүнү сунуштоонун калпыстыгы. Мындан көрө, биздин оюбузча, ар бир класста адабият теориясы боюнча үйрөнүлүүчү материал көрсөтүлүп, аны кайсы чыгарманы өткөндө үйрөнүү мугалимдин эркине коюлса. Болбосо окуу программасынын талабын көзгө гут

сак. "Кыргыз тоолорун" өтүүдө адабият теориясынан пейзаж жөнүндө гана түшүнүк берип, бул ырга мүнөздүү болгон салыштыруу, метафора ж.б.көркөм каражаттарына мугалим көңүл бөлбөй, окуучулар болсо ырдын көркөмдүк касиети эмнеде, акындын чеберчилигинин сыры кайда катылган — булар тууралу толук түшүнүк ала алышпай, орто жолдо калышат. Ошондуктан "Кыргыз тоолорун" үйрөнүүдө пейзаж жөнүндө гана түшүнүк бербестен, ырда акын колдонгон көркөм сөз каражаттарына мугалим, сөзсүз, токтолушу керек. Бул ырда "Алда кайдан кебез тартып келаткан, кербенчинин төөлөрүндөй чубашып,"...тоңгон муздар шөкүлөдөй жаркырап," деген салыштыруулар, "Аран гана бороон өтөт калтырап," Жаз келерде эң биринчи жаз конуп;" сыяктуу метафоралар бар. Булар жөнүндө төмөндөгүдөй мүнөздө иш алып баруу өзүн актарына көзүбүз жетти.

"Балдар, кыргыз элп ак калпагын, Ала-Тоосун, комузу менен тилин байыртадан ыйык тутуп келген. Ак калпагы намыстын, Ала-Тоосу Ата журттун, комузу талант менен өнөрдүн, ал эми тили болсо түптүү эл экендигинин символун түшүндүргөн. Ак калпагын башына кийип, комузун колуна алып, Ата мекенин, элинин эркиндигин дүйнөгө жар салып, даңазалап келген. Булардын баарын дүйнөдөгү асыл баалуу, өлбөс-өчпөс, көөнөрбөс нерселерге салыштырып мактаган. Демек, салыштыруу кыргыз элинин оозеки чыгармаларында болсун, залкар төкмөлөр менен профессионал жазгыч акын-жазуучулардын чыгармаларында болсун кеңири колдонулган. Анда салыштыруу деген эмне, ал кантип жасалат — ушуга көңүл бөлөлү. Салыштырууда, балдар, төмөндөгү элементтер, сөзсүз, болушу керек. Биринчиден, эмнелер салыштырылып жатат. Экинчиден, эмнеге салыштырылып жатат, үчүнчүдөн кайсы белгиси боюнча салыштырылып жатат. "Кыргыз тоолорунда" биринчи кыргыз тоосу салыштырылып жатат, экинчи кыргыз тоолору кербенчинин төөлөрүнө салыштырылып жатат, үчүнчү кырка, катар жайгашкан көрүнүшү боюнча салыштырылып, бул —дай мүчөсүнүн жардамы менен жүзөгө ашырылган. Мына ушул салыштырууну колдонуу аркылуу акын кыргыз тоолорунун көрүнүшүн элестүү, көркөм, жандуу тартууга жетишүү менен, аларды тээ атам замандан, нечен доор, кылымдардан бери кыргыз элинин кайгы-кубанычын, жеңилиш-жеңишин тең көрүп, тең бөлүшүп келаткан сапарлаш, тагдырлаш тиреги, бекем жөлөгү катары көрсөтүүгө умтулган жана дал ушундай кылып көрсөтө алган. "Тоңгон муздар шөкүлөдөй жаркырап" деген салыштыруу менен ай чырайлуу бийкечтин өңүнө өң, ажарына ажар, сымбатына сымбат кошкон кир кол менен кармагыс баш кийимдей ыйык экендигин билдирсе, "Арстандын азуусундай ар-

сайып" бул салыштыруу аркылуу кыргыз тоолору доско дем, душманга сүр экендигин көрсөтүп жатат. Биз мисалга келтирген салыштыруулар жөн эле колдонулуп жатпагандыгын, акындын жүрөк төрүндөгү айтайын деген түпкү максатынан улам жаралгандыгына ачык далил боло алат. Негизи, балдар, чыныгы чоң таланттын чыгармасында сөзү, сөз айкашы, сүйлөмү гана эмес, үтүрү, чекити, ташымалына чейин белгилүү бир көркөмдүк, маанилик кызматты аткарат. Ал эми Алыкул Осмонов болсо мына ушундай мыкты, кайталангыс таланттардан. Анын залкарлыгын ушул ырындагы метафоралардан да байкасак болот. Метафораны адатта жашырын салыштыруу да дешет. Мындай аталышынын себеби метафорада деле салыштыруудагыдай эки нерсенин окшош жактары салыштырылат, айырмасы мында салыштырылып жаткандын бири түшүп калат, бирок аны ой, кыялдын жардамы менен көрүүгө, сезүүгө, аныктоого болот. Метафора катары колдонулган сөз, сөз айкашы же сүйлөм өзүнүн тыбыштык формасын сактаганы менен, маанисин түп тамырынан өзгөртөт, жаңы мазмунду камтыйт. Мисалга "Кыргыз тоолорундагы"... бороон өтөт калтырап", "... эң биринчи жаз конуп" ж.б. метафораларга көңүл бөлүп көрөлү. Турмушта бороондун калтырашы, коркушу, жүрөгү түшүшү мүмкүн эмес, ошондой эле үч-төрт айды кучагына сыйдырган жаз-мезгилдин канаттуудай учушу, конушу чындыктан таптакыр алыс. Эгер биз бул ыр саптарын түз маанисинде кабыл алып, түз маанисинде түшүнсөк, анда биз туюкка камалабыз, теңирден тескери тыянакка келип, ырдын көркөмдүүлүгүнө, нарк-насилине доо кетиребиз. Ошондуктан бул саптардын өтмө мааниде колдонулуп жаткандыгын, ойду элестүү, жандуу, көркөм берүүнүн негизги каражаттарынын бири экендигин эстен чыгарбашыбыз керек. Ырдагы бороон, жаз деген сөздөр өздөрүнүн тыбыштык айтылышын сактаган менен, бири адамга таандык сапатты, экинчиси канаттууга таандык касиетти алып, маанилерин которгон. Демек, балдар метафораны туура кабыл алуу үчүн элестете билүүнү, чыгармачылык фантазияны, кыялдануунуу өркүндөтүүбүз зарыл", —деген мазмундагы аңгеме-субкат, баарлашуу өзүн актарын көрдүк. Негизи ырдын табиятын мыкты өздөштүргөн окучуларды тарбиялоо үчүн V—VIII класстарда адабият теориясынан түшүнүктөрдү ар дайым үзгүлтүксүз, ырааттуу калыптандырып баруу абзел.

Поэзияны сүйгөн, анын эстетикалык табиятын мыкты түшүнүп, ага катылган терең ой-табышмакты туура чече билген ыр күйөрманын тарбиялоо үчүн класстык сабак системасы жетишсиз. Бул үчүн окуучулардын өз алдынча иштөөсүн уюштуруу зарылды-

гына тажрыйба учурунда ишендик. Окуучулардын өз алдынча үйрөнүүсүн үч багытта жүргүздүк.

- окуучулардын ырды өз алдынча талдоосуна шарт түздүк. Мисалы, У класста Ысак Шайбековдун "Кайран эл" ыры өтүлгөндөн кийин,кошумча окуу үчүн берилген Токтогул Сатылгановдун "Эзилдим шумдук заманда", Калык Акыевдин "Жокчулук" ырларын өз алдынча талдоого сунуштап, төмөндөгүдөй суроотапшырмаларды бердик. Акындардын ушул ырларын жакын кылып турган белгилери кайсылар? Бул ырлардагы башкы тема кайсы? Бул акындардын кимисинин ыры сага жакты? Эмне үчүн жакты? Бул ырлар сенде кандай ой-сезимди жаратты? Ушул ырларды мазмунуна силер билген кайсы музыка, же сүрөт ылайык деп ойлойсуңар? Эмнеликтен?
- бир акындын же бир нече акындын бир темадагы ырларын катар коюп салыштырып, өз алдынча талдоосуна мүмкүндүк бердик. Мисалы, Алыкул Осмоновдун "Ата Журт" ыры VIII класста өтүлөт. Бул ырды акындын өзүнүн "Ата журтум" ыры менен салыштырып талдоого сунуштап, төмөндөгүдөй суроо-багыттамаларды берүү натыйжалуу болорун көрдүк." Эки ыр тең бир эле акындын калемине таандык, эмне үчүн акын бир эле темага эки ыр жазган? Эки ырдын кайсынысын мыкты жазылган деп ойлойсуң, эмне үчүн? Ушул ырлардагы акындын ой-сезими, маанайы, көңүл күүсү окшошпу? Эки ырдын кайсынысынын мааниси терең, көркөмдүгү жогору деп ойлойсуңар?"
- ыр боюнча өз алдынча жазуу иштерин аткарттык. Мында V—VIII класстарда сочинение-сүрөттөө, сочинение-баяндоо, ал эми VIII класстардын окуучуларына сочинение-ой жүгүртүү жаздыруу максатка жооп берерин байкадык. Төмөндөгүдөй темаларды сунуштаса болот. "Мен сүйгөн акын", "Мага жаккан ыр", "Мыкты акын дегенди мен кандай түшүнөм?", "Жакшы ыр деген эмне? " Ыр жазуу оңой жумушпу?" ж.б.

Жогоруда биз токтолгон ырды үйрөнүүгө багытталган жумуштар жүргүзүлсө гана окуучулар поэзиядан чындап рахат ала алышат.

Поэзия — бул ачылыш. Залкар чоң талант биздин аң-сезимибизде көнүмүш катары калыптанып калган тааныш эле тигил же бул көрүнүштөн, кубулуштан, окуядан жаңыны көрөт, жаңыны ачат. Бул жаш адамдын жан дүйнөсүн байытат, сергек, сезимтал, көрөгөч болууга үйрөтөт. "Эгер жазуучу турмуштук таасирлерди сөз менен "кишендеп" койсо, окурман ал баскан жолду ээрчип жүрүп олтуруп, жазуучулук таасир менен толгонуунун себебин таап, "кишенден" бошотот. Окурман образдуу сөздү канчалык кылдат, терең сезсе, анын ассоциациясы ошончолук бай, элестете билүүсү

ошончолук жандуу, жалпылоосу ошончолук мазмундуу болот"[1]. Демек, окуучу да белгилүү өлчөмдө сүрөткер, жазуучу, акын болушу керек. Булардагы сүрөткердик жөндөмдүүлүктү ойготуу—бул аларда ырга активдүү мамиле жасай билүүнү калыптандыруу болуп саналат. Буга жетишүү үчүн ырдын жаралыш себебин көрүү, подтекстти аңдоо жана көркөм образды элестете билүүгө багытталган иштин түрлөрү үзгүлтүксүз ырааттуу жүргүзүлүп турушу зарыл.

V—VIII класстарда лирикалык чыгармалардын терендетип үйрөтүүдө поэзиянын керемет сырын мыкты түшүнгөн окуучуларды тарбиялоодо төмөндөгү:

- ырдын жаралыш себебин түшүнүү, акын менен тагдырлаш болуу;
- ырды жат, акындын ой-сезимин, маанайын туюнтуп көркүү окуу;
- акын жараткан көркөм образды кыял менен элестетип, көз алдыга келтире билүү;
- ырдагы эн-тамгалуу, таяныч сөздөрдү таба жана аны өздөрүнүн оозеки, жазуу кебинде колдонуусуна жетишүү;
- мааниси окшошпогон, бирок айтылышы жакын, же мааниси жакын, бирок айтылышы башка көркөм сөз каражаттарын бири-бири менен салыштырып айырмалай жана алардын колдонуш себебин түшүнө билүүгө үйрөтүү;
- ырдагы көркөм сөздү эки жактуу—сөздүн өзүнүн түз маанисинде жана контексттеги маанисинде кабыл ала билүүгө көнүктүрүү;
- ырдын сырдуу дүйнөсүн мыкты өздөштүрүшүнө көмөк бере тургандай тапшырмалардын системасын иштеп чыгып сунуштоо;
- ыр менен өз алдынча иштей билүүгө машыктыруу;
- ар түрдүү мазмун, формадагы жазма жумуштарды аткартуу — сыяктуу ык-амалдар натыйжалуу болоорун тажрыйба ырастады.

---

[1] *Молдовская Н.Д.* Литературное развитие школьников в процессе обучения.— М.: Педагогика, 1976.—С.22.

Үчүнчү бап

V—VIII КЛАССТАРДА АЙРЫМ ЛИРИКАЛЫК ЫРЛАРДЫ ТАЛДООНУН МЕТОДИКАСЫ

§ 1. Эл акындарынын ырларын талдоонун айрым маселелери

Жаңы өркүндөтүлгөн программада V—VIII класстарда эл акындарынын ырларына анчалык көп орун берилбеген. Ысак Шайыбековдун "Кайран эл", Калык Акыевдин "Жер кепеде өткөн күн", Молдо Кылычтын "Зилзалла" сыяктуу ырлары гана үйрөнүүгө сунушталып, ал эми Алымкул Үсөнбаевдин, Осмонкул Бөлөбалаевдин ырлары эмес, поэмалары гана программага киийирилген. Булардын баары туурасында сөз кылууга мүмкүн эмес, ага шаа да жетпейт. Ошондуктан биз эл акындарынын ырларын Калык Акыевдин "Жер кепеде өткөн күн" аттуу көркөм дөөлөтүнүн мисалында үйрөнүү проблемасына гана токтолмокчубуз.

Азыр биз эртеңибизге караганда өткөнүбүзгө көбүрөөк көңүл бөлүп жатабыз. Албетте, өткөндү билбей туруп, келечекке көз жүгүртүү мүмкүн эместиги маалым. Бирок өткөндүн баарын эле укмуш деп, же анын баарын жерип, четке кагып таштабастан, объективдүү карап, оң, терс жактарын тактап, ылгап алганыбыз туура. Болбосо кечээ эле жарамсыз деп "ыргытып" салгандарды бүгүн туу кылып көтөрүп алганыбыз мактанарлык иш эмес. Бүгүнкү күндө социализм,социалисттик революция деген сөздөр биздин лексикондон чыгып калды, колдонулса да, адамдын үрөйүн учурган айкалыштарда, айтылып, жерилүүдө. Албетте, мунун негизи да бар, тупатуура жетимиш жылдан ашуун социализм, коммунизмди курабыз деп, ураан көтөрүп иштеп жүрүп, мына бүгүнкү күнгө келдик. Жээрге наныбыз, киерге кийимибиз жетишпей, жеке адамдар биз эмес, өлкөбүз кыйналып, кечээги эле келишпес душмандарыбыз дегендерден эки колду сунуп жардам сурап турган чагыбыз. Бул— биздин идеянын кулу болуп болуп жашаганыбыздын жемиши. Бул — социализмдин, коммунизмдин бизге берген "жыргалчылыгы". Муну моюнга албай, танууга мүмкүн эмес. Бул — биздин бүгүнкү турмушубуздун ачуу чындыгы. Ошентсе да, өткөндүн баарын кара боек менен боеп, өткөндүн баарын таштандыга ыргытып салууга да болбойт. Кызуу кандуулукка, сезимге жеңдирбей, токтоолук, акыл-

эстүүлүк, сабырдуулук менен өткөнгө көз жүгүртүп чыгуу зарыл. Ошондо гана өткөн келечекке да, учурга да ак кызмат өтөй алат. аша чабуулардан, жаңылыштыктардан сактайт. Мына ушул көз караштан "революция бизге эмне берди?" деген суроого жооп издеп көрөлү. Эң биринчи, кыргыз элин жок болуудан сактап калды. Буга далилди тарых баракчарынан издебей эле Ысак Шайыбековдун "Азган эл", "Кайран эл", "Кайткан эл" ырларынан табабыз.

Баш кошуп чогуу байыр албай,
Сайлап жүрөт кайран эл.
Азаттыкты эңсешип,
Зарлап жүрөт, кайран эл.

Мына ушинтип сайлап, зарлап жүргөн элибизге Октябрь төңкөрүшү өз Мекенин кайтарып берди. Эл катары жок болуп кетүүдөн сактап калды. Өзүнчө мамлекет катары калыптанышына түздөн-түз жардам берди. Караңгылыктан кат — сабаттын кан жолуна чыгарып, илим-билимдин чоң дүйнөсүнө аралашуусууна шарт түздү. Абийирибизге камчы чаппай айтканда, бүгүнкү материалдык жана рухий бийиктикке жетишибизге негизги себеп болду. Муну да танууга болбойт, биз каалайбызбы, каалабайбызбы, турмуш чындыгы — дал ушудай.

Өз мезгилинде эл ырчылары төңкөрүштүн жактоочулары, анын жарчыларынан болушкан. Албетте, мунун ар кандай обьективдүү, субьективдүү себептери болгондугу анык. Бирок Октябрь төңкөрүшүн колдоп, кубаттап, жаңыга үндөп ырдагандарына алардын өздөрүнүн ырлары —күбө.

Калык Акыев да — мына ушул залкарлардын катарындагы акын. Ал теңсиз замандын тепсендисинде калган үй-бүлөдө чоңойгон. Өзү Жумгалда төрөлүп, көр тиричиликтин айынан ата-энеси жөө жалаңдап Кетмен-Төбөгө качып барып, болочок акын ошол жерде өлбөстүн күнүн көрүп, ачуу-таттууну татып, эрезеге жеткен. Мына ошол азаптуу турмушунун бир сүртүмүн "Жер кепеде өткөн күн" ырында чагылдырган. Бул ыр жөнүндө, аны окутуунун айрым маселелерине токтолуудан мурда бир нерсени эске сала кетүүнүн удулу келип турат.

Лириканы үйрөнүүдө окуучулардын кӳрагын, психологиялык өзгөчөлүгүн, билим деңгээлин жана жекече өнүгүшүн көзгө тутуу гана жетишсиз, мындан башка ыр ким тарабынан: төкмө ырчылар тарабынанбы, профессионал жазма адабияттын өкүлдөрү тарабынан жаралгандыгын да мугалим ойдон чыгарбашы керек. Анткени муну тактап, аныктап алуунун мааниси өтө чоң. Мында дүйнөнү, турмушту, чындыкты көркөм кабылдап чагылдыруунун эки башка жолу, эки башка ыгы жатат. Ошондуктан төкмө ырчы менен профессио-

нал акындын бирдей эле темадагы ырларын бир ык, бир жол, бир метод менен окутууга, бул ырлардын жарк-насилине, көркөмдүгүнө бир эле чен өлчөм менен баа берүүгө жана талдоого болбойт. Оозеки чыгармачылык менен профессионал адабияттын ортосунда чоң айырмачылык бар. Ал айырмачылыктар булар: жазма адабият — оозеки чыгармачылыктын жогорку баскычы. Мында акын өзүн толкундантқан, түркүн түс ой — сезимди жараткан турмуш көрүнүшүн, ал көрүнүштөн улам пайда болгон поэтикалык чындыкты жогорку көркөмдүктө, чеберчиликте берүүгө умтулат. Жазгыч акын — өзү жараткан көркөм туундуну купулуна толмоюнча, кайра-кайра оңдоо, түзөтүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. Бул үчүн ал сөз издейт, поэтикалык ойдун ажарын ачып бере турган форманы табат, өзүн-өзү кайталабоого аракеттенет. Ошондуктан ал ар бир эле ырды бир күндө, бир айда, бир жылда да жаратышы мүмкүн. Анткени жазмада акындын ийгилиги, кемчилиги алаканга салгандай көрүнүп турат да, белгилүү өлчөмдө анын жоопкерчилигин күчөтөт.

Элдик оозеки чыгармачылыктын өкүлдөрү төкмөлөрдүн чыгармачылыгы булардан түп-тамырынан айырмаланат." Ак комузга кыл таккан, акындарга сын таккан" улуу Токтогул:

Үйрөнөм деп ырымды,
Үймөлөктөп эл келет.
Жамгырдай төгүп ырдасам,
Жатка алып кантип үйрөнөт!?—деп ырдагандай, төкмөлөр — жамгырдай төгүп" ырдоо касиетине ээ. Буларда сөз издөө, ылайыктуу сөздү тандоо түйшүгү жат. Комузду колго алганда эле, жарышка түшчү күлүктөй жүрөгү алып учуп, ээлөрүп, кайдан-жайдан эргүү келип, кырдаалга, шартка жараша жайкы күндүн өткүнүндөй төгүп жиберишет. Бул укандарды, көргөндөрдү тап калтырып, тамшантат. Комуздун коштоосу, ырчынын жагымдуу, укмуктуу обону ого бетер ырдын ажарын ачып, угармандын моокумун кандырат. Угармандарда ырчынын төкмөлүк, аткаруучулук талантына таазим кылуу, ыраазы болуу сезимин пайда кылат. Ошентсе да ушул жерде бир чындыкты айтып коюунун оролу келип турат.Төкмөлөрдүн ырлары ар дайым эле мазмуну терең, көркөмдүгү жогору боло бербейт. Убакыттын тардыгына, аздыгына байланыштуу булар өздөрү ырга кошуп жаткан турмуштук көрүнүштүн, кубулуштун, окуянын ички мазмунуна анчалык үңүлүп кире алышпай, кээде сырткы көрүнүшүн сүрөттөөгө өтүп кетишет. Кээде аң-сезимсиз эле өзүнө чейинкилердин, өзүнүн эле кээ бир көңүлгө жат болуп калган, же ошол кырдаалга, шартка жооп берген, ылайык ыр саптарын колдонуулары да ыктымал. Ошондуктан төкмөлөрдүн ырларына профессионал адабияттын өкүлдөрүнө ко-

юлган талап менен баа берүү туура эмес. Ырчылыктын көркөм деңгээлүнө өзүнүн мыйзамы менен өкүм чыгарылышы шарт.

Калык Акыевдин"Жер кепеде өткөн күн" ырын талдоодо ырдын көркөмдүгүнө негизги басым жасалбастан, коом таанытуучулук, тарбиялык жагына басым жасалганы максатка ылайыктуу. Бул ыр-өмүр баяндык мүнөзгө ээ. Ырды окутууда, үйрөтүүдө мына ушул кезге тутулушу лаазым. Мында бир Калык Акыевдин өмүр жолу эске алынбастан, Калыкка чейинки залкарлардын өмүр жолуна, тагдырларына токтоло кетүү ошол өткөн замандагы кыргыз элинин турмушунан окуучуларга реалдуу кабар берүүгө шарт түзөт.

"Арыстан акын Өтө эле, агылган ырдын кени эле",—деп Токтогул жоктогон Өтө (Жеңижок) да теңсиз турмуштун кесепетинен киндик каны тамган жерин таштап, Таластан Аксыга тентип кеткен.

Тоо булбулу деп аталган Токтогулдун ата-энеси Сатылган менен Бурма да көр тириликтин айынан Майлы-Сай тарапка жер оодарууга аргасыз болушкан.

Ырчы десе ырчы, жомокчу десе жомокчу, тамсилчи десе тамсилчи, санжыраны саймедиретип айткан залкар Тоголок Молдонун тагдыры да — ушундай. Курткада тиричилиги өтпөй, Чүй тарапка ооган.

Турмуштун азабын аябай тарткан Барпынын тагдыры болсо мындан да аянычтуу.

Калык да — мына ушул заманда телчиккен таланттардын бири. "Эки дөө жөөлөшсө, ортосунда чымын өлөт" дегендей, бийлик талашкан манаптардын айынан эр өлүп, карапайым калк алардын кунун төлөп, төлөөгө алы келбегендердин катуудан казаны, жумшактан күлү гана калып таланган, эптеп өлбөстүн күнүн көрүү үчүн булар жер оодарууга мажбур болушкан. Калыктын атасы Акы да мына ушундай тагдырга туш болуп, болгон "дүнүйөсүн" жонуна көтөрүп, эки жашар Калык менен жарын жетелеп алып, Жумгалдан Кетмен-Төөгө жөө жаландап качып келишет. Акы ары мерген, ары колунан көөрү төгүлгөн чебер уста адам болгон. "Өнөрлүү жан өлбөйт" дегендей, өзүнүн мээнети, маңдай тери менен бала — чакасын бага баштайт. Бирок баш калкалар үйү жок, ошондо жер кепе казып, баш паанек кылышат." Жер кепеде өткөн күн" мына ошол күндөрдү чагылдырат. Ырда "эски турмуштан" деген эскертүүсү да бар. Өткөндүн мына ушундай көлөкөлүү жактарына окуучулардын көңүлүн буруу зарыл. Чындыкты ал канчалык ачуу болбосун унутуп коюуга эч кимибиздин акыбыз жок. Ырда өткөн замандын кандуу элеси карапайым пенделердин жана ошол замандын эркелеринин

абалын сүрөттөө аркылуу чагылдырылат. Ырда Калык өзүнүн атасы Акы жөнүндө:

Өзүнүн кылган кесиби,
Мергенчилик насиби.
Кийик, куштан башкага,
Тийген эмес жазыгы, — деп айтат. Акы кийик, кушка да байманасы ашып-ташып, эриккенден, көңүл ачуу үчүн кол көтөрбөстөн, көр тириликтин айынан, бала-чакасын ачтан өлтүрбөйүн деп, аргасыздан ок чыгарган. Жокчулуктун кесепетинен аска-тоону аралап, кайберен артынан жүгүрүп, аңчылык кылган. Жакырчылык мойнуна түшпөс болуп бек минген атасы Акыны:

Асынганы бир мылтык,
Чокою чарык, шым жыртык.
Элден, журттан уялып,
Эки этегин бек кымтып.
Арманын айтып буркурап,
Аялы кошо зыркырап.
Эки жашар баласы,
Кошулуп ыйлайт чыркырап, — деп сүрөттөйт.

Башына бүткөн бар байлыгы мылтыгын бел туткан Акы мергендин абалы ар кандай пенденин жанын кейитип, жүрөгүн сыздатат. Кантер айласын таппай, көзүнө күчүн чыгарган эненин арман-асиретин угар эч бир жандын жоктугу, ата-энесинин башына кандай балээ түшкөнүн сезбесе да, курсагынын ачынан кудайга үнү жетип, чыркырап ыйлаган наристе баланын ыйы—баары ошол күндүн кандуу элесин, эл башымын дегендердин таш боорлугун, ырайымсыздыгын, жырткычтыгын ачык-айкын көрсөтөт.

Ачка жатып айласыз,
Талаага жатып дайынсыз.
Дайра кечип, тоо ашып,
Дал он беш күн жол басып.
Азык-түлүк жогунан
Акыл-эстен адашып...
Барганы тааныш эл эмес,
Анык болду думана.

Киндик каны таамп, ата-бабасы өнүп-өскөн жерге көр тиричиликтин айынан батпай, эптеп өлбөстүн күнүн көрөр бекенбиз деп, Акы мерген катын-баласын жетелеп, Кетмен-Төбөгө өтө качты. Бирок, кайда барсаң, Мамайдын көрү дегендей, кетмен-төбөлүктөр өздөрү деле жырган жаткан эмес. Бул жерде деле карапайым калктын башына кандуу камчысын ойноткон манаптар бар болучу. Бул жерде деле калың журт "эл жакшыларынын" айтканынан чыга ал-

бай, чыккан пенде бир балээге тушугуп, кан жутуп турган кез эле. Башканы мындай коелу, дили эмнени кааласа, тили ошону айткан, ыр менен күүнүн пири колдогон улуу Токтогулдун тагдырын эле элестетип көрөлүчү. Ак жашап, ак сүйлөп, ак ырдагандыгы үчүн, колунда барларга кошомат кылбагандыктан," комузду күүгө келтирген колуна кишен салынып", ак жеринен айыпталып, ата-бабасы көрбөгөн алыскы Шыбырга айдалгандыгы, Токтогулдун тагдырын оюнчук кылып ойногон "мыктылар" үчүн карапайым жер каран көнүп калган пенделер ким болуп калыптыр. Жер оодарып барган Акы, анын үй-бүлөсүнө кайрылмак тургай, өздөрү да эптеп-септеп өлбөстүн күнүн өткөрүп жатышкан кетмен-төбөлүктөрдүн көбү.

Элибизде кара кылды как жарган "Жакшылык күндө март болуш ар адамдын иши, жамандык күндө март болуш эр адамдын иши", — деген сөзү бар. Чындыгында, токчулук кезде баарыбыз боорукербиз, кайрымдуубуз, тууганчылбыз. Ал эми жокчулукта биздеги мына ушул сапаттар кайда кетет? Өзүбүз тойсок да, көзүбүз тойбой, жутунганыбыз жутунган. Ырдагы "Барганы тааныш эл эмес, анык болду думана", —деген сапка ой жүгүртүп көрөлүчү. Эмне Кетмен-Төбөдө кыргыздар жашабай, башка улуттун өкүлдөрү жашаганбы, эмне үчүн Акы өз элинде, өз жеринде думаналык кылат, эмне жумгалдыктар, кетмен-төбөлүктөр ушунчалык таш боор, мээримсиз калкпы. Жок, кептин баары буларда эмес, ошол эл жашаган заманда, эл башынан кечирген доордо. Заман ошондой таш боор, заман ошондой карышкыр, заман ошондой түлкү болучу. Эл мына ушул замандын темир кишенинен чыга алган эмес, чыгуунун жолун да билген эмес. Ошондуктан өз элинде, өз жеринде кайырчы, думана болушка аргасыз эле. Бешенеме жазылганы ушул деп, таалайына тарынып, өлбөс үчүн жан талашып күн кечиришип, ушуга ыраазы болуп жашап келишкен. "Жатар жайы дагы жок, жарма кылар даны жок", — мына Акы менен анын үй-бүлөсүнүн Кетмен-Төбөдө тапкан бактысы. Кантмек, эптеп жашаш керек, бала-чакасын багыш керек. Тагдырдын жазганынан кайда качып кутулмак. Баш паанек кылар жайы жок, үй-бүлөсү ай талаада. Кылычын алып, кыйкырып кыш да кирип келди. Эмне кылыш керек? Ошентип, жер кепе казды. Кепесинин кебетеси:

Терезе жок, тешик бар.
Каалга жок,эшик бар.
Шамал айдап шаштырып,
Кепеге толот жааган кар.

Акы мерген ушуга да ыраазы. Мылтыгын асынып алып, кудай насип кылган кайберенди кармап, бала-чакасын бакты. Багы жокко дагы жок деген чындык белем. Акынын аягын талытпай, алыс-

жакынга унаа кылып минип турган бешенесине бүткөн жалгыз аты да жардан учуп өлдү. Ырда ат учуп өлгөндөн кийинки үй-бүлөнүн абалы төмөнкүдөй сүрөттөлөт:

Өлгөн атка өкүнүп,
Ата-энеси күйүнөт.
Эт жейбиз деп балдары,
Эркелешип сүйүнөт.

Мына баланын балалыгы. Дүнүйөң өрттөнүп баратабы, аны менен кымындай иштери да жок. Курсагы ток, кийими бүтүн болсо болду. Бала ушунусу менен бала, мына ушун үчүн биз аларды жакшы көрөбүз, сүйөбүз,"Өлбогөн жан алтын аяктан суу ичет", — деген кептин чындыгын кара. "Терезе бар, эшиги жок" кепеде жашап, ач калып, ысык-суукка тонуп чоңойгон Калык кийин кыргыздын эркеси болуп, ырдын кенин агызган чоң акын болуп чыкты. Элибиздин адабиятына, маданиятына зор салым кошту. Демек, тирүү жан эч убакта жакшылыктан үмүт үзбөй жашаганы лаазым. "Жер кепеде өткөн күн" чыгармасында акын өздөрүнүн тентип кетишине түздөн түз себепкер болгондор жөнүндө:

Тирүү туруп көрүүгө,
Тили бычак бөрүгө.
Кузгун, жору, шум түлкү,
Тарп талоочу көбүнө.

— деген мүнөздөмө берген. Кузгун, жору, шум түлкү—метафора образ. Мына ушул жерде балдарга метафора тууралу түшүнүк бере кетүү ылайык

Метафора — грек сөзү (алып өтүү дегенди түшүндүрөт), троптун бир түрү, кандайдыр бир нерсенин тигил же бул белгисинин окшоштугу, же карама-каршылыгы боюнча башка бир нерсеге алып өтүп колдонууну туюнтат. метафора салыштырууга жакын, бирок салыштырууда салыштырып жаткан эки нерсе тең болсо, метафорада салыштырылып жаткандын бири болбойт, ошондуктан муну жашырын салыштыруу, кыскартылган салыштыруу деп да коюшат. Метафорада образ да, предмет да бир эле сөзгө сыят. Мында ар дайым эки маани биригет. Бири сөздүн өзүнүн түз мааниси, экинчиси контекстте аныкталат. Сөздүн өзүнүн көнүмүш түз мааниси образды жаратса, өтмө мааниси предметти билдирет. Мына ушул көз караштан ырдагы метафораларга ой жүгүртүп көрөлү: кузгун, жору, түлкү — метафора. Бул: сөздөр — айбанаттардын аттарын билдирүүчү сөздөр. Ал эми ырдын контекстинде эмнени билдирет, бул бир аз ой жүгүртүүнү талап кылат. Анткени ар кандай метафорада жооп табууну күткөн кичинекей табышмак болот, турмушта жору, кузгун бүркүттөй чоң куш болгону менен бүркүткө окшоп шаңшып

учпайт, карышкыр, каман, кайберендерди ала албайт, булар тарп аңдып, алсыз майда жаныбарларды баса калып жеп, күн өткөрүшөт. Түлкүнү адатта жаныбарлардын эң митаамы, амалдуусу, күчтүүсүн күчсүзүнө каршы койгон куйту жаныбар катары билебиз. Демек, жору, кузгун, түлкүнү бай-манап, болуштар менен жакындаткан белги бири жаныбарлардын жырткычы болсо, экинчиси адамдардын жырткычы экендиги. Мына ушул окшоштук,жакындык, метафораны жаратат. Чындыгында эле, Акы .мергендин бала-чакасынын адам көрбөгөн азапты көрүшүнө, жер үстүндөгү тозокто жашашына жору— адам, кузгун— адам, түлкү— адамдар себеп болуптур. Негизи, элдик оозеки чыгармачылыкта метафора өтө бай колдонулат, буга мисалды уникалдуу "Манас" эпосунан да, башка кенже эпостордон да тапса болот. Улуу Токтогулдун "Беш-каманы" да — метафора. Метафора бир гана сөздөн эмес, бир толук сүйлөмдөн, бир толук ыр түрмөгүнөн, атүгүл бүтүн бир чыгармадан турушу да ыктымал. Метафора — ойду көрктүү, кыска, элестүү берүүнүн негизги каражаты гана эмес, окурмандын кыялдана билүүсүн, фантазиясын өркүндөтүүнүн да таасирлүү каражаттарынын бири.

Мына ушинтип, Калык Акыевдин "Жер кепеде өткөн күн" ырын үйрөнүүдө ошол учурдагы эл турмушуна, замандын түрүнө, доорго негизги көңүлдү бөлүш керек. Бул үчүн тарыхый фактыларга, ошол мезгилде жашаган белгилүү адамдардын тагдырына таянуу максатка ылайыктуу. Комуздун муңдуу күүсү менен коштоо, ошол заманды элестеткен сүрөттөрдү колдонуу да оң натыйжага жетишүүгө көмөк берет. Бул ырды үйрөнүүнүн эң негизги максаты таалим-тарбиялык, коом таанытуучулук максат экендигин эстен чыгарууга болбойт. Ошондой эле кандай гана кыйынчылыкка туш болбосун, адам жаркын максат, жакшына үмүт менен жашоо керектигин окуучулардын аң-сезимине сиңирүү зарыл. Токтогул, Тоголок Молдо, Барпы, Калыкка окшогон залкар таланттар өздөрүнүн чыгармалары менен гана таалим-тарбия бербестен, өрнөктүү өмүрү менен да таалим-тарбия берери, жакшылыкка үндөрү ар дайым мугалимдин оюнда турушу лазым.

§ 2. V—VIII класстарда ар кандай тематикадагы ырларды талдоонун тажрыйбасынан

Бул класстын окуучулары Улуу ата мекендик согуш темасындагы чыгармалар менен ырларды үйрөнгөнгө чейин эле таанышышат. Кыргыз жазма адабиятынын негиздөөчүлөрүнүн бири Касымалы Жантөшевдин "Чолпонбай", дүйнөгө аты тараган залкар жа-

зуучу Чыңгыз Айтматовдун "Атадан калган туяк" аңгемелерин окуп үйрөнүшкөн. Согуш качан башталган? Кимдер баштаган? Максаты эмне болгон, согушта кыргыздын уулдары кандай эрдиктерди көрсөткөн? Согуш элге эмне алып келди? — булар жөнүндө аз да болсо билишет. Демек, азыр биз сөз кылуучу "Алакан" ырын өтүүдө мына ушулар жөнүндө кайрадан аңгеме-субкат өткөрүп отуруунун анчейин кажети деле жок,белгилей кетчү нерсе: Касымалы Жантөшев да, Чыңгыз Айтматов да согушка өздөрү катышкан эмес. Ошондуктан булар согуш эпизоддорун сүрөттөгөндө газета-журналдардан, радио, кинофильмдерден алган таасирлерге жана өздөрүнүн көркөм фантазиясы менен чыгармачылык дараметтерине гана таянышкан.

Ал эми"С. Жусуев — согуш майданында болуп, анын азаптозогун өз башынан өткөргөн акын. Ошондуктан анын чыгармачылыгында согуш, ал алып келген алааматты болтурбоого болгон чакырык басымдуу"[1].

Өлүмдү ойлоо акыл киргендиктин белгиси деген сөз бар элибизде. Бул сөз чын болсо, анда Сооронбай Жусуевдин акыл азуусу эрте чыккан, анткени ал—өлүм эмне, өмүр эмне, согуш эмне экендигин бирөөлөрдүн айткан, жазгандарынан эмес, өзүнүн жан териси менен сезип, көзү менен көрүп, күлгүндөй курагын эл четинде, жоо бетинде өткөрүп, ажал менен арбашып, кан күйгөн согуштун башаягына чейин катышып келген жоокер. Мына азыр эле алыста калган айылы, ата-энеси, жары, бала-чакасы жөнүндө бакылдашып отурган жолдошторунан заматта айрылуунун жан кыйнаган азабын канча жолу өз башынан өткөрбөдү дейсиң, бул согуштагы ошол жоготуулардын ордун толтуруу, унутуу назик көңүлдүү, боорукер жүрөктүү, сергек сезимдүү акынга мүмкүнбү. Албетте, мүмкүн эмес. Демек, Сооронбай Жусуевдин бул темага кайрылышынын жөнү да бар, мыйзам ченемдүү да.

"Алакан" жөнүндө сөз кылуудан алдын, жалпы эле лириканы мектепте талдоонун кээ бир жактарына токтоло кетүүгө туура келип жатат. Биз өзүбүздүн бир эмгегибиздé: "Методикалык мүнөздөгү эмгекте эмне үчүн алардын теориялык жагына токтолуу керек, деген табигый суроо туулат. Себеби бул ырлардын айрымдары боюнча гана тийди-качты сөз айтылганы менен, көпчүлүгү адабий талдоого алынган эмес. Эгер тигил же бул сабакты окутуунун методикасы ириде илимий жагынан иштелген теориялык маселе-

[1] *Алымов Б. Сыдыков Н.* Кыргыз адабияты боюнча программага жаңы кирген чыгармаларды окутуу. —Бишкек: Мектеп,1992.—28-б.

лерге таянарын эске алсак, анда бул чыгармаларды адабий анализдөө жагына көбүрөөк токтолуу зарыл"[1], —деп белгилегенбиз.

Негизи, лириканы мектепте ар түрдүү аспектиден талдоого болот. Бирде ырдын аталышына басым жасап талдоо натыйжалуу болсо, бирде ырдагы эн-тамгалуу, таяныч сөздөргө таянуу менен талдоо жемиштүү, эгер ыр сюжеттүү болсо, албетте, бул жерде эпикалык же драмалык чыгармадагы сюжет жөнүндөгү сөз эмес, акындык ойдун кыймылы менен акындык маанайдын өзгөрүшү тууралу баратат, анда ырдагы мына ошол сюжетке басым жасоо менен талдоо да ийгиликтүү болорун биздин тажрыйба ырастады.

Ар бир ырдын ачкычы өзүнө катылган. Кептин баары мына ошол ачкычты таба билүүдө"[2]. Демек, ырды туура түшүнүү, туура кабыл алуу үчүн ушул ачкычты табуу керек. Лириканын парадоксу, негизинен, кат-сабаттуу ар бир эле пенде үчүн түшүнүктүү, ошол эле учурда оңой менен аңдоого мүмкүн болбогон кандайдыр бир сырды өзүнө катат. Ошондуктан мыкты ырларды кайталап окуган сайын, буга чейин өзүң байкабаган ой-сезимди көрүп, кооздукка туш болосуң. Мурда эмне үчүн, кантип көрбөй, сезбей калдым деп, баш чайкап, таң каласың. Каныңкатып турганда, булакка туш болсоң, бир тамчысын койбой жутуп жиберчүдөй, бой урасың... Бирок заматта эле чаңкооң канат. Жер тамырын темененин көзүндөй жарып чыккан мөл булак канчалардын чаңкоон басты, канчаларга күч берди, өмүр берди, жашоо берди, дагы канчаларга кубат берет. Жакшы ыр мына ушул мөл булак сыяктуу, кимдир-бирөө окуп рахат алды, буга чейин да кимдир-бирөөлөр окуп ушундай сезимди өз башынан өткөргөн, булардан кийин да канчасынын көңүл кушун көкөлөтөт.

Лирика — эң бир субъективдүү жанр. Мында акын окурман менен өзүнүн ой-сезимин бөлүшөт, кандайдыр бир окуядан улам пайда болгон кайгы, кубанычын, таң калуу, ыраазы болуусун айтат. Бирок өзгөчө кызыгы бир адамга, акынга гана таандык ой-сезим эч бирибизди кайдыгер калтырбай, ар бирибизге тиешелүү болуп да чыга келет. Мунун себеби жакшы ыр ар бир адамдан жооп сезимди талап кылат. Замандаштарын да, кийинки муундарды да ал сезимди тең бөлүшүүгө, тагдырлаш болууга чакырат. Лирикада образ — адамдын өзү эмес, анын сезими жана ою. В. Маяковскийдин сөзү менен айтканда "сезилген ой". Албетте, мындан акынды курчап тур-

---

[1] *Алымов Б. Сыдыков Н.* Кыргыз адабияты боюнча программага жаңы кирген чыгармаларды окутуу.—Бишкек: Мектеп, 1992.—23-б.

[2] *Гинзбург Л.* О лирике.2-е изд.,доп.—Л.: Советский писатель,1974.—С.74.

ган предметтик, материалдык дүйнө-буюмдар, жаратылыш, эң негизгиси адамдар лирикада жокко чыгарылат экен деген тыянак келип чыкпашы керек. Материалдык дүйнөнү, жаратылышты ушунчалык тыкандык менен сүрөттөгөн ырлар деле арбын, адамды кээде шарттуу, кээде реалдуу аты менен чагылдырган ырлар деле көп. Бирок чыныгы лирикада булар жөн эле өз бет алдынча сүрөттөлө бербейт, булар акында белгилүү бир ойду, сезимди түрдүү ассоцияларды туудурат — мына ушул буюмдардын, ойлордун, сезимдердин, ассоциялардын жыйындысы негизги лирикалык образ болуп саналат.

Сооронбай Жусуевдин "Алакан" ыры — буга ачык, далил. Мында ырааттуу өнүктүрүлгөн сюжет да бар, окурман сүйлөп бере турган мазмун да бар. Ал төмөндөгүдөй: Бейпил, бейкут күндөрдүн бири. Акын тынч мемиреп уктап жаткан баласын ичи элжиреп, өзгөчө мээрим менен жакшы көрүп карап турса, ал чукураныл, уйкусоонун арасында бир нерсени былдырап, атасынын мойнунан кучактайт. Уулунун быйтыйган кипкичине алаканын өөп жатып, акындын оюна согуштагы бир окуя кылт дей түшөт. Согуш учуру. Бир котелдон тамак жеп, бир кружкадан суу ичип, өткөн өмүрдүн ачуу-таттуусун тең бөлүшүп, келечек үмүттүн рахатын бирге көрмөк болгон жан досу, сырдашы Самак болчу. Ал ар кандай кыйынчылыкка моюбаган, ары шайыр, ары өзгөчө ыр жандуу жигиттердин бири эле. Бири-бирине ажал чачкан кагылыш бир аз токтой калса болду, Самак өзүнүн боорду эзген күлкүлүү кептери менен жан жыргатып, жашоо рахатын сездирген ыры менен алаамат согуштан жолдошторун көз ирмемге болсо да алыстатчу. Күндөрдүн биринде кандайдыр-бир себептер менен бир аз кармалып калган акынга Самак: Ой, баятан бери каякта жүрөсүң? Мага айылдан кат калди, катта баламдын да сүрөтү бар экен, мына көрсөң,—деп, сүйүнүчүн батыра албай барбалактайт. Караса, катта баланын сүрөтү эмес, быйтыйган кипкичине алакандын сүрөтү жүрөт. Кубанычын көөдөнүнө батыра албай аптыккан Самак алакандуу кагазды улам-улам өпкүлөп жатты. Тун баласынын жарык дүйнөгө келгенин өз көзү менен көрбөгөндүгүнө, той өткөрүп, кутман карылардын ак батасын албагандыгына ичи тызылдап, жүрөгү ачышты, "бала деген кандай жакшы,"—деп оор улутунуп да алды. Ошентип, алакандуу кагаз Самактын бүтпөгөн кубанычына, кызыктуу аңгемесине айланды. Далай кандуу кагылыштар өттү. Жоону Мекендин чегинен улам арылап сүрүп олтурушту. Бир жолу душманды кууп, бир кыштакка кирип барышты. Короодогу мамыга жаш баланы таңып коюшканын көрүштү. Бала колдорун эрбең-сербең эттирип, жардам сурап, жо-

окерлерден көзү өтүп жатты. Бул не деген шумдук деп, эмне кылуу керектигин ойлоңгуча, наристени бошотууга Самак шашып чуркап жөнөдү. Ботодой боздоп ыйлап турган балага эми жетип бошотордо, боз топурак борк этип, кара түтүн көккө созулду, душман коюп койгон мина жарылды...Самактын, баланын кантип өлгөндүгүн толук айтууга акындын кубаты жетпейт, болгону экөө тең жок. Жерде быйтыйган кипкичине алакан жатты...Өткөн-кеткенди көз алдына келтирип, акын ой көлүнө көп чөмүлөт. Ошондо согушту эстегенде баланын быйтыйган кичине алаканы көрүнгөнү көрүнгөн. Көз алдына тартылганы тартылган.

Жалпак тилге салып айтсак, ырдын мазмуну мына ушундай. Ырда баары: сюжет да, реалдуу аты бар адам да, ошол окуянын күбөсү акын да бар. "Алакан" эпикалык чыгармабы? Жок, бул ыр — чыныгы лирика. Анткени ырдагы бейкапар уктап жаткан бала, анын алаканы, Самак, короого байланган наристе, купкуу алакан өз алдынча сүрөттөлүп жаткан жок. Булардын баары акындын согуш жөнүндөгү оюн, согушка мамилесин билдирүү үчүн кызмат кылып жатат. Ырдагы башкы тематикалык образды ачып берүүдө. Бул тематикалык образ—согуш. Ырды үйрөнүүдө мугалимдин көңүлүнөн мына ушул башкы лирикалык образ чыкпай, иштин ар кандай түрү мына ушуну окуучуларга жеткирүүгө баш ийдирилиши шарт. Бул ырды композициялык жактан талдоо максатка ылайыктуу, анткени ырдын композициясы анын темасы менен тыгыз байланышкан да, көркөм идеяны ачууга кызмат кылат. Композицияны талдоо ырды, анын стилин талдоого алып келет, анткени көркөм чыгарма бири-бири менен бардык жагынан бекем байланышкан, бири-бирине өз таасирлерин тийгизишкен татаал система. Бирок бул "ырдан эпикалык, драмалык чыгармага мүнөздүү болгон классикалык сюжеттин өнүгүшүнүн бардык беш баскычын—экспозицияны, завязканы, окуянын өнүгүшүн, кульминация менен развязканы издеп отуруунун өзү эмес. Окуянын өнүгүшү менен андагы каармандардын мүнөзү ар тараптан ачылгандай эле, лирикадагы сюжетте негизги лирикалык образ ырдын башынан аягына чейин кыймылда болуп, өнүгүп өсүп тыянакталат"[1].

"Алаканды" композициялык жактан талдоого аракет кылып көрөлү. Сюжеттик экспозицияда негизги каармандар, окуянын болгон учуру, мезгили жөнүндө окуянын чиеленишине чейин алдын ала кабар берилсе, лирикалык баштапышта акын окурманда өзүнө ылайык маанайды жаратат.

---

[1] *Поспелов Г.Н.* Лирика.—М.:Просвещение.1976.—С.114.

Бала мына төшөгүнөн турду бат,
Моюнуман кучактады булдурап.
Алаканын өптүм дагы баламдын,
Тээ согушту ойлоп турдум тунжурап.

"тээ согушту ойлоп турдум тунжурап" деген ыр сабы окурманда белгилүү бир маанайдын пайда болушуна түрткү берүүдө. Акындын үн катпай тунжурап калышы, тээ өткөн согушту эстеши шаттуу, шандуу окуяны эмес, кандайдыр бир кайгылуу учурду акындын эске түшүргөндүгүн сездирет. Болбосо акын тунжурамак эмес, жүзүндө жылмаюу, күлкү жанмак. Согушка байланышкан оор окуя экендиги бул саптан ачык эле көрүнөт. Демек, сезимтал окурманда сабыры суздук, чөгүңкү маанай пайда болот. Ушинтип, бул ырдагы лирикалык башталыш ырды кабыл алууга зарыл маанайды жаратты. Бул— лирикалык башталыштын бир жагы. Экинчи жагы лирикалык башталыш ыр согуш жөнүндө экендигинен да кабар берүүдө, демек, лирикалык башталышта ырдын кийинки түрмөктөрүндө эмне тууралу сөз болорунан, жок эле дегенде ишара кылат. Согушту эске түшүрүшүнө баласы, баласынын алаканы себеп экендигин сезимтал окурман дароо эле түшүнөт. Бирок бешинчи класстын балдары үчүн муну туюу оңойго турбайт. Ырдагы акындын маанайын, ырдын эмне жөнүндө экендигин аныктай билүү ыгына окуучуларды ээ кылуу үчүн төмөндөгүдөй суроолордун системасын сунуштоо жемиштүү болорун көрдүк: Бул ыр түрмөгүндө кайсы сөз көбүрөөк учурайт? Акындын согушту ойлошуна эмне түрткү болду деп ойлойсуңар? Согушту ойлогонго чейин акындын маанайы кандай эле? Согуш эсине түшкөндө кандай өзгөрдү? Бул суроолор ырдагы лирикалык башталышты тактоого байланыштуу берилет.

Ырдагы негизги лирикалык образ кантип өнүгөт — эмки сөз мына ушул жөнүндө. Башкы лирикалык образдын ырда өнүгүшүнүн үч негизги композициялык тиби бар:

- диалектикалык жактан өз ара карым-катыштагы эки образ катар коюлуу менен;
- бир башкы борбордук образды өнүктүрүп өркүндөтүү менен (мунун сюжеттүү ырлар менен көп жакындыгы бар);
- негизги лирикалык образ логикалык ой жүгүртүү аркылуу өнүктүрүлөт.

"Алаканда" бир гана башкы борбордук образ бар. Бул башкы образ — согуш. Жигиттин гүлү Самактын киндик каны тамган жерден алыста жүрүшү да,ата-энесин, сүйгөн жарын, өзүнүн тун баласынын өңү-түсүн көрбөй, асан чакыртып атын койбой, эл чакыртып той бербей, быйтыйган кичине алакандын сүрөтү түшкөн кагазды

өпкүлөп жүрүшү да, чочун наристе бала менен Самактын минага бөлөк-салак болуп жарылышы да — согуштун кесепети. Эгер согуш болбосо акын жүрөк титиреткен мындай мыкаачылыктын күбөсү болмок эмес жана бул ырды жазмак эмес. Баарына себепкер — согуш жана согуш. Ошондуктан ырды көркүү окууда, аны талдап терең үйрөнүүдө да, Согуш ырдагы башкы образ экендигин мугалим ойдон чыгарбашы шарт. Самак, каттагы алакандын сүрөтү, чочун наристе бала ырда өз алдынча берилген башкы образдар эмес, согуш жөнүндөгү акындын оюн, сезимин берүүдөгү негизги кошумча каражаттар гана. Согуш андай, согуш мындай, согушту силер көрбөй эле койгула, анын бети курусун, же согушта мындай жоготууларга учурадык, мынча адам өлдү, мынчасы дайынсыз жоголду, мынча бейкүнөө адамдар курман болду деген кургак сөздөрдөн Сооронбай Жусуевдин "Алаканы" бир канча таасирлүү да, бир канча күчтүү да. Аза боюң дүркүрөп, каңырыгың түтөп, согушка, согушту баштагандарга ушунчалык жек көрүүң ашып-ташып, кыжырың келет. Көзүңө кадимкидей жаш келип, муун-жүүнүң бошойт. Мына акындын чеберчилигинин күчү. Албетте, эгер акын ушунун баарын өз көзү менен көрбөсө, согуштун кан күйгөн өртүн кечпесе, жан бирге досторунан айрылып, жоготуунун күйүтүн өз башынан өткөрбөсө, тууган жерин, ата-энесин, жакын адамдарын эстеп сагыныч көлүнө чөмүлбөсө, ар кандай адамдын жүрөгүн титиреткен мындай ырды жаза алмак эмес, жазса да, мынчалык таасирлүү, мынчалык көркөм, мынчалык күчтүү чын турмуштагыдай чыкмак эмес. Сооронбай Жусуевдин өзү жазып жаткан турмуш чындыгын мыкты билиши жана акындык кыялдануу менен чеберчилигинин бири-бирине бап келип, шайкеш болушу "Алакандын" ушундай мыкты чыгышын шарттады. Акын бекеринен өзүнүн жан жолдошуна Самак деп ат коюп жаткан жок, мунун да өзүнчө себеби бар. Самак самоо, сама, самап деген сөздөр менен айтылышы, маанисн жагынан бири-бирине жакын экендиги дароо эле көзгө урунат. Демек, акын өзүнүн ырындагы жан жолдошуна Самак деген атты берүүдө жарык дүйнөнү көргөн жерин, алпечтеп чоңойткон ата-энесин, сүйгөн жар менен сүйкүмдүү баласын сагынып, самап жүргөн жан дегенди көңүлгө туткан. Самоо, сагынуу сезими майданда жүргөндөрдүн баарынын, албетте, акындын өзүнүн да жүрөгүнүн төрүндөгү аялуу сезимдерден болгондугу анык. Акын бекеринен Самакты шайыр десе шайыр, ырчы десе ырчы, боорукер десе боорукер кылып көрсөтүп жаткан жок. Бул согушта не деген жигиттин гүлдөрү кырчындай кезинде кыйылбады, не деген кайталангыс таланттар бергенинен бере элеги көп, жазганынан жаза элеги арбын кезинде шейит кетишпеди. Аз

гана элибиз кандай гана мыкты уулдарынан ажырабады. Мукай Элебаев, Жусуп Турусбеков, Кусейин Эсенкожоев, Жекшен Ашуубаев сыяктуу кыргыз журтунан аттын кашкасындай таанымал акынжазуучуларыбыз, Сооронбай Жусуевдин өзүнө жашташ алп биз биле элек канча таланттар бөтөн эл, бөтөн жерде кырчындай кезинде кыйылып, куурап калды. Согуш өмүр башатын соолтот, согуш элдин жаштыгын, акылын, талантын, келечегин тартып алат, согуш жашоо гүлүн тебелеп, тепсеп жок кылат. Мугалим да мына ушуну жакшы билиши керек. Ошондуктан Самак жөнүндө кеп кылганда негизги басымды согушка жасашы зарыл. Окуучуларга Самак канчалык жаккан сайын мына ушундай төрт тарабы топ кыргыздын мыкты жигитин жалмаган согушка болгон алардын жек көрүү сезими ошончолук күчөйт. Согуштун эмне экендигин балалык назик жүрөктөрү менен терең сезишет. Бейкүнөө чочун наристени аео, анын быйтыйган кипкичине алаканын элестетип көзүнө жаш алуубулардын согушка, согушту баштагандарга айткан каргышы, наалаты болуп калат.

Мына ырдагы башкы лирикалык образдын өнүгүшү. Акындын согуш жөнүндөгү ою, сезими, жек көрүүсү, ага айткан каргышы — баары: бизге өттү. Баары бизге да таандык болуп калды. Бул— акындын талантынын, чеберчилигинин күчү. Бирок мына ушуну төкпөй-чачпай дал өзүндөй жеткирип, жогорудагы ой-сезимди окуучуларда жаратуу мугалимге, анын иш-аракетине көз каранды.

Чыныгы лирикада ырдын аякталышы да абдан маанилүү. Эскерте кетүүчү бир нерсе, муну сюжеттүү чыгармадагы окуянын чечилиши менен бирдей кароого болбойт. Развяскада конфликт чечилет. Окуя аяктайт. (Жамийланын Данияр менен кетип калышы). Ал эми лирикалык аякталыш—бул ырдын жаралышын шарттаган турмуштук көрүнүштүн жалпыланышы, лирикалык ой жүгүртүүнүн тыянакталышы. Улам түрмөктөн түрмөккө күчөгөн эмоционалдык чыңалуунун чечилиши. Турмуштук көрүнүш, чындык ар кандай ырдын жаралышына негиз болот да, ушулардын натыйжасында пайда болгон сезим менен ой улам күч алып, улам тереңдеп өзүнүн финалына өсүп жетет. Бул финал ырдын аякталышы болуп саналат, "Алаканда":

Кээде түшүп мен торуна санаанын,
Көргөнүмдүн көбүн эске аламын.
Согуш десе көз алдыма көрүнөт
Ошондогу алаканы баланын.

Мына бул лирикалык аякталыш лирикалык борбордук образ жөнүндөгү биздин оюбузду дагы бир жолу бекемдейт. Самак, бала,

алакан—баары согуштун эмне экендигин көңүлдөн чыкпай тургандай кылып окурманга жеткирүүнүн эң негизги каражаттары.

"Алаканды" мына ушундай талдоо, түшүнүү гана мугалимге ырдын көркөмдүгүн, акындын ой-сезимин балдарга жеткирүүдө жагымдуу кырдаалды түзө алат.

Ырды көркүтүү окууда мугалим акындын мына ушул маанайын, ой-сезимин окуучуга жеткириши зарыл. Бул үчүн ырды жат окуш максатка ылайыктуу. Биринчи ыр түрмөгүнүн эки сабы (биринчи жана экинчи сабы) көтөрүңкү маанай менен окулат да, үчүнчү, айрыкча, төртүнчү сабы шашпай, жай басыңкы үн менен окулушу, экинчи ыр түрмөгүн окуудан мурда тыным жасалат. Экинчи ыр түрмөгү, үчүнчү ыр түрмөгүнүн биринчи, экинчи сабы ачык маанайда окулат да, тыным жасалат, үчүнчү, төртүнчү сабы жай окулуп, басым коюлат. Төртүнчү ыр түрмөгүн окуганда үндөн кусалык, сагыныч сезилип тургандай болушу шарт. Бешинчи, алтынчы, жетинчи жана сегизинчи ыр түрмөгүнүн экинчи ыр сабына чейин бирдей ыргакта, бирдей темпте окулат, үчүнчү, төртүнчү саптары өкүнүч маанайын сездирет. Тогузунчу ыр түрмөгүнүн биринчи, экинчи сабы басыңкы, муңдуу сезимди туюнтуп, үчүнчү саптагы: "экөө тең жок" дегенден кийин, тыным сакталып, кийинки бөлүгү төртүнчү сапка кошулат да, өзгөчө басым менен окулат. Акыркы ыр түрмөгүнө өтпөстөн дагы тыным жасалат. Акыркы ыр сабы басыңкы, муңдуу, кусалуу маанайда окулуп, тыянакталат. Окуучуларды ушул ырды көркүтүү окууга көнүктүрүүдө тигил түрмөктү минтип оку. Бул түрмөктү антип оку деп көрсөтмө берүү жетишсиз. Эмне үчүн ушинтип окуш керек — мына ушуну түшүндүрүү лаазым. Антип, минтип окуунун себебин аныктоо натыйжалуу. Ырдын маани-маңызын дагы терең сездирүү, акындын акындык чеберчилигин ачык көрсөтүү үчүн төмөндөгүдөй суроо-тапшырмаларды берүү зарыл: Ырдын "Алакан" деп аталышы туурабы? Же башкача атаса болот беле? Ырда кайсы сөз көп учурайт, кайталанат? Мындай кайталоо ырдын көркөмдүгүнө таасир этүү күчүнө терс таасирин тийгиздиби? Самакты акын эмне үчүн эң мыкты жигит катары көрсөткөн? Мамыга баланы эмес, чоң кишини байлатып көрсөтсө болот беле? Эмне үчүн мина жарылгандан кийин Самактын эмес,баланын алаканын бизге көрсөтүп жатат? Ушул ырды окугандан кийин сенде кандай ой-сезим пайда болду? Бул ырдан мурдараак өтүлгөн "Атадан калган туяк", "Бүкөн" менен салыштырып суроолор коюу да бул ырды терең түшүнүүгө өбөлгө түзөт. Бул үчүн төмөндөгүдөй суроо-тапшырмаларды берүү керек: "Атадан калган туяк" аңгемесинде бул ырдын кандайдыр бир жакындыгы барбы, Авалбек менен Самактын

баласын катар коюуга болобу? Аңгеменин кайсы жери сенин зээнинди кейиткен? Ырдынчы? "Бүкөн" ыры менен "Алаканды" катар көюп көргүлө. Бул ырлардагы акындардын маанайларын байкагыла". Сагындым атакем ай келсе экен дейт, Ал жеңип тилегимди берсе экен дейт" менен "Самак аны өөп", өөп аптыга, Улутуңду бала кандай жакшына" жана" Экөө тең жок. Жерде жатты бир гана купкуу болгон кичинекей алакан. — деген ыр саптарын салыштырып көргүлө. Силерде булар кандай ой-сезимди пайда кылды? Бул суроолордун максаты "Алакандагы" борбордук лирикалык образды— согуштун кандуу элесин — окуучулардын жүрөгүнө жеткирүү, тынчтык күндүн кадырын, кантип келгендигин сездирүү. Согуш ага катышкан адамдардын, согуш болгон жердеги бейкүнөө пенделердин гана өмүрүн кыйган жок. Согуш мылтыктын үнү, замбиректин огу, бомбанын жарылганы жетпеген жердеги кары-жаштын, карыпбечаранын, атүгүл жарык дүйнөгө келе элек наристелердин тагдырына да кандуу изин калтырып кетти. Авалбек менен Самактын баласынын ата жытын, ата мээримин көрбөй жетим калышына ким күнөөлүү? Үч жашар Бүкөндүн" сагындым, атакем ай келсе экен деп", балалык кумарлуу кусалыгын кичине жүрөгүнө батыра албай, кайра-кайра кайталап ырдай беришине ким күнөөлүү? Буга жооп бирөө эле. Согуш, атың өчкөн согуш. "Алакан" ырын жараткан акындын чеберчилигин дагы терең сездирүү үчүн мугалим окуучулардын көңүлүн мына буларга бурушу керек.

Эмне үчүн ыр "Алакан" деп аталган? Эмне үчүн ырда алакан деген сөз эң көп төрт жолу кайталанган? Эмне үчүн мина жарылгандан кийин акын баланын алаканын гана бизге көрсөтүп жатат? Бул суроолор окуучуларда төмөндөгүдөй ой-сезимди жаратышы шарт. Кана, балдар, ойлоп көргүлөчү, биз узак жактарга сапар тартчу унаалар, чоң-чоң шаарлар, космостук кораблдер, мына ушул биздин колубуздагы китептер эмненин жардамы менен жаралат? Албетте, адам акылы, адам эмгеги менен жаралат. Адам акылынын, адам эмгегинин эң зарыл куралы кайсы? Бул — адам колу. Наристени көккө ыргытып, сүйгөн да — адам колу, өзүбүз жашаган үйдөн тартып, чоң-чоң шаарларды, космостук кораблдерди курган да, мына азыр биз окуп отурган ырды да ак баракка түшүргөн — адам колу. Ошондуктан элибиз колунан көөр төгүлгөн, колунан эч нерсе келбейт деп, адамдарды жаман, жакшыга ажыратат. Ошондуктан элибиз тигил же бул адамга колунан жакшылык келет, колунан эч жакшылык келбейт деп мүнөздөмө берет.

Купкуу болгон кипкичине алакандын ээси бала эр жеткенде ким болот эле? Колунан көөр төгүлгөн уста болот беле, асман-жерди акылы менен багынткан даанышман ойчул болот беле, сөз күчү ме-

нен адамдардын жүрөгүнөн орун алган акын, же жазуучу болот беле, ыйыктын ыйыгы нан өндүргөн баба дыйкан болот беле, көчөттөрдүн миң түрүн өстүргөн багбан болот беле, адам баласын жакшылыкка үндөгөн мугалим болот беле? Адам акылы менен адам колунан жаралган мина адамдын өзүн жок кылды. Жараткандын амири менен жарык дүйнөгө келген бала адамдын колу менен тулгун кезинде куурады. Мына акындын баланын кичинекей алаканын бизге көрсөтүшүнүн максаты, алаканды ырдын аты катары коюшунун себеби, алакандын ырда кайра-кайра кайталана берүүсүнүн жандырмагы.

Сооронбай Жусуевдин бул ырын ар кандай куралтагы, ар кандай жаштагы адам окуса түшүнөт. Ырда биз күндөлүк турмушта колдонуп эле жүргөн сөздөр пайдаланылган. Ойкуштаган салыштыруулар, кабыл алууга татаал метафоралар деле жок. Бирок мындан ырдын таасир этүү күчү, көркөмдүгү кемип калган эмес, анткени акындын чындыкты көркөм таануу ыкмасы мына ушундай. Чыныгы сөз чеберинин колунан ар кандай сөз кубулуп — кулпуруп чыга келет. Чыныгы сөз чебери өзүнүн ою менен сезимин өзгөртпөй дал өзүндөй бере алган жапажалгыз сөздү табат, аны керектүү жерге коет, ал сөздүн жылдызы мына ошол жерде гана жаркырап жанат. Чыныгы сөз чебери биз күндө эле колдонуп жүргөн сөздүн анчалык элес албаган, көңүл бурбаган маанисин көрөт, ал сөздөрдү бири-бирине чакмак таштардай сүртүп, от алат. Бул оттон биз жылуулук алабыз, жашоонун миң түрлүү жашырын сырларын, өмүрдүн кыскалыгын көрөбүз. Ал эми Сооронбай Жусуев мына ушундай мыкты сөз чеберлеринен. Буга далил төмөндөгү эле ыр сабы боло алат. "Дүкүлдөтүп үмүтү зор жүрөктү" бул ыр сабындагы сөздөрдү мына ушул айкашынан ажыратып, мына ушул ордунан башка жерде колдонуу таптакыр мүмкүн эмес. Ушул турушунда гана бул сап бизде төмөндөгүдөй ой-сезимди жаратат. Ызылдап ажал изден, ок учуп, бомба жарылат. Өлүм менен бирге жатып, бирге туруп жүргөндөрдүн эч кимисинин өлгүсү келбейт. Бирок булардын башына ар кандай ойлор келет, жүрөктөрү дүкүлдөйт. Жакшылыктан эч кимисинин үмүтү үзүлбөйт, буга чейин сактады, эми да сактаар деп, жаратканга жалынып, от кечет, ок аралайт, душманга беттейт. Үмүттүү жүрөк, жакшылыктан күдөр үзбөгөн жүрөк дүкүлдөйт да, дүкүлдөйт. Бирок согуш өлүмсүз, жоготуусуз болбойт. Согуш ошон үчүн согуш, далайлардын таттуу тилегин, жаркын үмүтүн талкалайт да, дүкүлдөгөн жүрөктүн кагуусун түбөлүккө токтотот. Бирөөлөрдүн баласын, бирөөлөрдүн атасын, бирөөлөрдүн сүйгөн жарын, бирөөлөрдүн бир боорун келбес жайга алып кетет.

Бул ырды өтүүдө "Келген жок", "Эсте энелер", "Эстелик" сыяктуу өбөндүү ырларды үгүзүү да окуучуларда ырды үйрөнүүгө зарыл маанайды жаратууга өбөлгө түзөрүн тажрыйба көрсөттү. Мындан башка чыгармачыл мүнөздөгү тапшырмаларды берүү керек. "Ырды түшүнүүнө карап, сүрөт тартып кел. "Согуш жөнүндө менин түшүнүгүм", "Ыр мага эмнеси менен жакты" деген сыяктуу сочинениелерди жазып келүүгө сунуштоо максатка ылайыктуу.

Мугалимдин мына ушундай багыттагы иш-аракети гана окуучуларда төмөндөгүдөй ой-сезимдерди жарата алат. "Мен согушту жек көрөм. Ылайым согуш болбосун, ата-энем, бир туугандарым ар дайым жанымда жүрсүн..." мен согуш тууралу көп эле кинолорду көрүп, китептерди окудум. Согуштун өлүм алып келерин, анын ыранымсыздыгын билчүмүн. Бул ырды окугандан кийин согуш десе, мен дагы купкуу болгон кипкичине алаканды элестете берчү болдум... "...мен ырды окуп жатканда ыйладым, азыр да ыйлап жатам, бул ырды ыйлабай окушка мүмкүн эмес, бул ыр жөнүндө бир нерсени ыйлабай жазышка мүмкүн эмес. Согуштун ый экенин мен чындап түшүндүм. Бейкүнөө наристелердин өмүрүн кыйгандарды ылайым жер жутсун..." Булар окуучулардын ырды окуп үйрөнгөндөн кийинки ой жүгүртүүлөрүнөн айрым үзүмдөр.

Акындын туулган жерге жасаган мамилесинде көңүл бөлө турган нерсе — анын кооздугун, сулуулугун ырга салгандыгы гана эмес, анын туулган жерге, жаратылышка адам бактысынан, элдин бактысынан, бүгүнкү жана эртеңки муундардын бактысынан улам мамиле жасагандыгы. Таланттуу инсан тууган жердин табиятына эки түрдүү мамиле кылат. Биринчисинде тууган жер, анын табияты менен жаратылышы ошол турушунда адам баласына жашоо берген кайталангыс көркү менен суктандырган реалдуу дүйнө катары сүрөттөлсө, экинчисинде тууган жер, анын табияты менен жаратылышы жандандырылып, жандуу дүйнө катары сүрөттөлөт. Мында акын тууган жер табиятын жөн эле жандандырып койбостон, ал аны менен жуурулушуп,биригип, бир бүтүнгө айланып кетет.

Байдылда Сарногоев — кыргыз адабиятында, кыргыз маданиятында өз орду бар улуттук чоң акын. Анын башка калемдештерине окшошпогон өзүнө гана таандык акындык үнү, акындык жүзү, дүйнө таанымы бар. Акындын ырларын окуп отурсак, бизге, ал үчүн сөз азабын тартуу, Сөз издөө түйшүгү жаттай, ырлары ушул турпатында бүкүлү, бүтүн боюнча эле кагазга түшүп калгандай элес калтырат. Ырларынын окууга, түшүнүүгө жеңилдиги, уйкаштарынын жатыктыгы, ыргагынын элпектиги, ыр саптарында ассонанс, аллитерациялардын сакталышы, салыштыруулардын байлыгы, айтылуучу ойдун ачыктыгы, элестүүлүгү жана керектүүлүгү — булар акынга таан-

дык касиеттерден, булактын чыгышы кандай табигый болсо, акындын ырлары дал ошондой табигый жаралган көркөм дөөлөттөрдөн. Албетте, бул жөнөкөйлүктүн далдасында кандай мээнет, кандай түйшүк жатканын бир гана акын өзү билет.

Мекен — бул сөздүн мааниси кең, ары ыйык, ары улук түшүнүк. Мекен дегенде көз алдыңа киндик каның тамган, балалыгың бейкапар өткөн, жалындуу жаштыгыңдын күбөсү болгон жер тартылса, бирде атпай кыргыз журту кылымдардан бери турак кылып, күн кечирип, тиричилигин өткөрүп келген жер келет. Бирде эркибизди майтарып, тебелеп-тепсеп, тоноп кетебиз деп келген, жер жайнаган жоо колуна каршы туруп, ата-энебиз каның төккөн жер тартылат. Бирде бүгүнкү жана эртеңки муундардын өнүп-өсүп, адам сырын, аалам сырын түшүнүп, келечекке кадам ташталган ата конушу элестейт. Кыргыздын бою — бир карыш, ою — миң карыш макал-лакаптарынан, учкул сөздөрүнөн тартып, мейли көлөмү жагынан болсун, мейли көркөмдүгү жагынан болсун теңдешсиз "Манас" эпосуна чейин Мекендин улуулугун, ыйыктыгын, аны көздүн карегиндей сактоо керектигин даңазалап келген. Дүйнөдө эң бактысыз жан — бул мекенсиз жан. Ата конушунан айрылган адамдын көзү күлгөнү менен, жүрөгү ыйлайт. Башы көккө жеткен менен өмүр бою орду толбос жоготуунун орду оңурайганы оңурайган, ачуу армандын коштогону коштогон, дабасы табылбаган дарттай жан дүйнөдү эзгени эзген. Ошондуктан элибиз "Бироонун элинде султан болгуча, өз элиңде ултан бол," деп айтышат. Ошондуктан элибизде "Тууган жердин топурагы да — алтын", — деген кеп бар. Мекендин жүзү жарык, келечеги кең,эркин колунда болушу үчүн бүт күчүндү, керек десе,өз өмүрүңдү да бер деген маани жатат жогорудагы эл сөзүндө. Элибиз мекенге болгон мына ушундай изги сезимди эне сүтү менен эне тилибиз аркылуу ар бир уул-кызынын канына сиңирип келген.

Эне тилин сүйбөгөн,
Элин сүйүп жарытпайт", — деп жазган Байдылда Сарногоев. Чынында эле, Эне тили менен эл — бул Мекен. Булар күн менен түн, ак менен кара, өлүм менен өмүр бири-бирисиз күн кечире албагандай эле, бири-бирисиз жашабайт, мезгилдин үзүлбөс "темир кишени" менен кошоктоштурулуп тушалган. Эне тилин билбеген, эне тилин сүйбөгөн адам үчүн Мекен, Ата конуш, Ата мурас деген түшүнүктөр — жөн эле тыбыштардын маанисиз жыйындысы. Мындай адамдар үчүн өзүнүн кара башынан ыйык, улук дүйнөдө эч нерсе жок. Көр тиричилик үчүн керек болсо эли-жерин гана эмес, эне-атасын сатып, садага чаап жиберүү булар үчүн эч кеп эмес.

Маңкурттарга эненин да, элдин да, Мекендин да кереги жок. Мына ушул ачуу чындыкты акын туура көрүп, таамай айтып отурат. Мекенди сүйүү, ага кызмат кылуу эне тилин сүйүүдөн, эне тилин мыкты билүүдөн башталарын акын жогорудагы саптарында ачык сездирет. Негизи Мекен, эне тили, эл акындын ар дайым эргип ырга салчу башкы темаларынан. "Бешигим — Мекен" ыры да муну ырастап турат.

"Бешигим — Мекен' — шаттуу, жандуу, көтөрүңкү жаркын маанайда жазылган ыр. Ырдын башынан аягына чейин мына ушундай керемет жерде туулуп калганына ыраазы болуу сезими коштоп жүрүп отурат. "Бешигим — Мекен" ырын окууда мына ушул кубанычтуу маанай көңүлдө турушу лаазым. Талдоону ырдын аталышына басым жасоо менен жүргүзүү максатка ылайыктуу. Анткени "Бешигим — Мекендеги" бешигим деген сөз эпитет-метафора, өтмө мааниде колдонулуп жатат. Бешик — бул наристеге ылайыкталып жасалган буюм, ата-бабабыз нечен кылымдардан бери пайдаланып, нечен замандардын сыноосунан өтүп, ай, күн, жылдарды карытып, бизге жеткен. Ырда бешик Ала-Тоону жердеген, анын мөңгүлөрүнөн агып чыккан тунук булактарынан кана ичип, таза абасынан дем алган атпай журттун жылуу уясы катары көрсотүлүп жатат. Окуучулардын көңүлүн мына ушуга буруу зарыл. Бешиктин өтмө мааниде колдонулуп жаткандыгын сездирүү үчүн эпитет жөнүндө кыскача түшүнүк бере кетүү ашыктык кылбайт.

Эпитет — бул кандайдыр бир сөздү коштоп жүргөн белгинин аталышы. Мазмунга эпитет эч нерсе кошпойт, болгону андагы көп белгинин бирөөсүнүн өзгөчөлөнүп, бөлүнүп көрсөтүлүшүнө жана боектуу айтылышына өбөлгө түзөт. Ырда бешигим сөзүнөн башка сөздү деле эпитет катары алса болмок, мисалы, ырысым, бакытым, байлыгым, жанбиргем ж.б., бирок акын мына ушул бешигим деген сөздү тандап алып колдонгон, мунун өзүнчө эң маанилүү себеби бар. Биздин элибиздин байыртадан кастарлап келген буюмдары бар: алар—боз үй, ак калпак, комуз жана бешик. Бул— бешик деген сөздү тандап алышынын бир себеби. Экинчи себеби кыргыз үйүндө төрөлгөн наристени бешиксиз элестетүү мүмкүн эмес, демек, акын бешик деген сөздү тандап алып колдонуу менен бала бешиксиз чоңойбогондой эле, адам мекенсиз болбойт. Адамдын адам болушунда Мекенге теңдеш эч нерсе жок. Мекен жатсаң, төшөк, бассаң, жол, учсаң, канат болот деген маанини ойго тутат. Булар — ырдын аталышы боюнча алынып барылуучу аңгеменин жалпы багыты. Негизгиси— ырды талдоо. Окуучулар ырдын жакшы, жаманын ажыратууда чабалдык кылышат. Ыр жактыбы деп сурасаң жакты, же жаккан жок деп жооп беришет да, эмнеси жагып, эмнеси жакпаганын

түшүндүрө алышпай кыйналышат. Ырдын көркөмдүгү деген эмне, акындын чеберчилигинин кандай түшүнөсүн? — деген суроолорго окуучулардан канааттандырарлык жоопту алуу абдан кыйын, анткени бул маселелерге мугалимдер өздөрү да анчалык көңүл бөлө беришпейт. Мына ушул V—VIII класстарда окуучулардын көркөм табиттерин аз-аздан болсо да, ырааттуулук менен тынымсыз өркүндөтүп барбасак, кийин кеч болуп калаарын тажрыйба өзү көрсөттү. Көркөм табитти өстүрүү үчүн акындар колдонгон көркөм каражаттарга окуучулардын көңүлүн буруучу иштерди алып баруу керек. Мисалы, "Бешигим — Мекендеги" кайталоого.

Кайталоо — бул көркөм ыкма. Ыктуу колдонулган кайталоо — ойдун таасирин арттыруучу көркөм каражаттардын бири. "Бешигим — Мекенде" өзүңсүн деген сөз удаа-удаа кайталанып колдонулат. Эмне , акын башка сөздү таппагандыгынан ушинттиби? Бул кайталоо ырдын көркөмдүгүнө өзүнүн таасирин кандай тийгизди? Мындай колдонуунун максаты эмне? — мына ушул сыяктуу суроолорго окуучулардан жооп алып, андан кийин гана мугалим өзү толуктап, тыянактап жалпылаганы максатка ылайыктуу. Өзүңсүн деген сөздүн кайта-кайта колдонулушунун атайын максаты бар. Акын үчүн Мекендин кандай ыйык, улук экендигин сездирүү үчүн, ойдун таасирин дагы күчөтүү үчүн ушул сөз кайталанып жатса, экинчи жагы ыр түрмөгүнүн ушул сабында мындан башка сөздү колдонуу мүмкүн эмес эле, ырдагы "өзүңсүн өткүр кылычым, өзүңсүз жашап жанмын деп" дегендин ордуна сенсиз, же сизсиз, же мекенсиз деген сөздөрдү колдонсо, акындын толкуп келе жаткан ой-сезими тоскоолго учурагандай буула түшмөк, таасири да солгундамак, негизгиси ырдын көркөмдүгү төмөндөп, ажары өчө түшмөк. Анткени бул түрмөктүн акыркы сабы да "өткөргөн күнүм курусун" деп, "ө" тыбышы менен башталып, ырдын угумдуулугун, мукамдуулугун арттырып жатат. Ушул эле жерде ырдын коркөмдүүлүгүн жараткан айрым элементтер жөнүндө учкай түшүнүк бере кетүү ашыктык кылбайт. "Бешигим — Мекенде" акын ыр түрмөктөрүндөгү саптарды бирдей тыбыштар менен башташына, мисалы, ырдын биринчи түрмөгү "ө" тыбышы менен башталса, экинчи түрмөгү "а" тыбышы, үчүнчү түрмөгү "о" тыбыштары ж.б. менен башталып аяктаганы, мындай бирдей үнсүз же үндүү тыбыштардын колдонулушу ырдын угумдуулугун, мукамдуулугун, музыкалуулугун арттыра тургандыгын, ырдын көркөмдүүлүгүнүн бир көрүнүшү экендигин, акындын сөз менен иштей билүү чеберчилигинин далили болорун окуучуларга сездире кетүү абзел. Көркөм каражаттын бул түрү элдик оозеки чыгармаларда арбын колдонорун белгилей кетүү зарыл. Бул аркылуу акын кыргыз элинин бай казынасынан, мунун мыкты

үлгүлөрүнөн терең таалим алгандыгын көрсөтүп, чыгармачылыкта өзүнө чейинки жетишкендиктерге таянмайын ийгиликке жетишүү мүмкүн эместигин сездирип коюуга болот.

"Бешигим — Мекенде" акын Мекенге эки түрдүү көз караштан баа берет. Биринчи анын керемет жаратылышын күүгө салат. Көргөндү суктанткан, ышкы-кумарын арттырган, илхамын ойготуп эргиткен кыргыз жерин көз алдыга келтирет. Кыргыз жери жөнүндө, анын көк тиреген тоолору, мөлтүр тунук суулары, ажайып көркү менен кооздугу жөнүндө кыргыздын не деген мыкты таланттары чыгармалар жаратпады. Кийинки акын-жазуучуларга жаза турган эч нерсе калбагандай, буга чейин эле баарын жазып салгандай ой калтырат. Чын эле ушундайбы? Жок. Жашоо кандай чексиз болсо, анын адам кыялын алып-учуп эргиткен ыры да ошондой чексиз. Ар бир таланттын өзүнүн көрүү бурчу, кайталангыс дүйнөсү бар экендигин, ошондуктан бир эле тема аркылуу эсепсиз көркөм дөөлөттөр жарала беришин окуучуларга туюндуруп кетүү керек. Бул үчүн бир нече акындын бир темадагы ырларын мисалга тартуу зарыл. Кыргыз тоосу жөнүндө "ар жагынан бер жагына куш эмес, араң гана бороон өтөт калтырап" деп бир акын жазса, экинчиси "асманга чейин тоо-тоого учкашып жүрүп олтурат." — деп жазыптыр. Ал эми Байдылда Сарногоев "ааламга даңктуу чокуң бар, ай өпкөн күмүш төбөсүн," — деп сүрөттөйт. Бул акындар бир эле тема жөнүндө жазганы менен бири-бирин кайталаганы жок, бирок булардын жазган ырлары кыргыз тоосунун кайталангыстыгын түбөлүккө калтыра алды.

Байдылда Сарногоевдин түшүнүгү боюнча Мекен дегенде эң биринчи эске тоо келет экен. Ошондуктан "төбөсүн ай өпкөн" тоону ар бир пенде үчүн ыйык эсептеген ата менен энеге тең коюп отурат. Акын Мекен дегенде биринчи тоону элестетсе, экинчи тоонун аппак мөңгүлөрүнөн башталган мөлтүр сууну, тоо койнундагы акактай жылт-жулт этип, күн менен тиктешип, ай менен жүздөшүп жаткан көлдөрдү элестетет экен. Ошондуктан Сары-Челек,Соң-Көл, Ысык-Көлдөрдү "замандын күүсүн коштогон соолбос алтын чөйчөгүм" деп сүрөттөп жазат. Мына ушулардан көрүнгөндөй, кыргыздын тоолору, суулары, көлдөрү — биздин Мекен, биздин Ата-Журт. Акын Мекендин, Ата-журттун көркүн ырга салып, кайталангыс кооздугун, сулуулугун ырында түбөлүккө калтырууга умтулган.

Байдылда Сарногоев бул ырында тууган жердин керемет көркүн, жаратылышынын кооздугун күүгө салуу менен гана чектелбейт. Ал ага болгон өзүнүн мамилесин, тууган жердин анын адамдык, акындык тагдырындагы ордун да билдирген. Ырында тууган жердин жаратылышын жандандырып, аны менен жуурулушуп,

биригип кеткен. Акынды тууган жерден, тууган жерди акындан бөлүп кароого мүмкүн эмес. "Ай өпкөн күмүш төбөсү" тоолору, "замандын күүсүн коштогон" көлдөрү турганда, биздин бүгүнүбүз да, эртеңибиз да жарык. Буга акындын ишениими күч. Болгону тагдыр мына ушул тууган жерден айырбасын, акындын жан дүйнөсүнүн тереңиндеги аялуу сезим—мына ушул. Бул "айырмам болбойт жетимден" деген саптагы жетим деген сөздөн ачык билинет. "Жетим". Эч бир баланын башына жетимдик салбасын. Албетте, оомал-төкмөл дүйнөдө баары эле телегейи тегиз, төрт тарабы төп боло бербеси маалым. Ошентсе да, жетимдиктин каарын эч ким тартпасын. Акындын ою боюнча, ата-энеден айрылып жетим болгондон. Мекенден ажырап жетим болгон оор". Атам өлсө да, атамды көргөн өлбөсүн". — деген макал бар эмеспи. Кантсе да сенин жанжакаңда кайгы-кубанычыңды тең бөлүшө турган адамдар бар, элиң бар, жериң бар. Ошондуктан жетимдик оор болсо да, чыдаса болот. Мекенсиз жетимден ылайым кудай сактасын. Тилиңди, дилиңди чындап түшүнө турган адамдарың болбосо, күндүн батышы менен чыгышы эмне деген азап. Эч бир пендени мындай тагдырга туш кылбасын. Башкасын кеп кылбай эле коелу. Жок дегенде тууган жердин түтүнү да акын үчүн өзгөчө "түтүнүң учат көзүмдөн" Акындагы мына ушул сезимди окуучулардын жүрөгүнө "сүртүп кетүү" керек. Окуучуларды кызыктырган бир суроо акын мына ушундай ой-сезимге кантип келди. Эмне акын тууган жерден алыстап, ажырап калды беле? Өзүнүн башынан ушуну өткөрдү беле? — деген сыяктуу суроолор.

Ушул жерде чыгармачылыктын бир сырынын четин ачып коюу керек. Ал сыр акын-жазуучулар ар дайым эле өзүнүн башынан өткөндөрдү гана жазбайт. Албетте, турмуштук түрткүнү жокко чыгаруу да мүмкүн эмес. Ошентсе да кээ бир учурларда акын-жазуучулар өздөрүнүн учкул кыялдарына, фантастикалуу ойломдоруна да таянарын сездирүү максатка ылайыктуу. "Айырмам болбойт жетимден", "түтүнүң учат көзүмдөн" деп жазып жаткан акын тууган жерден ажыроонун жан кейиткен азабын деле тарткан эмес. Андан алыста зарлап жүргөн деле эмес, бирок мекенсиз пенденин жан дүйнөсүндөгү ой-сезимди ушундай таасирлүү, ушундай күчтүү, ишенимдүү бере алды. Буга анын адамдык даанышмандыгы, акындык көрөгөчтүгү, асман-жерди аралап учкан учкул фантазиясы мүмкүндүк берди. Ал эми чыгармачыл фантазиясынын чабытташына турмуштук тажрыйбасы, угуп-көргөндөрү, окуп билгендери өбөлгө түздү. Милдеттүүлүк, милдетин сезүү, милдетин аткарууга умтулуу адамга гана таандык касиеттерден. Бул жарыктыкта милдетсиз пенде болбойт. Баары кимдир-бирөөнүн алдында милдеттүү, карыз.

Милдетин өтөө — ар бир адамдын борчу. Жарык дүйнөгө алып келген, жашоо берген, эрезеге жетишине колунан келгендин баарын жасашкан ата-энеңе; таалим-тарбия берип, аалам сырын ачкан агайэжелериңе, эркин өсүшүнө мүмкүндүк түзгөн эл-жериңе милдеттүүсүң. Бирок өзүнүн мына ушул уулдук, атуулдук ыйык борчун сезген да бар, сезбеген да бар. Акын өзүнүн "карызмын сага", ...сүттү актап, көзүмдү жумсам, арман жок," — деген саптары аркылуу көрөнөлөрдү нурпенделерге айлантууга аракеттенүүдө. Эгер ар биребиз өзүбүздүн уулдук, атуулдук милдетибизди ар дайым эстеп, ойдо сактап жүрсөк, анда биз турмушубуздагы бүгүнкү абалга эч келбейт элек. "Бешигим — Мекен" ыры окуучуларды "күн тийген күңгөйдүн күкүгү болуу" сезиминен баш тартууга, бул ааламда, жарыктыкта түбөлүктүү, ыйык, улук нерселердин арбын экендигин көрө билүүгө үндөйт жана үйрөтөт. Ошолордун бири эң ыйыгы, эң улугу Мекен экендигин сездирет. Ырдын акыркы түрмөгүндөгү:

Көрсөткөн анча пайдам жок.
Колумдан келбейт айлам жок.
Кош маңан берген сүттү актап,
Көзүмдү жумсам арман жок. — деген саптарга окуучулардын көңүлүн буруу зарыл. Учкул кыялын, өткүр талантын элге, жерге арнаган акын али бергенимен бере элегим көп деп, моюнуна алып, калган өмүрүмдө актармын деп эртеңине чоң милдетти жүктөп жаткан соң, Мекен алдындагы биздин карызыбыз канча экендигин элестетип эле көрөлүчү. Эгер ар бир атуул мына ушул акын сымал эмгектенип, көркөм дөөлөттөр жаратып, бирок өзүнө өзү ыраазы болбоо сезими менен жашаса, анда бизде кандай гана укмуштар болмок.

Ырдын мазмунун дагы терең түшүнүү үчүн мына бул суроолорду берүү керек. Ырда Мекендин кайсы мезгилдеги көрүнүшү сүрөттөлүүдө? Тигил же бул мезгилдеги көрүнүштү сүрөттөп жаткандын эмнеден байкаса болот? Кыргыз жерин өзгөчөлөп турган белгилер кайсылар деп ойлойсуңар? Акында кандай маанай басымдуулук кылат? Силер жаратылыштын кайсыл мезгилин сүйөсүңөр? Эмне үчүн? Эгер ушул ыр боюнча сүрөт тартсаңар кандай боекту көбүрөөк колдонмоксуңар, эмне үчүн? Ушул ырга силер билген кайсы обон туура келет деп ойлойсуңар? Силерде саякатка чыгуу мүмкүндүгү туура келсе, анда кайсы жерлерди биринчи көрүүгө умтулат элеңер?

Жазма жумуштарына төмөндөгү темаларды сунуштоого болот. "Туулган жерим — туу казыгым". "Мекеним менин — Кыргызстан", "Мекен кыргыз акындарынын ырларында", "Мекен дегенде мен эмнени түшүнөм".

Мектеп окуучулары Расул Гамзатовдун чыгармачылыгы менен биринчи жолу кездешет. Буга чейин анын атын укканы менен чыгармалары менен тааныш болгондору чанда. Ошондуктан акындын өмүр жолу менен кыскача тааныштырып коюу зарыл.

Албетте, акынды 1923-жылы туулган, авар акыны, Дагстандын эл акыны (1959), Социалисттик Эмгектин Баатыры (1974), коомдук ишмер, 1952-жылы "Менин туулган жылым" ырлар жыйнагы үчүн Сталиндик, 1962-жылы "Бийик жылдыздар" ырлар жыйнагы үчүн Лениндик сыйлыктын лауреаты болгон. Мындан башка жыйырмадан ашык ырлар жыйнагы бар деп, кургак баяндап койсо да болот. Бирок мындай кабардан акындын чыныгы акындык жүзү, адамдык сапаты көрүнбөй көмүскөдө калат. Бул — бир жагы. Экинчи жагы окуучулар мындан кийин Расул Гамзатовдун чыгармаларын атайын үйрөнүшпөйт, ошондуктан биринчи жолку жүздөшүүнүн эстен чыккыс болуп, акындын ырларына, чыгармачылыгына болгон кызыгуусун ойготкондой уюштурулушу максатка ылайыктуу.

Ошондуктан акындын өзүнүн 1957-жылы атайын суроолорго жооп берип, "Кыскача өзүм жөнүндө" деген өмүр баяндык маалыматы менен окуучуларды тааныштыруу зарыл.

"Дагстандын Цовкра айылында, атактуу дарчылардын айылында, уулунун биринчи жолу дарда баскан күнүн анын туулган күнү деп эсептешсе, атактуу зергерлердин айылы Кубачыда уулу өзүнүн биринчи жолу күмүшкө оймо-чийме түшүрүп жасаган буюмун атасына алып келип көрсөткөндө, кубанган атасы: "Мына, мен да уулдуу болдум." — деп, ошол күндү анын туулган күнү катары тойлогон.

Менин эсиме мына бул сүрөт түшөт. Цада айылы, жаз. Бетинен түгү түшө элек өспүрүмдүн биринчи жолу таштуу жерди айдоого чыкканы, экинчиси анын теңтушунун өз алдынча үй курууга киришкени; кийинкиси атты токуп алып, өзүнчө биринчи ирет сапарга аттанганы — мына ушуларды каран туруп, ыраазы болгон атамдын: "Биздин чакан айылыбызда быйылкы жазда ушунча көп уул төрөлгөн тура," — дегени.

Жөндөмсүз жана таланттан кур жалак калган, өз элине кымындай пайдасы тийбеген, достукту ыйык тутпаган, эрдикти эңсебеген адам жөнүндө тоолуктар: "Башына ак киргенче жашаптыр,бирок алигиче жарык дүйнөгө келе элек экен,"— дешет.

Мен азыр отуз бештемин. Эл айткандай, эки курактын чегинде турам, чачымды ак да аралап калды. Бирок мага өзүмдүн качан туулганымды азыр да айтуу кыйын.

Мүмкүн бул күн кур тагууну билбеген, атты да токуй албаган он бир жашар бала кезимде сакляның (үйдүн) тегиз чатырына

төшөлгөн өгүздүн терисинин үстүнө жатып алып,өзүмдүн эң биринчи ырымды жазган күндүр.

Же, мүмкүн, бул күн кийинчерээк мектептин дубал гезитине биринчи ырым чыккан күндүр... Мүмкүн, мен биринчи ырлар жыйнагымды дагстандык басма чыгарган 1943-жылы туулгандырмын.

Менин тоолук мактоого сарап атам өзүнүн дилинде: "Мына, мен да уулдуу болдум", — деп качан айтканын билбейм. Мүмкүн ал муну айтууга үлгүрбөй көз жумгандыр. Мен качан туулбайын, чындап төрөлүшүм менин ырларымдын жаралышы менен байланышкан.

Менин өмүрүм ыр менен башталган жана акыр-аягына чейин ушуга гана таандык. Поэзия ар кандай пайдалуу эмгектей эле эл турмушун кооздойт, аны бай, өзгөчө мазмундуу кылат. Менин эң бир ыйык тилегим — өмүрүмдүн акыркы күндөрүнө чейин өз элиме пайда келтирүү, корккопумдан эмес, абийирим үчүн кызмат кылуу. Өзүмө эмне жакшылык кааласам, ошонун баарын башкаларга да кааланм.

Мен аз, бирок намыстуу элдин уулумун, бизде уулдардын ырлардагыдай эле балалыгы менен карылыгы абдан кыска болот да, жаштыгы менен акыл-эси, жетилген курагы өтө узакка созулат. Менин тоолорумдун балдары эрезеге эрте жетип, эрте эле чоң кишилерге айланышат. Саны жагынан элим анчалык деле көп эмес, элестүү айтсам, санаганга бир эле колдун манжалары жетет. Биз, аварлар, эки жүз элүү миң кишибиз, бирок менин элимдин атагына тоолордун ары жагында чексиз созулуп жаткан талаалар да тарлык кылат. Бооруна бүркүт түнөткөн биздин сүрдүү тоолорубуз бүркүт жүрөктүү адамдарды төрөгөн. Өзүнүн баатыр жоокерлери жөнүндөгү өлбөс ырларды элим кылымдар бою ырдап келет.

Эсимде, бала кезимде от боюна отуруп алып, атамдын кылычты бир шилтөө менен атчанды ат-маты менен шылый чапкан, жүрөгүнүн сегиз жеринде жарааты бар атактуу Шамил жөнүндө, Лев Толстой өзүнүн эң сонун повестинде жазган баатыр наиб Ажымурат, легендарлуу датлиндик Хочбар, күйгөн чырактай көлөкөсү жерге түшпөгөн чохтук сулуу Камила Башир, ырлары ашык болгон тоолук жигиттер менен кыздардын тумарына айланган сүйүүнүн жарчысы Махмуд, жана дагы башка көп нерселер жөнүндө аңгемелерин угууну абдан жакшы көрчүмүн.

Бала кезимде укkан легендалар, жокмоктор жана ырлар куба-чылык уста кылычтын сабына түшүргөн оймо-чиймедей менин жүрөгүмө өзүнүн изин бүт өмүрүмө калтырды. Бул жомоктор менен ырлар, сүрдүү саклялар менен чептердеги кылычтын кыңгырындай үн берген жазуулар мен үчүн менин саны аз элимдин бай тарыхынын жандуу баракчалары болуп калды. Менин тоого келип кысылган

элим өздөрүнүн эркиндигин жана бир боор тоолорунун көз каранды эместиги үчүн сансыз баскынчылар менен кулга айлантам дегендерге каршы өмүр бою күрөшүп келген. "Тоолук ат жалында төрөлөт,"— деген макал да бар. Менин элимдин уулдары өспүрүм кезинен колуна курал алууга мажбур болгон, кылычты каламга алмаштырууга алардын эч бир чолосу тийген эмес. Мен болсо тоолук өзүнүн канжарын саклянын дубалына шашпай иле алган учурда, эч кандай жоо элимдин эркиндигин тепсей албай турган учурда туулупмун. Тоолуктун мекени бардык советтик өлкө болуп калды. Ага менин атам, Дагстандын Эл акыны Гамзат Цадаса өзүнүн мыкты ырларын арнаган.

Менин өмүрүмдө анчалык эле өзгөчөлөнгөн эч нерсе жок. Тагдырым жердеш теңтуштарымдын тагдырларына көп жагынан окшош, бирок мен ырларымдын акын досторумдун ырларына окшош болушун эч каалабайм. Мейли, биздин баарыбыздын өмүрүбүздүн бипбирдей түптүз жолу болсун. Бирок биздин ырларыбыз тоолордогу жалгыз аяк жолдордой болөк-болөк кеткени жакшы.

Айылдык толук эмес орто мектепти бүтүп, мен Буйнактагы педагогикалык окуу жайына кирдим. Андан кийин орто мектепте мугалим, авар театрында артист, республикалык гезиттин кызматчысы болуп иштедим. 1950-жылы Москвадагы А.М.Горький атындагы адабият институтун бүттүм. Он беш жыл мурда (1943) авар тилинде меин эң биринчи "Ысык сүйүү жана кайра жанбас жек көрүү" деген аты бийик, бирок ырлары анчалык эле бийик эмес ырлар жыйнагым жарык көрдү. Андан бери менин авар, орус, даргин, лак, грузин, албан, корей жана баика тилдерде отуздан ашык ыр топтомум чыкты. Булардын ичинен негизгилери деп "Менин туулган жылым", "Улуу агам жөнүндө сөз", "Лирика", "Ырлар жана поэмалар", "Тоолуктун мекени", "Тоолук кыз" сыяктуу ыр жыйнактарымды эсептейм. Ыр жаштыктан ажырабайт, ошондуктан менин жаш досторум, ушул ырларымды силерге арнап жатып, мени да өзүнөрдүн курбуңар катары эсептешиңерди каалайм.

Расул Гамзатов. 31-декабрь,1957-жыл.[1]

Акындын мына ушул өзү жөнүндө айткан кыска кебинде эмне деген терең маани жатат. Бул сөздөрдөн окуучулар өздөрүнүн жүрөгүнө да, акыл-эсине да, дүйнө таанымына да акын жөнүндө мугалимдин айтканынан, адабиятчы, сынчылардын эмгектеринен көрө күчтүү таасир алат.

---

[1] *Гамзатов Р.* Собр.соч. в 3 томах. том 1. стихотворения. —М.: Худ. лит. 1963.—С.12—15.

Расул Гамзатовдун " Эне тили" ыры "Менин Дагстаным" лирикалык повестинен алынып, кыргыз тилине Аман Токтогулов которгон. Ошондуктан ырды бүтүн чыгармадан ажыратып үйрөнүү анча натыйжалуу болбосун байкадык. Чыгармадагы акындын тил жөнүндө айткандарына көңүл бурбай, көмүскөдө калтыруунун болбойт. Мына ошол ойлор аркылуу гана акын ырды эмне үчүн жазды, эмнени айтмакчы болду — баарын түшүнүүгө болот.

"Тилди билбей туруп ыр жазам деген адам сууда сүзүүнү билбей эле, күрүлдөп кирип турган суунга бой урган акмакка окшошуп кетет"[1]. "Мейли башкалар биздин саны аз элибиздин тилин жарды дей беришсин. Мен өзүмдүн тилимде эмнени кааласам, ошонун баарын айта алам, өзүмдүн сезимим менен оюмду туюнтуу үчүн мага башка эч бир тилдин кереги жок"[2]. "Мага элдердин тили асмандагы жылдыздардай элестелет. Мен ошол жылдыздардын асмандын жарымын ээлеген өтө чоң жылдызга биригип кетишин каалабайм. Күн жетишет. Бирок жылдыздар да нурун чачышсын. Ар убак ар бир адамдын өзүнүн гана жылдызы болсун. Мен өзүмдүн жылдызымды, автор тилин, жанымдай сүйөмүн"[3]. "Менин жан биргем, авар тилим! Сен менин абдан кыйын күндөрдө да сактаган байлыгымсын, казынамсың, ар кандай дарттан арылтуучу дарымсың. Эгер адам акындын жүрөгү менен туулуп, бирок дудук болуп калса, анда анын төрөлбөгөнү жакшы. Менин жүрөгүм ырларга толо. Менин үнүм да бар. Ал үн — сенсиң менин жан биргем, авар тили"[4]. Чыныгы таланттуу адамдар даанышман да болушат, алар турмуштун кайда бараткандын дароо сезишет. Адамдардын багыты тетири болсо башкалардан мурдараак байкашат, анткени бул жашоодо эмне болуп жаткандын көрөгөч көзү, сергек сезими, боорукер жүрөгү менен кабыл алышат да, акыйкатсыздыкка каршы чыгышат. Каршы чыкканда булар колдоруна курал алышпайт, булардын куралы сөз, жүрөккө жеткен, төбөсүнөн таманына чейин зырп эттирген сөз болот. Ошол көркөм сөз менен адамдарга кайрылат, адамдарга эскертет.

Элүүнчү жылдардан баштап орус тили улуу тил, орус тили илим менен билимдин тили, маданияттын тили, андыктан бул тилди билүү, үйрөнүү ар бир атуулдун ыйык милдети деп жар салынып гана тим болбостон, бул тил аркылуу башка майда улуттардын тилин колдонуудан четтетип, сүрүп чыгуу саясаты жүргүзүлө баштаган. "Караган журтту энчиңе басып алгың келеби? Ал журттун эң

---

[1] *Гамзатов Р.* Собр.соч. в 3 томах. том3.—М.:Худ. литература,1969.—С.41.

[2] *Гамзатов Р.* Собр.соч. в 3 томах. том 3.—М.: Худ.литература,1969.—С.49.

[3] *Гамзатов Р.* Собр.соч. в 3 томах. том 3.—М.:Худ.литература 1969.—С.51.

[4] *Гамзатов Р.* Собр.соч. в 3 томах. том. 3.—М.: Худ.литератур,1969.—С.60.

оболу жазагын отко сал, өтмүшүн ыр кылган, жазак окуган билгилерин жой, ошондо ал журт жыл өткөн сайын көзү жок көгөн, тили жок балык болот, асырап алган бала сыяктуу сени ата деп калат, ошондо сен минсең мал, жумшасаң кул..."[1] Жергиликтүү элдердин тилдерине мына ушундай мамиле жасала баштады. Түпкү улуттун тилиндеги мектептер азайып, орус тилин мыкты билбегендер акырындык менен четке сүрүлдү. Мындай көрүнүш менен атуулмун деген инсандар келише алышпады,өздөрүнүн курч ойлорун айтышты. Булардын биринчи катарында акын-жазуучулар турушту.

"Орус тили-улуу тил, бирок башка улуттук тилдердин ички мыйзам ченемдүүлүктөрүн эсепке албай, ага асыресе орус сөздөрүн болбосо деле сүйрөп киргизе берүүгө болот дегендикке жатпайт. Кыргыз тилинде чыккан областтык эки газетанын аты буга аргасыз жылмайта турган материал болуп бере алат: бири" Ысык-Көл правдасы", бири "Нарын правдасы" деп аталат. Булар менин ар намысыма шек келтирбей койбойт. Айтса-айтпаса, миңдеген жылдарды камтыган тарыхы бар, бирок "акыйкат", "чындык", "адилдик" деген сөзү жок эмне деген калк! Минтип орус тилин мүдүрүлтүп," "правда" деген түшүнүккө тете, маанилеш өндогон сөздөрү бар кыргыз тилине шек келтирүү кимге керек? Канчалык таланттуу жазуучулар эмгектенбесин улуттук адабияттын өнүгүшү элдин жалпы маданий, илим-билим деңгээли өндүү көптөгөн факторлор менен байланыштуу болот. Фрунзеде жүздөгөн мектептер курулганы менен кыргыз мектептеринин саны баягы эле бойдон. Республиканын борборуна кыргыз тилиндеги балдар бакчасын ачууга мезгил небак эле жеткен. Буга эч кимдин каршылыгы жок, ошол эле учурда аракет кылган да эч ким жок, ал эми ушунун баары азыркы шартта элдин жашоосунда олуттуу мааниге ээ болуп отурат. Өзүнүн базасы жок эмне деген улуттук маданият болушу мүмкүн?"[2] Бул дүйнөгө таанымал жазуучубуз Ч.Айтматовдун кечээ эле 1986-жылы сүйлөгөн сөзү.

Ал эми Расул Гамзатовдун "Эне тили" 60-жылдары жазылган. Эки жүз элүү миң эли бар аварлар эмес, төрт миллиондон ашык калкы бар, анын эки миллиондон ашыгы кыргыздар, өзүнчө республика аталган Кыргызстандын 90-жылдарга чейинки акыбалы жогорудагыдай болгондон кийин, көп далилдерди келтирип отуруунун зарылдыгы деле жок. Элдин тилин жоготуу — бул элдин өзүн жоготуу. Муну баарыбыз бир тилге, орус тилине, өтүп кетебиз дегендер

---

[1] *Касымбеков Т.* Келкел". —Фрунзе: Мектеп,1990.—626-б.

[2] *Айтматов Ч.* Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат.—Фрунзе: Кыргызстан,1988.—285-б.

билген эмеспи, албетте, билишкен. Бул империялык таламды көздөгөндөрдүн атайын максаттуу аракеттери болуучу. Ошондо Расул Гамзатов, Чыңгыз Айтматов, Олжас Сулейманов, Төлөгөн Касымбековдорго окшогон ар бир элдин мыкты атуулдары өздөрүнүн көркөм чыгармалары жана курч публицистикасы менен эне тил маселесине кайра-кайра кайрылышып, элдин улуттук аң-сезимин, улуттук сыймыгын ойготууга аракеттенишкен жана белгилүү өлчомдө буга жетише алышкан. "Эне тилин" көрктүү окуганга чейин, мугалим мына ушундай мазмундагы сөз менен киришүүнү баштаганы оң. Бул ырды кабыл алууга окуучуларды психологиялык жактан даярдайт.

"Эне-тили" — котормо чыгарма, ошондуктан акындын ойду берүүдөгү чөз чеберчилигине анчалык эле басым жасай берүүнүн кажети жок. Ыр авар тилинде жазылган. Авар тилинин мүмкүнчүлүктөрүн акын канчалык ыктуу пайдалана алды, ырдын көркөмдүгү кандай, бул бизге белгисиз. Авардын жанын алып жүргөн бул ыр орустун "кийимин", андан "Кыргыздын атын" минди. Албетте, ар бир эл, чоң-кичине эл, өз-өз тилинде сөздү өнүктүрөт. Ар бир эле чоң-кичине элдердин өз-өз тилинде укмуштай бай сөз казынасын түзгөндөрү талашсыз. Бирок ар бир кулпунун өз ачкычы болгондой эле, ошол ар бир тилдин жекече касиетин ачкан өзүнө таандык ачкычтары бар экендиги да талашсыз"[1]. Авар тилинде жазган ырдын "ачкычы" Расул Гамзатовдун өзүндө. Акын эне тилге болгон өзүнүн мамилесин кантип билдирди, окуучулардын көңүлүн мына ушуларга буруу негизги милдет болуп саналат. Ырдын аты эле айтып тургандай, ырдагы борбордук лирикалык образ — бул эне тили. Акындын көңүлүн өйүгөн, жүрөгүн ооруткан, ыр жазууга мажбурлаган да эне тили, эне тилинин абалы. Чоң эл, кичине эл деген болбойт. Саны көп, саны аз эл болот. Бирок санына карап, элди улуу, майда деп, жикке ажыратуу туура эмес. Санына карап, бул көп элдин тили, демек, улуу тил, бай тил, мунун келечеги кең, а бул аз элдин тили,демек, жарды, келечеги жок тил деп бүтүм чыгаруу натуура.

Эне тили... ар бир жандын өз энеси бар. Аны боюна көтөрүп, жарык дүйнөгө алып келип жашоо берген энеси бар. Өңдүүбү, өңү сертпи, ал — ошонун энеси. Эч ким бул менин энем болсун деп өзү тандап албайт. Ал — жараткандын, жаратылыштын эркн. Өз энеңди чанып, башка бирөөнү энем деп телиңгенинг менен, анын каны-жаны башка. Ал эч качан өз энеңди алмаштыра албайт. Эне тил да ошондой. Ал — энеңдин тили, элиңдин тили. Майда тил болбойт, майда адам болот. Майда эл болбойт.., майда адам болот. Эне тили, өз эли-

---

Сыдыкбеков Т. Мезгил сабактары.—Фрунзе: Кыргызстан.1982.—49-б.

нин тили жөнүндө ар бир таланттуу адам өз оюн, өз сезимин билдирүүнү атуулдук милдетим деп түшүнгөн. Расул Гамзатов да — мына ушундай өз элинин чыныгы уулу, чыгаан уулу, таланттуу уулу.

Ыр түш көрүүнү айтуу менен башталат. Түшкө эмнелер гана кирбейт. Кабарын угуп, кадамың жете албаган жерлерде болосуң, канат бүтүп, асман жердин ортосунда чалкып учасың, кыялыңды иш жүзүнө ашырып, кубанычка тунасың, алыс сапарда жүргөн жакындарың менен жүздөшүп, сырдашасың. Сагынычыңды таратасың. Жогуң бар болуп, барың дагы көбөйүп, кочушуң толуп, кыскасы, ой-кыялыңда жок нерселерди көрөсүң. Мындай окуянын болушу мүмкүн эмес, бул болбогон нерсе деп кесе айтып коюу мүмкүн, бирок мындай түш болбойт деп, түштү жокко чыгаруу мүмкүн эмес. Түшкө чын эле эмнелер гана кирбейт. "Эмнелерди көрбөйт адам түшүндө" деп, адам турмушунда болбоочу кандайдыр-бир укмуштуу окуя жөнүндө сөз кыларынан кабар берүүдө. Демек, ырдын кийинки түрмөктөрүндө улантылуучу ой чындык эмес, акын кыялынын фантазиясы экендигин окурман ачык эле көрүп сезет. Бул — бир жагы, экинчи жагы окурманда адам өңүндө көрбөй, түшүндө көргөн кандай кызыктуу окуя-ой айтылар экен деген кызыгууну пайда кылат. Биринчи ыр түрмөгүндөгү биринчи сап лирикалык башталыш болсо, экинчи сап бул башталышты андан ары улантып, тактап, ойго ачыктык киргизип турат. "Өз өлүмүм кирди бүгүн түшүмө". Түшкө эмнелер гана кирбейт. Ар бир эле адам түшүндө өлүм менен аралашып жүрө берет. Бул жаңылык деле эмес, бирок эмне үчүн акын түшүнө өзүнүн өлүмү киргендигин айтып жатат, кандай максатта. Анткени ар кандай көркөм чыгарма кандайдыр-бир себептен улам гана жаралбастан, белгилүү бир максатты да көзгө тутары маалым. Акындын бул ой-максаты ырдын кийинки түрмөктөрүндө гана дайын болот. Өлүм карылыктан, оорудан эмес, кармаштан улам келип, лирикалык каарман көкүрөгүндөгү огу менен Ата журттун ороонундө жатат. Агуудан тажабаган суу кадимкисиндей шаркырап, өз шугу менен агып жатат. Унутулган, эч кимге кереги жок адам жатат тууган жердин кучагында.Анын жанында кошок кошкон адам түгүл, эпеси, досу, жары-эч кимиси жок. Асманда бүркүт айланып, жерде эликтин бышкырганы гана угулат. Мына ушинтип, жапжаш жигит жарык дүйнө менен коштошо албай, кыйналып өлүп бара жатып, эне тили, авар тилинде сүйлөшүп бараткан эки адамдын үнүн кулагы чалат. Маанилүү сөз деле эмес, бирөөлөрдүн куулугу менен болбогон кылыктарын кеп урган сөз. Үзүлүп-үзүлүп угулган эне тилинин керемети менен жарык дүйнө менен коштошуп бара жаткан каарманга жан кирет. Анда ушундай ачылыш болот. Демек, ар кандай дарттан айыктыруучу — дарыгер да, бакшы да эмес, эне сүтү

менен бирге оозанткан эне тили. Мына ушул Дагстандын түзүндө ок кучактап, жан далбастап, бирде эсине келип, бирде эсинен танып, жаны чыгып баратканда күч берген, жашоо берген эне тилин укканга чейин түш болсо, кийинки ыр түрмөктөрү өйдө-төмөнү, жакшы-жаманы, ачуу-таттуусу аралаш өзүбүздүн эле азыркы турмушубузду чагылдырат. Акындын түшү жүрөгүнүн тереңинде жаткан омоктуу ойду айтууга себеп гана болгонун байкайбыз. Ырдагы борбордук лирикалык образ — эне тили экендигин, ырдын ушундай аталышынын негизги себеби да ушул экендигин баамдайбыз. Акындын чеберчилиги ушунда болуп жатат, түш менен реалдуу турмушту мына ушундай айкаштырды ырды окуп аягына чыкканга чейин мунун түш экенин эстен чыгарабыз да, чын эле өлгөндү тирилтүү касиетине эне тили ээ экендигине кадимкидей ишенебиз.Акын авар тилин ырга салып, авар тилине сыйынып, анын кудуретине таазим кылып жатса, биз өзүбүздүн энебиздин тилин эстейбиз, ойлойбуз, көзгө келтиребиз.

"Өз ээсине дабалыгы алардын, ар бир тилдин кудурети ошончо" дегенди өзүбүз айтып, башка тилдер ошол тилде сүйлөгөндөр үчүн даба болсо болор, биз үчүн бир гана кыргыз тили дартыбызга даба, жанылыбызга шыпаа болот деген бекем ишенимге келебиз. Ушул ыр жазылган кезде ошондогу совет өлкөсүнүн тутумундагы бардык улуттарга эң улуу тил орус тили катары таңууланып, бир тилге, орус тилине, өтүү саясаты көтөрүлүп калган болуучу. Орус тилин мыкты билгендердин кадыры көтөрүлүп, окуугабы, белгилүү бир кызматкабы — баарында ушул "улуу" тилди билгендер гана орношуп, түнкүлүктүү калк орус тилин үйрөнүүгө баш-оту менен кирип, кээ бирлери орус тилин экинчи эне тилим деп ачык эле айтып, орус тилинде сүйлөөнү маданияттуулуктун эң башкы көрсөткүчү катары санап калышкан эле. Атасы менен баласы, энеси менен кызы орусча пикир алышып, акын-жазуучулардын балдары атасынын өз тилинде жазган чыгармасын окубай, окуса да, эне тилин билбегендиктен, түшүнбөй, мунусуна арданбастан, мактанып калган кез эле. Мына ушундай орус тилине жапырт сыйынуу учурунда эки жүз элүү миңден бир аз ашыгыраак элдин тилинин келечегине чындап жан күйгүзүп, акын: "эй, адамдар, эсиңерге келгиле. Аз эл болобу, көп эл болобу, ар биринин пешенесине бүткөн тили бар. Андан ыйык эч нерсе жок":

"Эртең тилим жок болору чын болсо,
Анда жакшы бүгүн өлүп калганым," — деп, бир тилге биригүү саясатына келишпес мамилесин билдирет. Акындын негизги ою мына ушул саптардан корунөт. Жоо колунан өзү жалгыз өлүп бара жатты, а бирок тили өлсө, өзүнчө бир тарых-тагдыры, ма-

данияты бар бүтүндөй бир эл өлөт. Ал күндү эч бир адамдын башына салбасын. Өзүңдүн байлыгыңдан айрыл, досуңдан айрыл, өмүрүңдөн айрыл, элиң турса баары ордуна келет, толукталат, табылат, тилиңден ажырасаң, анда баарынан айрылганың. Мындан өткөн оор жоготуу, оор кайгы бул дүйнөдө жок. Акындын ыры окуганды мына ушундай ойго түртөт, мына ушундай сезимди жаратат. Мына ушул ой-сезимди, окуучуларга жеткирүү — адабият мугалиминин башкы милдети. Акын жогорудагы ыр саптары менен токтоп калбай, өз оюн, сезимин андан ары тереңдетет. Саны аз элдин тилинин мүмкүнчүлүгү чектелүү деген түшүнүктү четке кагат. Кептин баары элдин санында эмес, тилдин байлыгында, талантта экендигине басым жасайт. Акын авар тилин ойго алып көзгө тутат, биздин эсибизге өзүбүздүн кыргыз тили түшөт. "Манасты", Молдо Кылыч, Жеңижок, Токтогул, Чыңгыздарды дүйнөгө таанытканы тил кантип эле бечара тил болсун. Кантип эле жогоруда аты аталгандай инсандар дагы жаралбай койсун, кыргыз тили аркылуу кыргызды дүйнөгө даңазалабай койсун деген ойго келебиз. Эне тилге сыйынуу, аны пир тутуу бир эле Расул Гамзатовго таандык сапат эмес экендигин, башка улуттардын акын-жазуучулары, ошонун ичинде кыргыз акын-жазуучулары да бул темага көп кайрылганын айта кетүү, алардын эне тили жөнүндөгү ой-пикирлери менен салыштыра кетүү зарыл.

" Бирге жүрөм, эне тилин кадырлайм,
Бул тил менен иштейм, сүйлөйм, ыр ырдайм.
Башка тилди кандай жакшы көрсөм да,
Эне тилим сүйгөнүмдөн жаңылбайм.
(17.10.1948) .Чолпон-Ата."

Мына ушундагы" башка тилди кандай жакшы көрсөм да" менен Расул Гамзатовдун "ассамблейде сүйлөнбөсө, сүйлөнбөс" деген саптарын салыштырып, окуучулардын ой-пикирлеринин угуу кызыктуу болорун тажрыйба көрсөттү.

" Орус тили жылдызда,
Биздин ушул заманда.
Бирок кыргыз кыргызча,
Сүйлөбөсө жаманда.
Эне тилин билбеген,
Эссиздигин аныктайт.
Эне тилин сүйбөгөн,
Элин сүйүп жарытпайт!"

Мына кыргыздын дагы бир таланттуу уулу Байдылда Сарногоевдин эне тили жөнүндөгү ою, көз карашы, түшүнүгү.

Албетте, же орус, же англис, же француз болуп жаралып калсаң, балким жакшы болмок, бирок авар, кыргыз болуп жаралгандан

кийин өзүндүн элиндин тилин билбөө, чануу түркөйлүк, бул — маданияттуулуктун, билимдүүлүктүн көрүнүшү эмес, арсыздыктын, намыссыздыктын,жоктуктун,маңкурттуктун чыныгы көрүнүшү. Мыкты болсоң, колуңдан келсе, өз элиндин атын эне тили аркылуу дүйнөгө таанытып, даңазала, ошондо сени улуу элбиз дегендердин баары сыйлашат, кадырлашат, сен аркылуу элинди, тилинди урмат кылышат. Мына ушул ой-сезим окуучулардын кан-жанына сиңдирилиши зарыл. Бул үчүн кыргыз акын-жазуучуларынын эне тили жөнүндөгү ырларын, сөздөрүн,макалаларын таптыруу мүнөзүндөгү тапшырмаларды берип, эмне үчүн мына ушул акындын же жазуучунун ой-пикирин тандап алгандыгынын себебин далилдетүү максатка ылайыктуу. Сабак-конкурс, сабак-монтаж, сабак-прессконференцияны уюштуруу да өзүн актайт.

Негизи, эне тилин билүү эптеп-септеп эки ооз сөздү айтуу эмес, өз элинин тарых-тагдырын, адабият, маданиятын, каада-салтын мыкты билүү дегендик экенин жеткирүү зарыл. Аларда өз элинин чыныгы атуулумун деген сезимди калыптандыруу керек. Бала өз эли менен, өз эне тили менен сыймыктангандай, өмүр бою өз элинин ачуу-таттуусун, жеңилиш-жеңишин тең көтөргөндөй болуусуна жетишүү шарт. Төмөндөгүдөй темада сочинение жаздыруу керек. "Эне тилим — ыйык тил". "Мен эне тилимди сүйөмүн". "Эне тил акындардын ырларында". "Эне тилимдин эртеңине ишенем". "Жан биргем, эне тилим".

Алыкул... Азыр бул ысымды жалгыз гана кыргыз журтчулугу эмес, бир четинде күн батса, бир четинде таң аткан, учу-кыйрына көз жеткис шериктеш өлкөлөрдүн сөз кадырын түшүнгөн, аны баалаган ар бир адамы акындын алп талантына, бийик адамгерчилигине, элге-жерге деген ыйык сезимине таазим кылышып, өзгөчө мээрим, терең урмат, ысык сүйүү менен эскеришет. Чынында эле, акын өзүнүн "бир кечеңин жаап өткөн карындай" кыска өмүрүндө "бир четин мүлдө кыргыз көтөрө алгыс ыр килемин" калтыруугa үлгүрдү. Алыкулдун бул "ыр килеми" өңү өчүп, көөнөрүп, күлүк күндүн канатында, учкул мезгилдин уучунда камтылып кетмек турсун, күндү арытып, жылды карытып, миң бир түскө бөлөнүп, куулуп-сулпуруп, таңдантып, миң бир түркүн ойго салып, бир сырын тапсаң, бир сыры калып, бир четин сузсаң, бир чети толкуп, өзгөчө терең да, татаал да, табышмактуу да көрүнүүдө. Мына ушундай чон акындын поэзия дүйнөсүнө мектеп окуучулары V класстан тартып ырааттуу баш бага башташат. Бирок бул класстарда алар акындын айрым ырларын үйрөнүү менен гана чектелишсе, IX класста А.Осмоновдун өмүр, жанөө, акындык милдет жөнүндөгү ырла-

ры менен, Мекенди коргоо темасындагы поэмалары менен таанышып,үйрөнүшөт. Бул ырлар менен поэмаларды өтүүдө, негизи жалпы эле акын-жазуучулардын чыгармаларын үйрөнүүдө, өтүлүп жаткан чыгармалардын ички тыгыз байланышы жана ыраатгуулугу сакталышы максатка ылайыктуу. Бул байланыш жеке эле ошол автордун чыгармачылык эволюциясын камтыбастан, өзүнүн калемдештеринин чыгармалары менен, учурдагы жалпы адабий процесс менен жана өз доорунун проблема-суроолору менен бир бүтүндүктө каралышы абзел. IX класстагы үйрөнүлүүгө сунушталган А.Осмоновдун ырларын өтүүдө эпиграф-тема коюп, окуучулар менен тааныштыруу натыйжалуу экендигин тажрыйба көрсөттү. Эпиграф-тема коюуга, биринчиден, үйрөнүлүүчү чыгармалардын маани-маңызы, мүнөзү жооп берет, экинчиден, эпиграф-темага ылайыктуу ыр-саптары акындын чыгармаларында арбын, үчүнчүдөн, эпиграф-тема сабактын эмоционалдык фонун жаратат, төртүнчүдөн, эпиграф-тема ырды үйрөнүүдө эмнеге көңүл буруу керек экендигин көрсөтүп турат. Негизгиси эпиграф-тема сабактын ички бекем байланышын, ыраатгуулугун камсыз кылат. Акындын аталган класста өмүрүн жана чыгармачылыгын үйрөнүүдө төмөндөгү эпиграф-темалар менен өтүүгө болот.

I эпиграф-тема;"Таза жүрдүм, кастык ишке камынбай,
Адал жүрдүм, арамдыкка малынбай".

II эпиграф-тема:" Эгер чиркин экөө болсо жүрөгүм.
Берер элем бирин ошол адамга".

III эпиграф-тема:" Мен тансам, жаштан танам,
Бирдан танбайм".

IV эпиграф-тема:" Аалам алпы Шекспирдей күч менен,
Ооруп жатам сүйлөшкөнүм билбейсиң".

V эпиграф-тема:"Өлүмдүн кылдан ичке таразасы,
Кылтылдап орто ченде турган кезде".

VI эпиграф-тема:" Адамдын эс-акылын камчыланып,
Замана, кайда зуулап баратасың"?!

"ТАЗА ЖҮРДҮМ, КАСТЫК ИШКЕ КАМЫНБАЙ, АДАЛ ЖҮРДҮМ, АРАМДЫККА МАЛЫНБАЙ

Бул эпиграф-тема акындын өмүрү, чыгармачылыгын үйрөнүүдө коюлат. Бир саат убакыт болүнөт. Бул сабактагы адабият мугалиминин эң негизги милдети Алыкулдун адамдык, акындык, тагдырына болгон окуучулардын кызыгуусун ойготуу болуп саналат. Мында мугалимге бай материалды: анын замандаштарынын,

калемдештеринин эскерүүлөрү, адабият-сынчылардын теориялык изилдөөлөрү жана методист-окумуштуулардын ой-сунуштары берет. Бирок эң негизги материал-акындын өзүнүн чыгармалары. А.Осмонов мыкты акын гана эмес, кең пейил адам да болгон, деги-инкиси начар адамдын мыкты чыгарма жаратышы деле күмөн. Анын ар бир ыры-элди, жерди сүйүүнүн, ага кызмат кылуунун чыныгы үлгүсү. Тагдыр өзүнүн оор соккусун акындан эч бир аябаптыр. Ага оор жоготууну да, айрылуунун күйүтүн да, жакын санаалаштарынын өйдө-төмөн мамилелерин да, кээ бирөөлөрдүн көрө албастыгын да, дабасы табылбаган дартты да, үй-бүлөлүк бактысыздыкты да бериптир. Бирок булардын баары акынды чөктүрө албаптыр, үмүтсүздүк жарата албаптыр. Болот ысык-сууктан чыңалгандай, ал да кайра чыңалып, курчуптур, өжөрдүк менен иштеп, өзүнүн мыкты ырларын жарата бериптир. Элдин сүймөнчүлүгүнө айлануусунун башкы себеби да—мына ушул. Акын жөнүндө өтүлгөн биринчи сабакта кургак фактыларды саноодон көрө, анын чыгармаларына таянып, өмүрү, чыгармачылыгына токтолуу жемиштүү болорун биздин тажрыйба көрсөттү.

II

"ЭГЕР, ЧИРКИН, ЭКӨӨ БОЛСО ЖҮРӨГҮМ, БЕРЕР ЭЛЕМ БИРИН ОШОЛ АДАМГА"

Бул тема экинчи сабакта акындын "Бөбөккө", "Адамзат", "Тирүүлүк", "Ата журт", "Коштошуу" ырларын өтүүдө коюлат да, эки саат убакыт бөлүнөт. Акындын адамга тилеги таза, аруу, дили ак. Ал адамдарды өзүн кандай сүйсө, ошондой, атүгүл өзүнөн да бекем сүйгөн. Алардын ич тарлыгы, көралбастыгы, чыккынчылыгы, пастыгы акындын көңүлүн суута албаптыр. Адамдарды мына ушундай ыпластыктан арылтуу үчүн колунан келгенин да , атүгүл келбегенин да жасоого даяр. Акындын ырлары — адамды сүйүүнүн , адамгерчиликке чакыруунун, көрпендечиликтен кутулуунун жаркын үлгүсү. Жарык дүйнөгө адам болуп жаралып калуунун өзү — кандай бакыт, адамдар пейилиңерди оңдогула, таза болгула , майдаланбагыла, бири-бириңерге ар убак жакшылык кылууга умтулгула. Алыкулдун өмүр, жашоо, ата журт жөнүндөгү өтүлгөн сабактын жалпы сүрөтү мына ушундай болгону абзел.

III

"МЕН ТАНСАМ, ЖАШТАН ТАНАМ, ЫРДАН ТАНБАЙМ"

Бул тема акындын "Мен тансам...", "Өзүмдү өзүм", "Мен — кыргыздын акыны" ырларын өтүүдө коюлат да, бир саат убакыт бөлүнөт. А.Осмонов өмүрүнүн акыркы беш жылында өжөрлүк ме-

нен иштеп, мыкты чыгармаларын: ойго бай, көркөмдүк наркнасылы жогору, таасири күч ырларды, поэмаларды жаратыптыр, ондон ашык пьесаларын жазыптыр, дүйнөлүк классиктердин бир нече чыгармаларын кыргыз тилине которууга үлгүрүптүр. Оорулуу акындын мындай иштемчилдигине, жигерине, демине таң калбай коюу мүмкүн эмес. Мунун себебин табууга, түшүнүүгө аракеттенесиң. Көрсө, акынга дем берген, шык берген бул ырларынын эртеңки өмүрү тура. Көрсө, акын өзүнүн чыгармачылык күчүн, акындык мүмкүнчүлүгүн эң биринчи өзү сезип, өзү бул жарыктыкта көрбөгөн сыйды, урматты ырлары көрөрүнө, эртеби-кечпи ырлары өзүнүн чыныгы баасын аларына көзү жеткен тура. Көрсө, өзүнүн өмүрү кыска болсо да, чыгармаларынын өмүрү узун болорун ачык-айкын түйган тура. Мына ушундан да Алыкулдун адамдык да, акындык да даанышмандыгы даана көрүнөт. Бул сабактын жалпы сүрөтү ушундай болушу зарыл.

IV

"ААЛАМ АЛПЫ ШЕКСПИРДЕЙ КҮЧ МЕНЕН, ООРУП ЖАТЫП СҮЙЛӨШКӨНҮМ БИЛБЕЙСИҢ"

Бул эпиграф-тема акындын "Пушкинге", "Шотага" ырларын үйрөнүүдө коюлат да, бир саат бөлүнөт. Акын дегениң ким? Талант дегениң эмне? Чыгармачылыктын башаты кайда, чеберчиликтин сыры эмнеде? Эмне үчүн көзү тирүүсүндө сый-урматка бөлөнүп, адабият майданынын айдың төрүнөн орун алган көп жазмакерлер көзү өтөөр замат оозго алынбай калат да, көзү барда аты анчалык аталбаган айрым чыгармачыл инсандардын көркөм дөөлөттөрү көкөлөп, калайык-калктын коонорбөс кенчине айланат. Деги чыгармачылык ийгиликтин ачкычы кайда катылган? Эмне үчүн Алыкул Пушкинге, Шотага ыр арнаган? Эмне үчүн дүйнөнү дүңгүрөткөн алптардын чыгармаларына "кыргыз атын" мингизген? Акын үчүн мунун кандай зарылдыгы бар эле? Бул сабакта мугалим окуучулардын көңүлүн мына ушул суроолорго бурганы туура.

V

"ӨЛҮМДҮН КЫЛДАН НИЧКЕ ТАРАЗАСЫ, КЫЛТЫЛДАП ОРТО ЖОЛДО ТУРГАН КЕЗДЕ"

Бул тема акындын "Ким болду экен" поэмасын өтүүдө коюлат да, бир саат убакыт бөлүнөт. Мекен, тууган жер — бул эки нерсе адам баласы үчүн ыйыктын ыйыгы, улуунун улуусу. Куш канатсыз уча албагандай, балык суусуз жашай албагандай, адам да мекенсиз, ата журтсуз күн кечирип, өмүр сүрө албайт. Мекенсиз адамдын көзү күлгөн менен, жүрөгү ыйлайт, төбосу көккө жетсе да, өзөктү

өрттөгөн ачуу армандын өмүр бою коштогону коштогон. Мекен кубанычынан ашкан зор кубаныч, мекен кайгысынан өткөн оор кайгы бул дүйнөдө жок. Ар бир тирүү пенденин башына бүткөн кымбат байлыгы — бул мекен. Өмүрүндү тарттырып жиберишиң мүмкүн. Бирок мекенди тарттырып жиберүү мүмкүн эмес, эл башына кыйынчылык түшкөндө, жан аяган жигитпи деген ой бул поэманы өткөндө сабактын башынан аягына чейин сезилип турганы максатка ылайыктуу.

VI
"АДАМДЫН ЭС-АКЫЛЫН КАМЧЫЛАНЫП, ЗАМАНА, КАЙДА ЗУУЛАП БАРАТАСЫҢ"

Бул тема "Эшимкандын тереги" жана "Өлүп-тирилгендер" поэмаларын өтүүдө коюлат да, эки саат бөлүнөт. Адам дегениң өзү татаал да, жөнөкөй да, кызык да. Анын жакшысы да, жаманы да, билимдүүсү-түркөйү да, акылман-нааданы да, узуну-кыскасы да, семизарыгы да, бүкүрү-түзү да, марты-сараңы да, баатыры-коркогу да болот. "Кой үстүндө торгой жумурткалаган заманда да" адамдардын баарын бирдей ойлонтуп, бирдей билимдүү кылып, бирдей адамдык ён-сапаттарды калыптандырып, баарын телегейи тегиз жанга айландырып жиберүү мүмкүн эмес. Бири бакытка бөлөнсө, бири шорго чөмүлөт. Атамзамандан ушул күнгө чейин ушундай болгон жана ушундай боло берет. Жашоонун бул түбөлүк мыйзамын түптамырынан өзгөртүп жиберүү— таттуу гана кыял. Бирок ар бир инсан бактылуу болуш керек. Адамдын акыл-эси да, ар бир гумандуу коом да мына ушуга жетишүүгө умтулат. Талант күшун көкөлөтө учурган акын да замандын кайда баратканын билгиси келет, суроо коюп, жооп издейт. Кантсе да, келчү күндөр канатына кубанычты, токчулукту, бейпилдикти, кайрымдуулукту, боорукерликти кондурып келерин тилейт, эртеңине үмүттүү карап, адамдарга бакыт тилейт. Тагдыр адамды күлө караса деп эңсейт. Бул сабактын эмоционалдык сүрөтү мына ушундай болушу керек.

Акындын үйрөнүлүүгө сунушталган мына ушул эпиграф темаларынын үчүнчүсүнө кеңири токтолуп кетели.

"Мен тансам, жаштан танам, ырдан танбайм..."

Алыкул Осмоновдун бул ырын эпиграф-тема кылып тандап алуунун бир нече себеби бар. Биринчиден, бул ыр сабактын ушул этабында үйрөнүлөт, экинчиден, акындык милдет жөнүндөгү "Мен — кыргыздын акыны", "Өзүмдү өзүм" ырлары менен үндөш, үчүнчү-

дөн, бул сап сабакта эмне жөнүндө сөз болорунан окуучуларга кабар берет, аларды алдын ала психологиялык жактан даярдайт.

"Мен тансам, жаштан танам, ырдан танбайм..." деген ыр болгону төрт гана саптан турат. Буга эч кандай комментарий берүү кажатсыздай"[1], — дейт бул эмгектин авторлорунун бири Б.Алымов. Чындыгында, окуучулардын кабыл алуусуна кыйынчылык келтиргендей сөз, сөз айкашы, татаал салыштыруу, метафора ырда жок. Баары жөнөкөй, баары түшүнүктүү. Бирок ушул жөнөкөйлүктүн далдасында эмне деген терең ой, терең маани, акындын адамдык да, акындык да дааныштмандыгы жатат. Оомал-төкмөл дүйнөдө баары өнүгөт, баары өзгөрөт. Туулат, адам кетет, муну мындан башкача кылуу мүмкүн эмес. Жашоонун атамзамандан берки мыйзамы — ушул. Деги бул мыйзамга баш ийбеген, убакыт менен мезгилдин күчү жетпеген, алсыздык кылган түбөлүктүү нерселер да болот бекен? Болсо эмне? Ой бешигин терметкен ар бир пенде өзүнө өзү мына ушул суроону берүүгө мажбур болот экен. Буга жооп издеп, жооп табууга аракеттенет экен. Анан зирек инсан өзүнөн өзү деги ата-бабамдан мага эмне калды деп сурайт экен. Караса, Ала-Тоосу, боз үйү, калпагы, комузу калыптыр, "Манасы" калыптыр. Калгандары учкул күндүн уучунда, убакыттын канатында, мезгилдин бүктөмүндө кетиптир. Ошондо, ээ, Ата журт өлбөйт турбайбы, Ата журтту туу туткан эл, анын эмгеги менен руху өлбөйт турбайбы,— деген бүтүмгө келет тура ой бешигин терметкен акылгөй инсан. Көзү ачык, көкүрөгү жарык пенде бул чындыкты аныктап алат тура.

Алыкул Осмоновдун "Мен тансам, жаштан танам, ырдан танбайм..." ыры бул чындыкты акын таанып, билип, жан дүйнөсүнөн өткөрүп, өз өмүрүнүн өтөлгөсүнө айлантканын айгинелейт. Бул ырында акын үч түшүнүктү катар коет: кудай, жашоо, ыр. Жандуу, жансыздын баарын жараткан — бул кудай, жарыктыкта мындан кудуреттүү эч ким жок. Кудай жер бетинде жараткандардын ичинен эң акыл эстүүсү — адам. Адам көп жашап, узак өмүр сүргүсү келет, өлүмдүн кечин тилейт. Адам үчүн эң кызыгы-жашоо да, эң ширини-жан. Ар дайым мына ушундай болгон жана мына ушундай боло бермекчи. Бирок акын бул чындыкка кошулбайт, буга каршы чыгат. Ал үчүн кудай менен жашоодон да ыйыгыраак, улуураак, кымбатыраак нерсе бар. Ал-ыр, ыр-анын өлбөстүгү, ыр — акындын өзүн өзү түбөлүктүүлүккө айландырганы. Бул үчүн ыймандай сырын ырга айтып, ырына ак сүйлөп, ырында ак жашаш парз экендигин акын эң сонун түшүнөт". Жан кейиткен оорудан алсырап чарча-

[1] *Алымов Б.* Кыргыз совет адабиятын окутуунун методикасы.—Фрунзе: Мектеп,1981.—107-б.

ган. жедеп жадаган, өмүрдүн бүткөнүнө, жашоо күнүнүн түгөнгөнүнө көзү жеткен акын гана ушундай сезим титиретип жаза алмак. Акын жеке трагедиясын жаап-жашырбайт. Бирок ыр анын өмүрүнүн ушул чегин, ушул учурун гана сүрөттөп чектелбейт. Акын кенири философиялык тыянакка, синтезге кайрылат"[1], — деп жазат белгилүү адабиятчы К.Асаналиев акындын "Өзүмдү өзүм" ыры жөнүндө. 1943-жылдын 28-октябрында Чолпон-Атада "Өзүмдү өзүм" аттуу ыры жаралат. Эки жылдан кийин акын дүйнөдөн кайтат. Бир караганда бул цифралар окуучулар үчүн анчалык деле маанилүү эместей байкалат. Бирок дал ушул ырында акын өзүнүн бүт өмүр жолун акыл таразасына салып, көз алдынан чубатып өтүп, анан бүт чыгармачылык ишинин жыйынтыгын чыгаргандай"[2],— авторлордун бири проф. Б.Алымовдун бул байкоосу — адилет. Чындыгында, акындын чыгармачылыгын көңүл коюп караган адам окуганды кайдыгер калтырбай, бирде тамшантып, бирде умсунтуп, түркүн-түс ойго салып, ар түрдүү маанай жараткан ырлары,поэмалары, котормолору 1940-жылдан 1948-жылга чейин жазылганын көрөт.Эл аралоо, эл казынасына кызыгуу, аларды топтоо, иштеп чыгуу да ушул убакка туура келет. Бирок акындын чыгармаларынын маани-маңызын, көркөм ойлоосунун өзгөчөлүгүн, чындыкты көркөм таануусунун Алыкулга гана таандык ыкмасын, анын себебин кылдат талдаган, калыс, адилет пикирлер айтылган эмес. Албетте, буга белгилүү өлчөмдө учурдагы көркөм табиттин чектелгендиги болсо, негизги себеби "коомдо жашап туруп, коомдон четте калууга мүмкүн эмес". "адабият—партиялык иштин бир бөлүгү" деген көрсөтмөлөр, жоболор болгон. Ар кандай чыгарманын "жаны жана нерви" анын идеясы деп каралгандыгында болду.

Албетте, ар бир сүрөткер, ар бир чыгармачыл адам эч кимге айтпаганы менен өзүнүн ким экендигин, өзүнүн акындык же жазуучулук дараметинин канчалык экендигин, өзү жараткан көркөм дөөлөттүн. баалуулугун башкаларга караганда да жакшы билет. Алыкул Осмонов да өзүнүн ким экендигин, акындык арымын, чыгармачылык өмүрүнүн баасын туйган, бирок ал —биз көзү тирүүсүндө сыйлай албаган алп талантардын бири. Бекеринен акын Шота, Пушкин, Шекспирлер менен сүйлөшкөн эмес. Бекеринен "ырына калп айтпоого" умтулбаган, калптын өмүрү кыска экендигин ал мыкты түшүнгөн, калемдештеринин, замандаштарынын, ке-

---

[1] *Асаналиев К.* Өрдөн өрго.—Фрунзе:Кыргызстан,1977.—91-б.

[2] *Алымов Б.* Кыргыз совет адабиятын окутуунун методикасы.—Фрунзе: Мектеп,1981—109-б.

лечек муундардын алдында жер карап, уяттуу болгусу келген эмес. "Өзүмдү өзүм" ыры—мунун ачык далили.

Ушул ырды үйрөнүүдө " ырдын жаралган убактысына көңүл бөлүү зарылдыгын"[1] белгилейт проф. Б. Алымов. Буга кошумчалары бызмына ушул 1948-жылдын 28-октябрында акын бул ырынан башка "Ден соолук", "Жүзүм айы", "Жаз" жана анын поэзиясынын шедеврлеринин бири катары бааланып жүргөн "Музыка" деген ырын да жаратыптыр. Окуучулардын көңүлүн буга, сөзсүз, буруу керек. Анткени акындын мына ушул аты аталган ырлары кандайдыр-бир деңгээлде "Өзүмдү өзүм" ырынын жазылышына түрткү болгондой. Акындын ырларына көз жүгүртсөң, жыл мезгили жөнүндө жазган ырлары бир топ. Ушулардын ичинен жаз менен күзгө арнагандары арбын. Демек,жылдын мына ушул убактарын акындын жакшы көрөрүн сездирет. Музыка акын үчүн эмне экендигин "Музыка" ырындагыдан башкача биз айталбайбыз. Мына ушул өзүнүн жан дүйнөсүн ээлеген аялуу, кымбат нерселер жөнүндө ыр жазып жатып, акын баш-аягы чексиз ааламды, кайгысынан кубанычы, ачуусунан таттуусу көп жашоо, андагы адам баласынын, мунун ичинде өзүнүн тагдырынын кечээгисин, бүгүнүн, эртеңин ойлоп, өзү менен өзү ак, түз сүйлөшүп, жан дүйнөсүндөгү ой-сезимди өзү менен өзү бөлүшкөн көрүнөт. Ошондуктан ырын "Өзүмдү өзүм" деп атаса керек. Ырдын аталышына окуучулардын көңүлүн буруу максатка ылайыктуу. Мына ушуга таянуу менен ырды талдоону алып баруу натыйжалуу болорун тажрыйба ырастады.

Ырдагы башкы лирикалык образ—акындын өзү. Ырда акын өзүнө өзү баа берет. Бирде өзүн үйдө жаткан учурунда көрөт. Дабасы табылбаган дарттан улам жоро-жолдоштору менен ээн эркин басып, бир берилген өмүрдүн жыргалын таталбай, эртеңине умутсуз карап, ээн үйдө жапа-жалгыз, оору менен алпурушкан бечара жанды көрөт. Он гүлүнөн бир гүлү ачыла элек, көргөнүнөн көрө элеги көп, ишетсе ишке, ичсе, ашка тойбой турган чагында эле бүткөн тура деп аяйт. Тагдыр бул сенин не деген таш боордугуң, ар дайым сыртыңды салбай, кээде күлө карасаң боло деп жалооруйт. Бирок эч кандай ырайым болбосуна көзү жетип, көңүлү сынат, жүрөгү музdайт.

Бирде өзүн көчөдөн карайт. Жашоонун таттуулугуна ыраазы болгон, жүзүнөн нур чачкан, келберсиген сулуулардын көңүлүн өзүнө буруп, турпатынан жаштык күч сезилип турган пенде эмес.

---

[1] *Алымов Б.* Кыргыз совет адабиятын окутуунун методикасы.—Фрунзе: Мектеп.1981.—109-б.

эти этине эптеп илинип, сүлдөрү гана калган жанды көрөт. Ойносо оюнга, күлсө күлкүгө тойбой турган чагында эле дабасыз дарттын сыйыртмагына илинип, андан кутула албасын сезип аяйт.

Бирде өзүн уктап жатканда карайт. Мында деле жүрөк кубанарлык нерсе көрбөйт. Тирүү экендиги анда-санда дем алганынан эле байкалбаса, өлүк кейпиндеги бир сөөк жатат. Мына ушул ыр түрмөктөрүнө чейин акын өзүнө өзү ден соолугу таза, эч нерседен кемы жок пенденин көзү менен карайт. Бул чекиттен караганда акын дарттан чүнчүгөн, андан кантип аяксам деп убайымга чөккөн, кылдыр-сылдыр этип күн өткөнүнө ыраазы болуп жашаган тирүү өлүк катары элес калтырат. Бул көрүү чекити — көрпенденин көрүүсү, мына ушундай көрпенденин акын жөнүндөгү оюна жооп кылып, Алыкул "Жамандоо", "Катыңа жооп" ырларын жазган. Бул көрпенделер акынды бечара жан катары көрүшүп, аяшкан.Алыкулдун жан дүйнөсүн ээлеген ой-сезимди, анын кайталанбыс керемет талантын көрүүгө аларда көз кайда да, сезүүгө назик жүрөк кайда?!

"Өзүмдү өзүм" ырынын кийинки түрмөктөрүндө акын өзүн башка чекиттен карайт. Өзүн өлгөн кезден кийин караса, таптакыр башка. Жеке пенделик тагдырындагы өйдө-төмөн: ата-эненин мээримин көрбөй чоңоюу, жигит курагында сүйүүдөн жолу болбоо, баш кошкон жарынын чыгыштык кылышы, жанынан артык көргөн наристе Жыпарынын чарчап калышы, досторунун, санаалаштарынын ой-терс мамилелери, айыкпас дарт, чыгармачылыгынын чыныгы өз басын албашы — баары анын акындык арымына бут тосо албаптыр. Жеке турмушундагы жоготуулар жакшы ырлар жазылышына тоскоолдук кыла албаптыр. Ошондуктан өз тагдырына ыраазы болгон, жүзүнөн нур төгүлгөн пенде жатыптыр табытта. Көзү жумулгандан кийин өзүнө,өзү жараткан керкөм дөөлөткө тирүүлөрдүн мамилеси түп тамырынан өзгөрөрүн даанышмандык менен көрүптүр акын.

Чын эле ошондой болду. Акындын көзү өтөр менен не деген мактоо создөр айтылбады. Ошондо акындын өзүнүн:

"Көзүм барда дурус деген сөз укпай,
Көзүм жокто сонунуңду не кылам?! — деген ыр сабы көңүлгө кылт дей түшөт. Адамдар адамдын кадырына, баркына тирүүсүндө жетсек жакшы болбойбу, тирүүсүндө эле сыйлап албайлыбы деген мотив акындын ыр, поэмаларында көп кайталанат.

"Адамзат көзү барда көп байкалбай,
Жок болсоң, " кайран ай"деп сагындырар..."
Адамзат тирүү жүрсөң көңүлгө албай,
Жок болсоң " аттиң ай" деп арман кылар..."

Бул саптар акындын өзүнүн жан дүйнөсүндө бышып, андан кийин гана атылып чыккандыгын айгинелеп жаткан жокпу?!

"Менде жок арманды угар тууган,досум,
Жана да өнөр билген жан жолдошум...
Кантейин жаратканга айтарым бар,
Артымда атымды айтар заман болсун." — бул Толубайдын сөзү менен айттырып турган Алыкулдун өзүнүн ою, тилеги эмеспи?!

"Өзүмдү өзүм" ырынын жыйынтыгында акын өзүн бир кылымдан кийин карайт. Мезгил баарына калыс, ар кандай инсандын акылынын, талантынын чыныгы баасын мына ушул мезгил берет. Мезгилди алдаш,арбаш менен токтотуп, жагыныш мүмкүн эмес. Кылым карыткан сапарын улаганы улаган. Акырындык менен бардык персени өз-өз ордуна коет. Не деген замандар өттү, не деген адамдар, таланттар өттү? Кимдердин аты калды? Келдибектин, Сагынбайдын, Жеңижоктун, Токтогулдун, Барпынын аттары, ырлары калды.

Акын өзүн бир кылымдан кийин караса, ырчымын дегендердин көбүн Толубайдын бозундай " өз чаңына" көмдүрүп таштаптыр. Акындын руху, жаны ырларына өтүптүр. Өлбөскө айланыптыр. Сөз кадырын билгендер, түшүнгөндөр анын талантына таазим кылып жатыптыр. Көрсө, Алыкул мыкты акын гана эмес, даанышман жан да экен. Акындын көзү өткөнгө жарым кылымдай убакыт өттү. Бул мезгилдин ичинде анын ырларынын өңү өчүп, маани-маңызын жоготмок турсун, бир сырын ачсаң, бир сыры калып, миң түркүн кубулуп-кулпуруп, окуган жанды "бах" дедиртип тамшандырууда.

Бул ырда борбордук лирикалык образ — акындын өзү. Мында ырларынын эртеңи түрмөктөн түрмөккө улам күчөтүлүп отурат. Ар бир түрмөктө бул "Мен өзүмдү...карасам" деген ыр сабынын кайталанышы менен жүзөгө ашат. Кароонун чеги уламдан улам кеңейтилип, ушул аркылуу ырдагы башкы лирикалык образ да тереңдетилип отурат. Адегенде үйдөн, андан кийин үйдөн көрө кеңири мейкиндикти ээлеген көчөдөн, кийин адамдын бир абалдан экинчи абалга өтүү учуру болгон уйкуда жатканда, өлгөндө карайт.

Мында "Мен өзүмдү...карасам" деген ыр саптары мурдагы ыр түрмөктөрү менен кийинки ыр түрмөктөрүндөгү ойдун байланышын жана тереңдешин камсыз кылып турат. Ырдын композициясы тепкич формасында курулган, улам бир тепкичке чыккан сайын акындын образы биздин көз алдыбызда жогорулап, кол жеткис болуп бийиктеп турат. Ырда негизги басым акыркы түрмөккө коюлган. Адам тарыхы кылым менен өлчөнөрү белгилүү. Тарыхтан буга мисал көп. Мына ушул кылым да акындын ырынын алдында алсыз. Мына ушул даанышмандык ой кароо чегинин кеңейтилип отурушу

менен окурманда бекемделет. Ырда акын кайчы, аттама уйкашты колдонгон:

Мен өзүмдү үй сыртынан карасам,(а)
Күрс-күрс эткен оор жөтөл үн чыгат.(б)
Бүткөн экен кайран өмүр, кайран жан,(а)
Деп жалооруп, көңүлүм шондо бир сынат.(б)

Биринчи саптагы аяккы сөз менен үчүнчү саптагы аяккы сөз, экинчи саптагы аяккы сөз менен төртүнчү саптагы аяккы сөз тыбыштык жагынан окшошуп турат. Окуучулардын мурда алган уйкаштык жөнүндөгү түшүнүктөрүн ушинтип бекемдеп кетүү зарыл. Ырдагы башкы лирикалык образды кабыл алуусун, түшүнүүсүн тереңдетүү үчүн төмөндөгүдөй суроолорду берүү натыйжалуу экендигин тажрыйба көрсөттү.

Ыр эмне үчүн "Өзүмдү өзүм" деп аталыптыр? Ырдан акындын маанайы сезилеби, ырда көп кайталанган сөз, же сөз айкашы кайсы, кайталоонун максаты эмне? Акын эмне үчүн өзүнө, өзүнүн ырларына он баа берип, келечегине ишенимдүү карайт? Мындан башка кайсы ырларында мына ушул тема чагылдырылган?

Үйгө төмөндөгүдөй мазмунда тапшырма берүү керек. Ырды коркторуу окууга даярдагыла. "Өзүмдү өзүм" ырына мааниси жакын акындын башка ырларын тапкыла. "Акын жана мезгил", "Алыкулдун ырларын мен эмне үчүн жакшы көрөм", "Акынды мен кандай адам деп элестетем?, "Алыкулдун мага жаккан ыры" деген сыяктуу сочинениелерди сунуштоо менен сабакты жыйынтыктаса болот. Мына ошондо гана: "...Алыкул менин сүйүктүү акыным болуп калды. Анткени акын ырына эч качан жалган айтпайт экен, ал эми ырына жалган айтпоону мына бизге, окурмандарга, жалган айтпоо деп түшүнөм..." "...Мен акындын чыгармалары менен жакындан таанышкандан кийин ушундай ойго келдим. Чыныгы чоң талант үчүн чоң тема, майда тема деген болбойт экен. Көрсө, бизди курчап турган дүйнөнүн баары ыр тура, болгону көрөгөч көз, сезимтал жүрөк, терең акыл зарыл экен..." "...артында түбөлүк өчпөс из калтырыш үчүн өзүң тандаган ишке бүт өмүрүңдү арнап, жан дилиң менен эмгектенишиң керек экен. Мындай кылбаса акын ушул бийиктикке жете алмак эмес..." ...чын эле биз таланттарды баалап, алардын кадырына жете албайбыз. Көзү барда акылыбыз жетпейби, же ич тарлык кылабызбы жакшы жагын айтпай,кемчилигин табууга аракет кылабыз. Өтүп кеткенден кийин дүңкүлдөтүп мактап, мааракелерин өткөрүп,тойлойбуз. ОшондоАлыкулдун "Көзүм барда дурус деген сөз укпай, көзүм жокто сонунуңду не кылам?" — деген саптары эсиме түшүп өкүнтөт," "...мен акындын ырларын жакшылап түшүнгөндөн кийин, өзүмдүн айылымды, ата-энемди, бир тууганда-

рымды, классташтарымды — баарын-баарын жакшы көрүп калдым. Колумдан келишинче жакшылык кылуу сезими пайда болду..." "... таланттуу адамдар коргоосуз болушабы, эмне?! Карасаң, көбүнүн эле өмүрү кыска. Бул эмне баарын жүрөгү менен кабыл алып, жүрөгү менен сүйүп, жүрөгү менен ыйлаганданбы?! Же ар бир жакшы ыр акындын өмүрүн сурайбы, жанын сурайбы?!..."

Бул үзүндүлөр окуучулардын сочинениелеринен. Өспүрүмдөрдүн назик сезимдерин жарып чыккан ой, туюмдар. буларды күүгө келген комуздай абалга мугалимдин жогорудагыдай ыраатуулукта өткөн сабактары гана алып келет.

КОРУТУНДУ

Адабият программасында (1996) V—VIII класстарда лирикалык чыгармаларды үйрөнүү үчүн 80 сааттан ашык убакыт бөлүнгөн. Мына ушунун өзү эле мектепте лириканы үйрөнүүгө канчалык маани берилерин кашкайтып көрсөтүп турат. Албетте кеп сааттын көптүгүндө гана эмес, мына ошол сааттар кандай пайдаланылды — кеп мына ушунда. Акындын кайталангыс талантынын күчү менен жаралган көркөм дөөлөттөр окуучулардын жүрөгүнө жеттиби, алардын кызыгуусун арттырып, көңүл күшун көкөлөтүп, сүрөткерге, анын чыгармачылыгынын сырдуу дүйнөсүнө аралаштыра алдыбы — бул суроолор ар бир адабиятчы мугалимдин көңүлүндө туруусу абзел. Мына ушул проблемаларды чечүү, жүзөгө ашыруу үчүн тынбаган изденгич эмгек талап кылынат. Бул үчүн мугалим өзү лириканын табиятын, анын дүйнөнү көркөм чагылдыруу өзгочөлүгүн, акындык ой туюмдун башатын, чыгармачылык эргүүсүнүн себебин гана билбестен, өзү окуткан балдардын психологиясын, куракка таандык бөтөнчөлүктөрдү, үй шарттарын жакшы билүү менен гана чектелбей, көркөм дөөлөттү, наркты төкпөй-чачпай, ички угут-өнүмү, кайноосу, тереңдиги менен жеткирүүнүн жол-ыктарын, амалдарын мыкты өздөштүрүүсү зарыл. Албетте, мында жеке билим, инсандык касиет, изденүү чоң мааниге ээ болору талашсыз. Бирок башкалардын бай тажрыйбаларын, табылгаларын, таамай байкоолорун үйрөнмөйүн педагогикалык чеберчиликтин татаал маарасына жетүү да кыйын.

Колуңуздардагы чакан эмгекте биз айрым акындардын К. Акыевдин " Жер кепеде өткөн күнүн" (VII), С. Жусуевдин "Алаканын (V), Б. Сарногоевдин "Бешигим — Мекенин" (VI), Р. Гамзатовдун " Эне тилин" (VII) жана А. Осмоновдун "Өзүмдү өзүмүн" VIII класста окутуунун жол-жобосуна, ыктарына, мүмкүн болушунча, кененирээ-

эк токтолдук. Мындай жанрдагы чыгармаларды талдоонун илимий-методикалык негиздерин иштеп чыгууга аракеттендик. Аталган чыгармаларды тандап алышыбыздын өз себеби бар. Биринчиден, бул ырлардын көркөмдүк касиеттеринин жогорулугу, аларды жараткан сүрөткердин акындык чеберчилиги. Сөз менен иштей билүүсү, ойду ары ыңгайлуу, ары таасирдүү бере алгандыгы болсо, экинчиден, программа сунуш кылган бул ырлар бири-бирин тематикалык жагынан кайталабайт. Эң негизгиси ал лирикалар акын деген ким? Акындык деген эмне, жакшы ыр кандай болот? — деген сыяктуу окуучуларды кызыктырган суроолорго жооп берүүгө жана алардын поэзия жөнүндөгү түшүнүктөрүн тереңдетүүгө жакшы өбөлгө түзө алгандыгы болду. Ал эми К. Акыевдин "Жер кепеде өткөн күн" ыры элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүсү катары, коом таанытуучулук, таалим-тарбиялык мааниси эске алынуу менен талданып үйрөнүлдү.

Ортоңку класстарда мына ушул ар кандай тематикадагы ырларды талдоонун биз жогоруда сунуштаган жол-жоболору, ыкмасы-усулдары, оптималдуу амалдары, дегеле, лирикалык чыгармаларды орто мектептерде үйрөнүүгө илимий-методикалык негиз болуп бере алат.

ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР

Абдыкеримов М.,Жакишев Ө. Адабият (V класстар үчүн).—Фрунзе: Кырмамбас,1937.—136 б.

Адабияттык окуунун программасы.YYV—VIII кл. үчүн.—Фрунзе: Кырмамбас,1947.—64 б.

Айтматов Ч. Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат.—Фрунзе: Кыргызстан,1988.—285 б.

Айыл-кыштак башталгыч мектебинин пыргырамы.—Фрунзе: Кырмамбас,1932.—40 б

Алымов Б. Кыргыз совет адабиятын окутуунун методикасы.—Фрунзе: Мектеп,1981.—219 б. 1-китеп.

Алымов Б., Сыдыков Н. Кыргыз адабияты боюнча программага жаңы кирген чыгармаларды окутуу.—Бишкек: Мектеп,1992.—120 б.

Алымов Б. Кыргыз адабиятын (1920—1990-жж) мектепте окутуунун илимий-методикалык негиздери.YYИлимий доклад. п.и.д. үчүн.—Бишкек,1994.—70 б.

Алымов Б. Кыргыз совет адабиятын окутуунун методикасы.—Фрунзе: Мектеп,1984.—334 б. —2-китеп.

Артыкбаев К., Исаков Б. У класста Биздин адабиятты окутуунун методикалык колдонмосу.—Фрунзе: Мектеп,1988.—95 б.

Асаналиев К. Өрдөн өрго.—Фрунзе: Кыргызстан,1977.—211 б.

Белинский В.Г. Собр. соч.в 3 т.—Т.2. —М.: Худ. литература, 1948.—С.287.

Бобулов К. Адабият жана мезгил.—Фрунзе: Кыргызстан,1973.—195 б

Гамзатов Р. Собр.соч. в 3 томах, том. 3. —М.:Худ. литература 1969.

Гинзбург Л. О лирике. 2-е изд., доп. —Л.: Советский писатель. 1974.—С.407.

Голубков В.В. Методика преподавания литературы.—Учпедгиз. 1963.—С. 495.

Касымбеков Т. "Келкел". — Фрунзе: Мектеп,1990. —626 б.

Крутецкий В.А. Психология обучения и воспитания школьников.—Москва: Просвещение,1976.—С.303.

Кыргыз тилинин жана адабиятынын программасы.YYV—XI кл. үчүн. —Фрунзе: Мектеп,1989. —143 б.

Маленов Б., Саадабаев А. Биздин адабият. YYV класс үчүн.—Фрунзе: Мектеп,1969.—398 б.

Матиев К. Рух кумарынан бүткөн муза. YYКырг. мад. —1992.—8-январь.

Молдовская Н.Д. Литературное развитие школьников в процессе обучения. —М.: Педагогика,1976.

Момуналиев С. V—VIII класстарда лирикалык чыгармаларды окутуунун теориялык жана практикалык негиздери. УУПедагогика илимдеринин кандидаттыгы окумуштуулук даражасын изденүү диссертациясынын кол жазмасы.—Бишкек, 1995.—170 б.

Никифорова О.И. Психология восприятия художественной литературы.—М.:Книга,1972.

Поспелов Г.И. Лирика М.: Изд. Московского университета, 1976.—С.208

Роткович Я.А. Очерки по истории преподавания литературы в русской школе.—М.:Просвещение,1953.—С.335.

Рыбникова М.А. Очерки по методике литературного четния.—4 изд.—М.: Просвещение,1985.—С. 288.

Сыдыкбеков Т. Мезгил сабактары.—Фрунзе: Кыргызстан, 1982.—49-б.

Томашевский Б. Стих и язык (Филолог. очерки).—М.—Л.—Советский писатель,1959.

Укаев К. Ыр нөшөрү.—Фрунзе: Кыргызстан,1982.

Эралиев С. Сага айткан сыр.УУ"Ала-Тоо" журналы,1991.—№ 9—10. —110-б.

Эркебаев А. Азыркы учур жана кыргыз поэзиясы.—Фрунзе: Кыргызстан, 1980.—138 б

Язовитский Е.В. Выразительное чтение как средства эстетического воспитания.—Л.:Учпедгиз.1963.

МАЗМУНУ

КИРИШҮҮ.....3—7

Биринчи бап
КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫНДАГЫ ЛИРИКАНЫ ҮЙРӨНҮҮ ПРОБЛЕМАСЫНЫН ПЕДАГОГИКАЛЫК-ПСИХОЛОГИЯЛЫК ЖАНА МЕТОДОЛОГИЯЛЫК ЖАКТАН НЕГИЗДЕЛИШИ

§ 1. Лирикалык чыгармаларды үйрөнүүнүн кыскача тарыхы жана окуу программалардан, окуу китептеринен алган орду.....8—22

§ 2. V—VIII класстын окуучуларынын ырды кабыл алуу өзгөчөлүктөрү жана мектепте лириканы үйрөнүүнүн учурдагы абалы.....22—30

Экинчи бап
V—VIII КЛАССТАРДА ЛИРИКАНЫ ҮЙРӨНҮҮНҮН ИЙКЕ ЫКМАЛАРЫ

§ 1. Лириканын жанрдык өзгөчөлүгү жана аны үйрөнүүдө көңүл бөлүүчү маселелер.....31—38
§ 2. Лириканы окутуудагы сабактын этаптары жана аны уюштуруунун жолдору.....38—64

Үчүнчү бап
V—VIII КЛАССТАРДА АЙРЫМ ЛИРИКАЛЫК ЫРЛАРДЫ ТАЛДООНУН МЕТОДИКАСЫ

§ 1. Эл акындардын ырларын талдоонун айрым маселелери.....65—72
§ 2. V—VIII класстарда ар кандай тематикадагы ырларды талдоонун тажрыйбасынан.....72—110

КОРУТУНДУ.....110—111

ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР.....112—113

Окуу-методикадык басылма

****

Бек Алымов,
Сатканбай Момуналиев
ЛИРИКАЛЫК ЧЫГАРМАЛАРДЫ ОКУТУУ
V—VIII класстардын материалдарынын негизинде.УУКыргыз тили жана адабияты адистигиндеги студенттер менен мектеп-мугалимдери үчүн окуу куралы.—Ош: ОшМУ, 1998. —112 б.

****

Учебно-методическое издание

Бек Алымов,
Сатканбай Момуналиев
ИЗУЧЕНИЕ ЛИРИЧЕСКИХ ПРОИЗВЕДЕНИЙ
На основе материалов V—VIII классов.УУДля студентов-филологов и учителей кыргызского языка и литературы.
—Ош: ОшМУ, 1998..—С.112

Учебное пособие опубликовано по решению Ученого Совета Ошского государственного университета и одобрено экспертной комиссией по изданию учебников и учебных пособий при Министерстве образования, науки и культуры Кыргызской Республики.

Спец редактор: к.ф.н., доцент Абдиманап Жалилов.

Рецензенты: А. Садыков — член-корр. НАН Кыргызской Республики, д.ф.н., профессор
К. Асаналиев — д.ф.н., профессор
Ж. Шериев — к.ф.н., профессор,
Б. Апышев — к.п.н., профессор

Окуу басылмасы

Алымов Б., Момуналиев С.

Лирикалык чыгармаларды окутуу

Окуу куралы

Редактору - *А. Жалилов*

Тех. редактору - *Ж. Кубатбеков*

Корректору - *Ш. Шатманова*

Басууга: 15.06.98ж. кол коюлду. Кагаздын форматы 60x84. 1-16. Заказ №2782. 7 басма табак. Нускасы 5000. Офсеттик ыкма менен басылды.

Ош областтык басмаканасы. Курманжан - датка көчөсү 209